Интеллектуалдык менчиктин негиздери: окуучулар үчүн суроолор жана жооптор

Кытай улуттук интеллектуалдык менчик башкармалыгы (CNIPA)

国家知识产权局
NATIONAL INTELLECTUAL PROPERTY ADMINISTRATION, PRC

WIPO
ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК УЮМУ

Эгер башкача көрсөтүлбөсө, бул чыгарма 3.0 МПО авторлугун көрсөтүү менен Creative Commons лицензиясынын негизинде берилет.

Пайдалануучу маалымат булагы катары ИМБДУга шилтеме кылган жана түпкү контент өзгөргөнүн так көрсөткөн шартта, ачык макулдугу көрсөтүлбөстөн, бул жарыялоонун контентин анын ичинен коммерциялык максаттар үчүн дагы кайра чыгарууга, жайылтууга, ыңгайлаштырууга, которууга жана эл алдында аткарууга укуктуу.

Библиографиялык шилтеменин сунушталган форматы: CNIPA (2019). Интеллектуалдык менчиктин негиздери: студенттер үчүн суроолор жана жооптор. Пекин жана Женева: Кытай улуттук интеллектуалдык менчик башкармалыгы жана Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму.

Эгер Уюм тарабынан бул документтер бекитилбесе жана аныктыгы текшерилбесе, ыңгайлаштырылган жоромолунда/котормосунда/туунду чыгармаларында ИМБДУнун расмий эмблемасын же логотибин коюуга уруксат берилбейт. Уруксат алуу үчүн Уюмдун веб-сайтынан ИМБДУга кайрылууңуздарды суранабыз.

Кандай болбосун туунду материал төмөнкүдөй укуктук эскертмени камтышы керек: "ИМБДУнун катчылыгы түпкү контентти кайра түзгөндүгү же которгондугу үчүн жоопкерчиликтүү эмес".

Эгер ИМБДУ жарыялоочу контент, мисалы: сүрөттөр, диаграммалар, товардык белгилер же логотиптер үчүнчү жактын карамагындагы чөйрөгө тиешелүү болсо, анда бул контентке укук ээсинен/ээлеринен уруксат алуу үчүн бардык жоопкерчилик пайдалануучуга тиешелүү.

Бул лицензиянын нускасы төмөнкү дарек боюнча жайгаштырылган:
https://creativecommons.org/licenses/by/3.0/igo//

Ушул жарыялоодогу колдонулуучу белгилөөлөр жана материалды баяндоо ИМБДУ тараптан кайсы болбосун өлкөнүн, аймактын, шаардын же райондун, же алардын бийликтеринин укуктук статусуна байланыштуу, же алардын чек араларын делимиттөөгө байланыштуу кандайдыр бир пикирди билдирбейт.

Бул жарыялоо ИМБДУнун мүчө-мамлекеттеринин жана Катчылыгынын көз карашын билдирүүгө багытталган эмес.

Кандайдыр компанияларды же белгилүү бир өндүрүүчүлөр чыгарган продуктуларды эскерип баяндоо ИМБДУ аларды колдойт же башкаларга сунуштайт жана жарыялоодо аталбаган башка ушу сыяктуу компанияларга же продуктуларга караганда аларга артыкчылык берет дегенди билдирбейт.

© CNIPA жана ИМБДУ, 2019

Кытай улуттук интеллектуалдык менчик башкармалыгы, No. 6, Xitucheng Lu, Jimenqiao Haidian District, Beijing City. 100088 China

Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму, 34, chemin des Colombbttps, P.O. Avenue Appia 18, CH-1211 Geneva 20, Switzerland

ISBN: 978-92-805-3072-8

3.0 МПО авторлугун көрсөтүү менен лицензия (CC BY 3.0 IGO)

Мукаба: Getty Images / beer5020 - Chalffy

Кыргызпатент тарабынан которулуп басып чыгарылган, 2020

Мазмуну

Кириш сөз 8

Кыскартуулардын тизмеси 10

Интеллектуалдык менчиктин негиздери 12

1. ИМ системасы эмне үчүн керек? 13
2. ИМ деген эмне? 14
3. ИМ кандай категорияларга бөлүнөт? 14
4. ИМдин мүнөздөмөсү кандай? 14
5. ИМдин өзгөчөлүгү деген эмне? 14
6. ИМдин аймактык принциби деген эмне? 15
7. ИМди коргоонун мөөнөтү чектелгенби? 15
8. ИМ укуктарын бузуу дайыма эле жазык жоопкерчилигин тартууга алып келеби? 15
9. ИМ укуктары бузулган учурда укуктук коргоонун кандай каражаттары жеткиликтүү? 15
10. Эл аралык коомчулук ИМди коргоону кандай координациялайт? 16
11. Дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө ИМди башкаруу кандай жүргүзүлөт? 17
12. ИМдин укуктарын жалпысынан кандай эл аралык келишимдер коргойт? 17
13. Патенттик укуктарды кандай эл аралык конвенциялар коргойт? 18
14. Автордук укукту жана чектеш укуктарды кайсы эл аралык конвенциялар коргойт? 18
15. Товардык белгилерге укуктарды кайсы эл аралык конвенциялар коргойт? 18
16. ИМдин башка укуктарын кайсы эл аралык конвенциялар коргойт? 19
17. ИМди эл аралык коргоонун негизги принциптери кандай? 19
18. "Улуттук шарттам" принцибинин мааниси кандай? 19
19. "Кыйла жагымдуу шарттам" (КЖШ) принциби кандай түшүндүрүлөт? 19
20. "Көз карандысыз коргоо" принциби кандай түшүндүрүлөт? 20
21. "Коргоонун минималдуу стандарттары" принциби кандай түшүндүрүлөт? 20
22. "Артыкчылык" принциби кандай түшүндүрүлөт? 20
23. "Айкындуулук" принциби кандай түшүндүрүлөт? 20
24. "Коомдук кызыкчылык" принциби кандай түшүндүрүлөт? 21

Патенттик укуктардын негиздери 22

25. Ойлоп табуу деген эмне? 23
26. Патенттик укуктар деген эмне? 24
27. Ойлоп табуулардын бардыгы эле патентке жөндөмдүүбү? 24
28. Пайдалуу модель деген эмне? 25
29. Өнөр жай үлгүсү деген эмне? 25
30. Патенттер ойлоп табууларды коргоонун жалгыз каражаты болуп саналабы? 25
31. Патенттик коргоонун күчүнүн мөөнөтү кандай? 25
32. Патент кимге тиешелүү? 26

33. Тапшырык боюнча жаратылган ойлоп табуу кимге тиешелүү? 26
34. Кызматтык ойлоп табуу кимге тиешелүү? 26
35. Патенттелүүчү ойлоп табуунун жаңылыгынын чен белгиси деген эмне? 27
36. Патенттелүүчү ойлоп табуунун ойлоп табуучулук деңгээлинин чен белгиси деген эмне? 28
37. Патенттелүүчү ойлоп табуунун пайдалуулук чен белгиси деген эмне? 28
38. Патенттелүүчү ойлоп табуунун бирдиктүүлүк чен белгиси деген эмне? 28
39. Патенттин сыпаттамасында кандай маалымат камтылат? 29
40. Ойлоп табуунун формуласы деген эмне? 29
41. Ойлоп табуунун жана өнөр жай үлгүсүнүн коргоо шарттамдары эмнеси менен айырмаланат? 29
42. Ойлоп табуунун формуласынын көз карандысыз жана көз каранды пункттары деген эмне? 30
43. Патенттик өтүнмө деген эмне? 30
44. Патенттик өтүнмөнүн рефераты деген эмне? 30
45. Патенттик ишенимдүү өкүл деген ким? 31
46. Артыкчылыкты аныктоонун билдирилген жана ойлоп табуучулук системалары деген эмне? 31
47. Патенттерди каттоо системалары менен маңызы боюнча экспертизанын системаларынын ортосунда кандай айырмачылык бар? 31
48. Патент ээсине патент берүүдө кандай укуктар берилет? 32
49. Патенттин мажбурлоо лицензиясы деген эмне? 32
50. Эмне үчүн өнөр жай үлгүлөрүнө мажбурлоо лицензиясы колдонулбайт? 33
51. Берилген патент кандай себептер боюнча жараксыз деп жарыяланышы мүмкүн? 33
52. Эл аралык патенттик жиктеме деген эмне? 33
53. Өнөр жай үлгүлөрүнүн эл аралык жиктемеси деген эмне? 34

Автордук укуктун негиздери 36
54. Автордук укук деген эмне? 37
55.Чектеш укуктар деген эмне? 38
56. Автордук укуктун контекстинде өзгөчөлүк деген эмне? 38
57. Кандай укуктар өзүнө автордук укукту камтыйт? 38
58. Аткаруучуларга кандай укуктар берилет? 39
59. Үн жана видеожаздыруучуларга кандай укуктар берилет? 39
60. Көрсөтүү-берүү уюмдарына кандай укуктар берилет? 40
61. Чыгарманы коргоонун күчүнүн мөөнөтү кандай? 40
62. Компьютердик программалык камсыздоо автордук укук менен корголобу? 40
63. Кандай объектилер автордук укук менен корголбойт? 41
64. Продукт боюнча колдонмо автордук укук менен корголобу? 41
65. Элдик искусство автордук укук менен корголобу? 41
66. Автордук укукту жана товардык белгилерди коргоонун шарттамдары эмнеси менен айырмаланат? 42
67. Автордук укукту коргоонун жана патенттик коргоонун шарттамдары эмнеси менен айырмаланат? 43

68. Автордук укукту кантип алууга болот? 43
69. Автордук укук кимге тиешелүү? 45
70. Тапшырык боюнча жаратылган чыгарма кимге тиешелүү? 45
71. Кызматтык чыгарма кимге тиешелүү? 45
72. Чыгармада көрсөтүлгөн жак дайыма эле анын автору болуп саналабы? 45
73. Туунду чыгармага автордук укук кимге тиешелүү? 46
74. Кинематографиялык чыгармага автордук укук кимге тиешелүү? 46
75. Чыгарманын түп нускасын сатып алууда автордук укуктун өтүшү мүмкүнбү? 47
76. Бир эле темага бир нече автордун чыгарма жаратуусу автордук укукту бузууга алып келеби? 47
77. Жамааттык башкаруу уюму деген эмне? 48
78. Автор чыгарманы жаратууда эмнени билүүсү зарыл? 48
79. Сүрөтчүлөрдүн (фотографтардын) алар сүрөткө тарткан адамдардын сүрөттөрүн эл алдында көрсөтүүгө укугу барбы? 48
80. Соода борборунда укук ээсинин уруксатысыз фондук музыканы уктуруу автордук укукту бузуу болуп саналабы? 49
81. Укук ээлеринен алардын чыгармаларын Интернет аркылуу жайылтуу үчүн уруксат алуу талап кылынабы? 49
82. Автордук укук боюнча чектөөлөр жана өзгөчөлүктөр деген эмне? 50
83. Аткаруулардын кандай түрлөрү чектөөлөргө жана өзгөчөлүктөргө туура келет? 50
84. Автордук укук менен корголуучу чыгармаларды мамлекеттик/милдеттүү жана келишимдик/ыктыярдуу жамааттык лицензиялоонун ортосунда кандай айырмачылык бар? 51
85. Автордук укук жөнүндө кабарландыруу деген эмне? 51

Товардык белгилердин негиздери 52
86. Товардык белги деген эмне? 53
87. Товардык белги менен фирмалык аталыштын айырмачылыгы кандай? 54
88. Товардык белги катары пайдалануу деген эмне? 54
89. Катталган товардык белгилер кандай түрлөргө бөлүнөт? 54
90. Жалпыга белгилүү товардык белги деген эмне? 55
91. Товарларды катталган товардык белги менен милдеттүү түрдө коргоо керекби? 55
92. Товардык белгинин айырмалоо жөндөмү деген эмне? 56
93. Жалпы аталышы деген эмне? 56
94. Товардык белгилерде кандай элементтер пайдаланылышы мүмкүн? 56
95. Эмне үчүн айрым белгилерди товардык белгилер катары каттоого болбойт? 57
96. Товардык белгилерге укуктарды коргоонун көлөмү кандай аныкталат? 57
97. Товардык белги колдонулуп жаткан товардык белгилерге укуктарды бузуп жаткандыгын кантип аныктоого болот? 58
98. Ницца жиктемеси деген эмне? 58
99. Товардык белгилерди каттоо принциби эмнеден турат? 58

100. Товардык белгинин формалдуу талаптарга ылайык келишине жана маңызы боюнча экспертиза жүргүзүү деген эмне? 59
101. Товардык белгинин каттоосуна каршы жана каттоону жараксыз деп таанууга каршы пикирлердин системалары деген эмне? 59
102. Товардык белгинин маселелери боюнча кызыкчылыктарды билдирүү деген эмне? 60
103. Байланыштуу (бирдей) товардык белгилер деген эмне? 60
104. Коргоочу товардык белгилер деген эмне? 60
105. Товардык белгилерди коргоонун күчүнүн мөөнөтү кандай? 60
106. Товардык белгинин ээси эмне үчүн аны пайдаланууга милдеттүү? 61
107. Кайсы кыйла мурдагы укуктар товардык белгилерге болгон укуктар менен чыр-чатакка алып келиши мүмкүн? 61
108. Товардык белгилерди монополиялык, өзгөчө жана жалпы лицензиялоо деген эмне? 61
109. Эмне үчүн товардык белгилерге мажбурлап лицензиялоо колдонулбайт? 62
110. Катталган товардык белгинин символу деген эмне? 62
111. Сыпаттоо үчүн товардык белгини пайдалануу деген эмне? 62
112. Көрсөтүү үчүн товардык белгини пайдалануу деген эмне? 63
113. Товардык белгинин каттоосун жокко чыгаруу менен каттоону жараксыз деп жарыялоонун ортосунда кандай айырмачылык бар? 63
114. Жарыш импорт деген эмне? 63

ИМдин башка түрлөрүнүн негиздери 64
115. Интегралдык микросхемалардын топологияларын коргоо эмне үчүн зарыл? 65
116. Интегралдык микросхеманын топологиясы менен өнөр жай үлгүсүнүн ортосундагы айырмачылык кандай? 66
117. Интегралдык микросхеманын топологиясы менен автордук укуктун ортосундагы айырмачылык кандай? 66
118. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортуна укуктар деген эмне? 66
119. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортунун жаңылыгы деген эмне? 67
120. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортунун айырмалуулугу деген эмне? 67
121. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортунун бир түрдүүлүгү жана туруктуулугу деген эмне? 67
122. Географиялык көрсөткүч деген эмне? 67
123. Географиялык көрсөткүч менен товардык белгинин ортосундагы айырмачылык кандай? 68
124. Ак ниет эмес атаандаштык актысы деген эмне? 68
125. Коммерциялык сыр деген эмне? 68
126. Патенттик коргоонун жана коммерциялык сырды коргоонун шарттамдары эмнеси менен айырмаланат? 68
127. Салттуу маданиятты эмне үчүн коргоо зарыл? 69
128. Эл аралык коомчулук генетикалык ресурстарды кандай коргойт? 69

Библиография 70

Foto: Getty Images / Chalffy

КИРИШ СӨЗ

Дүйнөнү ойлоп табууларсыз элестетип көргүлөчү – анда электр жарыгы, автомобилдер, телефондор, Интернет – булардын бардыгы болмок эмес. Ал эми адамдын акыл эмгегинин натыйжасында жаратылгандардын бардыгы жоготууга учураса, биз китептерди, фильмдерди колдонбой калмакбыз жана көңүл ачуулар дагы болмок эмес. Адам баласынын цивилизациясынын жана илгерилөөсүнүн тарыхы – бул чындыгында ойлоп табуулардын жана инновациялардын тарыхы, анткени алар дүйнөнү жана адамдардын турмуш-тиричилигин түп-тамырынан бери өзгөрттү.

Эми дүйнөдө ушу сыяктуу жаратмандыктарга, башкача айтканда интеллектуалдык менчикке (ИМ) укуктарды коргоо системасы жок деп элестетип көрүңүз. Ойлоп табуучуларга, жаңычылдарга, авторлорго жана сүрөтчүлөргө өздөрүнүн чыгармачылык ишмердигинин натыйжаларынан түздөн-түз пайда алууда абдан кыйынчылык келтирмек. Эгер коргоо жок болсо, жаңыны жаратууга алардын кызыгуусу болмок эмес, ушуга байланыштуу коомчулуктун кызыкчылыгына дагы таасири тиймек.

Адамзат цивилизациясы өзүнүн өнүгүү процессинин бүткүл мезгилинде улам жаңыларды жаратып жана системаны калыптандырып келген, ал дайыма инновацияларды шыктандырат жана демилгелейт. ИМ системасы жүздөгөн жылдан бери эле ишин улантып келет. Алар чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдө маанилүү секириктер үчүн жагымдуу шарттарды түзгөн, бул адамзат цивилизациясынын илгерилөөсүн тездетти.

ИМ ааламдашкан экономиканы өнүктүрүүдө жана билимдер экономикасынын калыптануусунда эң маанилүү ролду ойнойт. Ал илимий, техникалык, экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү жана институционалдык кепилдиги болуп калды. ИМ ошондой эле мамлекеттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жана жалпы мүмкүнчүлүгү жөнүндө тастыктап турат.

Жаштардын энергиясы жана чыгармачылыгы – бул биздин өлкөнүн келечегин аныктоочу күч. Ошондуктан жаштардын ИМди түшүнүшүнө, урматтап-сыйлоосуна, жаратуусуна жана коргоосуна, маданиятты калыптандыруусуна камкордук көрүү өтө маанилүү, ушуну менен бирге алар инновацияларды колдоо жана шыктандыруу боюнча өз ролдорун толугу менен ишке ашыра алышат.

Кытай улуттук интеллектуалдык менчик башкармалыгы (CNIPA) – бул ИМ боюнча КЭРдин өкмөттүк ведомствосу. Анын негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирет: интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо (ИМУ); ИМ системасын өнүктүрүү; товардык белгилерди, өнөр жай үлгүлөрүн, патенттерди жана географиялык көрсөткүчтөрдү каттоо жана аларга тиешелүү маселелер боюнча административдик чечимдерди кабыл алуу; ошондой эле укук коргоо органдары үчүн товардык белгилер жана патенттер маселелери боюнча нускамаларды түзүү.

CNIPA ИМ жаатындагы маалыматты, өзгөчө жаштардын арасында жайылтууну жогорулатууга абдан маани берет. Башкармалык ушул максаттар үчүн ар түрдүү иш-чараларды өткөрөт, мисалы: жаштарды өз алдынча инновациялык ишмердикке шыктандыруу үчүн өлкөдө башталгыч жана орто мектептин окуучулары үчүн ИМ боюнча окуу курстарын уюштурат. CNIPA ошондой эле Билим берүү министрлиги менен кызматташат, мектептерге адеп-ахлактуулук тарбиясы менен бирге ИМ чөйрөсүндөгү билим берүүнү бириктирүүгө, мектеп коомчулугунун маданиятын өнүктүрүүгө жана ИМ маселелери боюнча жаштарга маалымат берүүнү жогорулатуу үчүн тематикалык окуу иш-чараларын өткөрүүгө, ошондой эле коомдо мыйзамды урматтап-сыйлоону калыптандырууга жардам берет. Биз жаштардын арасында ИМ маселелери боюнча маалымат берүүнү жогорулатуу, анын ичинен ИМ боюнча окуу материалдарын берүү чөйрөсүндө Кытайдын тажрыйбасы жана натыйжалары менен бөлүшкүбүз келет. Ошондуктан биз ИМБДУнун алкагында Кытайдын максаттуу фондунун колдоосу менен жаш окурмандар үчүн интеллектуалдык менчик боюнча ушул колдонмону түздүк.

Колдонмо ИМдин түрлөрүнө арналган жана беш бапка бөлүнгөн, анда интеллектуалдык менчиктин, патенттердин, автордук укуктун, товардык белгилердин жана ИМдин башка түрлөрүнүн негиздери баяндалган. Авторлор интеллектуалдык менчиктин түрлөрүн камтууга аракет кылышты. Китеп 128 суроону жана аларга жооптору камтыйт, алар жаш окурмандарга ИМ системасынын тарыхы, анын ишинин типтери жана жалпы эрежелери жөнүндө баштапкы, ошол эле убакта ар тараптуу түшүнүк берүүгө жардам берет.

Китептин редакциялык коллегиясы: Beijing Justra Интеллектуалдык менчик борборунун төрагасынын орун басары Хуан Хуэй; Beijing Justra Интеллектуалдык менчик борборунун директору Ван Цзэ; Beijing Justra Интеллектуалдык менчик борборунун изилдөө бөлүмүнүн директору Ян Мильфэн; Beijing Justra Интеллектуалдык менчик борборунун директорунун жардамчысы Ма Ли; Beijing Justra Интеллектуалдык менчик борборунун юридикалык бөлүмүнүн директорунун жардамчысы Лу Цзиехуа. Жарыялоо ошондой эле жарыялоолор боюнча кеңештерин жана баалуу эскертүүлөрүн жана сунуштарын беришкен ИМБДУнун тиешелүү предметтик жаттагы эксперттери тарабынан текшерилген.

Кыскартуулардын тизмеси

ААПК	Аудиовизуалдык аткаруулар боюнча Пекин келишими
БАК	Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндө конвенция
ЖБУ	Жамааттык башкаруу уюму
CNIPA	Кытай улуттук интеллектуалдык менчик башкармалыгы
ЕБ	Европа Бирлиги
ТСБМ	Тарифтер жана соода боюнча башкы макулдашуу
ГК	Географиялык көрсөткүч
ИМ	Интеллектуалдык менчик
ЭПЖ	Эл аралык патенттик жиктеме
ИМУ	Интеллектуалдык менчик укуктары
МТ	Маалыматтык технологиялар
ЮЖШ	Кыйла жагымдуу шарттам
РСТ	Патенттик кооперация жөнүндө келишим
КЭР	Кытай Эл Республикасы
ТБ	Товардык белги
ТРИПС	Интеллектуалдык менчик укуктарынын аспектилери боюнча макулдашуу (ТРИПС макулдашуусу)
ЮНЕСКО	БУУнун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму
АКШ	Америка Кошмо Штаттары
АУК	ИМБДУнун автордук укук боюнча келишими
ИМБДУ	Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюму
АФК	ИМБДУнун аткаруулар жана фонограммалар боюнча келишими
БСУ	Бүткүл дүйнөлүк соода уюму


КЫСКА
ТУУЛАР

Интеллектуалдык менчиктин негиздери

ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК

МЕНЧИК

1. ИМ системасы эмне үчүн керек?

Адамзаттын тарыхы – бул маселелерди чечүү же идеяларды билдирүү максатында колдонулуп жаткан билимдер базасына чыгармачылык ой жүгүртүүнү, жаңычылдыкты колдонуп келген адамдардын тарыхы. Биздин ата-бабаларыбыздын сан жеткис ойлоп табууларын эстеп көрсөңүздөр: байыркы Месопотамия жазуусунан, кытай эсеп тактасынан, сирия астролябиясынан, Индиядагы обсерваториядан, Гутенберг басма станогунан баштап Африканын түштүгүндө колдонулуучу ичинен күймө кыймылдаткычка, пенициллинге, дары чөптөргө жана жарыялоо ыкмаларына чейин. Аларды акыркы жүз жылдын ичиндеги ачылыштарга кошсоңуздар (транзисторлор, жарым өткөргүчтөр, нанотехнологиялар, жасалма түзүлгөн ДНКнын негизиндеги дарылар ж.у.с.), биз дүйнө жүзүндө жашаган так ушул чыгармачыл адамдардын ой жүгүртүүлөрүнүн натыйжалары адамзатка техникалык илгерилөөнүн заманбап деңгээлине жетишүүгө мүмкүндүк берген деген корутундуга келебиз.

Интеллектуалдык менчик (ИМ) системасы адамзаттын интеллектуалдык жетишкендиктерин улуттук гана эмес, эл аралык деңгээлде дагы коргоо үчүн арналган. ИМдин негизинде жаратылган көптөгөн товарлар мисалы: голливуд фильмдери, француз винолору жана немец чеберчилик станоктору башка өлкөлөргө жөнөтүү үчүн чек аралардан өткөрүлөт. Эгер ушул товарлардагы ИМ башка өлкөлөрдө корголбосо, анда бул укук ээлерине олуттуу зыян алып келүүчү контрафакция жана плагиат үчүн жол ачат. Ошондуктан ИМ укуктарын эл аралык коргоонун милдетин чечүү үчүн өлкөлөр мүмкүн болгон деңгээлде ИМдин өз шарттамдарын макулдашуу жана шайкештөө үчүн интеллектуалдык менчик жөнүндө эл аралык келишимдерди түзүшөт.

Адамзат чыгармачылыгынын келечектеги кыймылдаткыч күчү болуу менен ИМ экономикалык жана социалдык прогрессте маанилүү ролду ойнойт, анткени ал "генийдин күйүп жаткан отуна кызыкчылык жалынын кошот" (Авраам Линкольн).

2. ИМ деген эмне?

Бардыгынын ой-пикирлери боюнча ИМ – бул акыл-эс ишмердигин натыйжалары жана коммерциялык ишканалардын ишкер бедели үчүн топтомдуу аталышы, аларды мыйзам менен коргоого болот. Ал эми ИМдин алкагында корголуучу объектилердин конкреттүү тизмегин айта турган болсок, ар бир өлкөнүн мыйзамдарында бул маселе ИМ шарттамынын негизиндеги түшүнүктөргө байланыштуу ар түрдүү чечилет. ИМдин так аныктамасы Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмун (ИМБДУ) түзүү жөнүндө конвенцияда дагы, Интеллектуалдык менчик укуктарынын аспектилери боюнча макулдашууда (ТРИПС боюнча макулдашуу) дагы берилген эмес. Мунун ордуна бул документтерде ИМге тиешелүү укуктардын ар түрдүү категориялары баяндалган, алардын аныктамалары менен коргоонун көлөмү белгиленген. ИМ жөнүндө ар түрдүү келишимдердин жоболорун талдоо менен, биз ИМди коргоо төмөнкү укуктарга жана укуктук мамилелерге жайылтылат деген корутундуга келдик: (1) патенттерге, анын ичинен ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге (28-суроону карагыла), өнөр жай үлгүлөрүнө (мисалы: Кытайда) жана өсүмдүктөрдүн сортторуна (мисалы: АКШда); (2) автордук укук жана чектеш укуктарга; (3) товардык белгилерге, географиялык көрсөткүчтөргө, фирмалык автордук укук жана аталыштар жана фирмалык стиль сыяктуу коммерциялык ишмердикте пайдаланылуучу айырмалоочу белгилерге; (4) өсүмдүктөрдүн жаңы сортторуна; (5) интегралдык микросхемалардын топологияларына; (6) коммерциялык сырларга жана ачыкталбаган маалыматка жана (7) ак ниет эмес атаандаштыкка бөгөт коюуга.

3. ИМ кандай категорияларга бөлүнөт?

ИМ укуктарын жиктештирүүнүн эки негизги ыкмасы бар. Бири ИМди автордук укук (54-суроону карагыла) жана өнөр жай менчигине, б.а. автордук укукту ИМдин башка түрлөрүнөн бөлүүдөн турат.

Ушуга байланыштуу "өнөр жай менчиги" эмне деген суроо келип чыгат. Бир жагынан, эгер сиз китеп жазсаңыз, сүрөт тартсаңыз же музыка чыгарып жазсаңыз, анда сиз ушул чыгарманын автору болуп саналасыз жана эреже катары, автордук укуктун алкагында корголот. Экинчи жагынан өнөр жайда жана соодада, ошондой эле айыл чарба жана тоо-кен тармагында пайдаланылуучу акыл эмгегинин натыйжасы коргоонун башка түрүнө дагы муктаж болушу жана өнөр жай менчик укуктарынын категориясына кириши мүмкүн. Жиктештирүүнүн дагы бир ыкмасы – ИМди акыл эмгегинин натыйжаларына жана коммерциялык белгилөөлөргө бөлүү, б.а. ИМдин башка түрлөрүнөн товардык белгилерди жана географиялык көрсөткүчтөрдү бөлүү (122-суроону карагыла). Ушул жиктемеге ылайык патенттин баалуулугу ойлоп табуучунун ойлоп табуусуна байланыштуу болот, ал эми автордук укуктун баалуулугу автордун адабий жана көркөм чыгармаларына байланыштуу болот, ал эми товардык белгинин баалуулугу белгини түзүү боюнча чыгармачылык эмгектен эмес, анын беделине жараша болот. Мисалы: "Кока-кола" товардык белгиси бир нече миллиард турат, бирок анын баалуулугу белгинин дизайнынан эмес, негизинен көптөгөн жылдар бою коммерциялык иш процессинде компаниянын кадыр-баркы менен аныкталат.

4. ИМдин мүнөздөмөсү кандай?

Салттуу менчикке укуктардан айырмаланып, ИМ укуктары жаратылышы боюнча материалдык эмес. Мындан тышкары, алар өзгөчө болуп саналат жана чектелген аймагы жана күчүнүн мөөнөтү бар. Бул салыштырма маанисинде гана анык жана ушундай мүнөздөмөлөр менен ИМ укуктарынын бардык түрлөрүнө таандык дегенди билдирбейт. Айрым өзгөчөлүктөр бар. Мисалы: ачыкка чыгарылбаган коммерциялык сыр түбөлүк кала берет, анткени аны коргоонун мөөнөтү чектелген эмес.

5. ИМдин өзгөчөлүгү деген эмне?

ИМдин эзси же "укук эзси" ИМге байланыштуу өзгөчө укуктарга ээ болот. ИМдин укук ээсине тиешелүү болгон укукту анын уруксатысыз же мыйзамдуу негизсиз эч ким пайдалана албайт. Патенттердин жана товардык белгилердин учурларында, өзгөчө укуктар ошондой эле эки же бир нече окшош укуктардын болушу мүмкүн эмес экендигин билдирет.

Мисалы: эгер А компаниясы техникалык чечимди патенттөөгө өтүнмө берип жана патент алса, башка жактар ушул эле техникалык чечимге карата патенттик коргоо ала алышпайт. Бирок өзгөчө укуктар анын предметине эмес, корголуучу ойлоп табууга гана жайылтыларын белгилей кетели. Мисалы: бир же бир нече патенттер менен корголуучу ойлоп табуу ишке ашырылган смартфон

сатылгандан кийин сатып алуучунун жеке менчиги болуп калат, бирок анын негизиндеги патенттер анын укук ээси тарабынан башкаларга патенттелген ойлоп табууну чыгарууга же сатууга тыюу салуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

6. ИМдин аймактык принциби деген эмне?

ИМдин аймактык принциби деп ИМге тиешелүү укуктары берилген же таанылган өлкөдө гана ИМ пайдаланыларын түшүнөбүз. Бул белгиленген өлкөнүн мыйзамдарына ылайык алынган ИМдин укуктары принцип боюнча анын гана аймагында күчүндө болот дегенди билдирет.

А өлкөсүндөгү компаниянын корголуучу патенттери жана товардык белгилери эгер өлкөлөрдүн ортосунда эки тараптуу же көп тараптуу макулдашуу түзүлбөсө, анда Б өлкөсүндө корголбойт. Жалпы эрежелер боюнча А өлкөсүнүн компаниясынын патенттери жана товардык белгилери Б өлкөсүндө корголушу үчүн, ал аларды каттоого өтүнмө бериши жана Б өлкөсүндө коргоо алышы керек. Ал эми салттуу менчик укуктарына эч кандай географиялык чектөөлөр колдонулбайт: эгер туристтер дүйнө кыдырып, саякаттап жүрүшсө, анда ар бир өлкөдө алар өзү менен кошо алып жүргөн кийими, мобилдик телефондору, фотоаппараттары жана башка мүлкү алар жүргөн өлкөнүн мыйзамдары менен корголот.

7. ИМди коргоонун мөөнөтү чектелгенби?

ИМ чектелген мөөнөттүн ичинде корголот, мөөнөтү өткөндөн кийин коргоо токтотулат жана ИМ объекти коомдук дөөлөт болуп калат. ИМ укугунун күчүнүн мөөнөтү бүткөндөн кийин, анын укук ээси ким болбосун, эч кандай чектөөсүз пайдалана алат. Салттуу менчикке укуктардын же материалдык активдердин учурунда бардыгы башкача. Салттуу менчиктин объекти бардык мөөнөтүндө мыйзам менен корголот. Үй-бүлөлүк таберик, эгер ал бузулбаса же сатылбаса, дайыма мураскорлордун бирине өткөрүп берилет жана мурдагыдай эле укуктук коргоо берилет.

8. ИМ укуктарын бузуу дайыма эле жазык жоопкерчилигин тартууга алып келеби?

Дайыма эмес. Укуктарды бузуу ошондой эле жарандык же административдик жоопкерчиликке алып келиши мүмкүн. Негизинен жазык жоопкерчилиги коммерциялык масштабда товардык белгилердин контрафакциясына жана автордук укук чөйрөсүндөгү каракчылыкка каршы күрөшүү үчүн гана колдонулат. Жазык жоопкерчилигинин алкагындагы жазалар өтө катаал жана абдан кылдат каралышы керек. Патенттик укуктарды бузуу көпчүлүк учурда технологиялардын өнүгүшүнүн маанилүүлүгүнө жана атайын кылынбаган бузуулардын көбүрөөк учуроосуна байланыштуу жазык-укуктук коргоонун көлөмүнө кирбейт.

Өсүмдүктөрдүн сортторуна укуктар жана интегралдык микросхемалардын топологияларына өзгөчө укуктар сыяктуу ИМдин башка укуктарына байланыштуу айта турган болсок, анда аларды жазык укуктарынын каражаттары менен коргоо боюнча эл аралык милдеттенмелер жок. ИМдин ушул эки түрүн бузуу башка жазык кылмыштарынын курамдарын пайда кылышы мүмкүн, бирок мында ИМди коргоо жазык санкцияларын колдонуу үчүн негиз болуп саналбайт.

9. ИМ укуктары бузулган учурда укуктук коргоонун кандай каражаттары жеткиликтүү?

ИМдин укук ээлери, салттуу менчиктин укук ээлери сыяктуу эле жарандык сот өндүрүшүнүн, арбитраждын же медиациянын алкагында өздөрүнүн бузулган укуктарын жөнгө салууга укуктуу.

Укуктук коргоонун сот каражаттарына төмөнкүлөр кирет, мисалы: бузууларга тыюу салуулар, жазма эскертүүлөр жана чыгашалардын ордун толтуруу жөнүндө чечимдер. Укук ээсинин доосу боюнча расмий териштирүүнү баштаганга чейин сот тиешелүү атайын чараларды көрүүгө укуктуу. Мисалы: анын ой-пикири боюнча эгер укук бузуу укук ээсине калыбына келтирилгис зыян алып келе турган болсо, убактылуу соттук тыюу салат же эгер аларды жоготуу коркунучу болсо, далилдерди сактоону камсыздоо жөнүндө буйрук бере алат.



Мындан тышкары, ИМдин укуктарын бузуунун натыйжасында чыгашаларды компенсациялоонун суммасына укук ээсинин олуттуу чыгашалары киргизилет, мисалы: юристтердин гонорарлары.

Эл аралык сооданын контекстинде бир өлкөдө чыгарылган ИМдин негизиндеги товарларды экинчи өлкөгө чек аралык экспортоо болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу ИМди коргоонун каражаттарынын маанилүү категорияларынын бири болуп чек ара контролунун чаралары саналат. Мисалы: ТРИПС боюнча макулдашууга ылайык эгер укук ээси бурмаланган товардык белгилери менен товарлардын же автордук укукту бузуу менен чыгарган товарларды ташып алып келүүсү мүмкүн экендигин божомолдосо, ал ушундай товарлардын эркин айлантуусун токтотууга жазуу түрүндөгү арызын компетенттүү административдик же сот органдарына берүүгө укуктуу. КЭРде укук ээси сотко кайрылуудан тышкары, административдик органга болжолдонгон ИМ укуктарын бузууну териштирүүгө арыз берүүгө укуктуу. Бир эле убакта административдик жана соттук коргоо берүүнүн мындай практикасы "эки жактан контролдоо системасы" деген аталышы менен белгилүү.

10. Эл аралык коомчулук ИМди коргоону кандай координациялайт?

ИМБДУ ар түрдүү өлкөлөрдүн шарттамдарын координациялоо, эл аралык-укуктук ченемдерди кабыл алууга көмөктөшүү жана ИМди коргоо жаатындагы тартипти колдоо үчүн эл аралык деңгээлде жоопкерчиликтүү болот. Бүткүл дүйнөлүк соода уюму (БСУ) ИМ укуктарынын соода аспектилерин жөнгө салуучу 1994-жылдагы ТРИПС боюнча макулдашууга байланыштуу административдик иш-милдеттерди аткарат. ИМди эл аралык коргоонун өнүгүшүн үч негизги мезгилдин ичинде көзөмөлдөөгө мүмкүн:

(1) Париж жана Берн союздарынын доору. Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Париж конвенциясы (Париж конвенциясы) жана Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясы (Берн конвенциясы) күчүнө киргенден кийин 1880-жылдары катышуучу-өлкөлөр тиешелүү конвенцияларга карата административдик иш-милдеттерди аткаруу үчүн Париж жана Берн союздарын түзүшкөн. ИМ жаатындагы ушул негиздөөчү келишимдердин тараптары болуп саналган өлкөлөр Париж конвенциясына негизделген өнөр жай менчиги жөнүндө бир катар конвенцияларды түзүшкөн. Бириккен Улуттар Уюмунун Билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму (ЮНЕСКО) ошондой эле автордук укукту эл аралык коргоого көмөктөшүүдө жигердүү ролду ойногон.

(2) ИМБДУнун доору. 1967-жылы Париж жана Берн конвенцияларынын макулдашуучу тараптары Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмун түзүү жөнүндө конвенцияга кол коюшкан. Бул 1970-ж. Швейцариянын Женева шаарында штаб-квартирасы менен ИМБДУну түзүүгө алып келген. 1974-жылы ИМБДУ Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекемелеринин бири болуп калды. Ошондон бери ИМБДУнун демилгеси менен башка өлкөлөрдү Париж жана Берн конвенцияларына кошулууга үндөгөн жана ИМди эл аралык коргоого олуттуу салым кошкон 20дан ашуун эл аралык келишимдер түзүлгөн.

(3) БСУнун доору. БСУ 1994-жылы Уругвай сүйлөшүүлөр раундунун жүрүшүндө түзүлгөн. Тарифтер жана соода боюнча башкы макулдашууга (ГАТТ) кол койгон өлкөлөр демилгелеген сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында макулдашуулардын топтому түзүлгөн, анын ичинен ТРИПС боюнча макулдашуу, ага байланыштуу административдик иш-милдеттер БСУга жүктөлгөн. ТРИПС боюнча макулдашуу ИМди эл аралык коргоого терең таасирин тийгизген, анткени ал БСУнун мүчөлөрү үчүн милдеттүү болуп саналат жана талаш-тартыштарды контролдоонун натыйжалуу механизмдерин караштырат.

11. Дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө ИМди башкаруу кандай жүргүзүлөт?

Дүйнөдө ИМди башкаруунун үч негизги моделдери бар:

(1) "Төртөө бирде" модели, ага ылайык патенттерди, өнөр жай үлгүлөрүн, товардык белгилерди жана автордук укукту бир административдик орган башкарат. Бул моделди ИМБУнун 192 мүчө-мамлекеттеринин болжол менен 40 пайызы колдонот, анын ичинен Канада, Россия Федерациясы жана Бириккен Королдук. Мисалы Бириккен Королдукта Интеллектуалдык менчик ведомствосу патенттерге, товардык белгилерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө өтүнмөлөрдү кабыл алууга жана каттоого жооп берет, ошондой эле мамлекеттин деңгээлинде автордук укукту жүзөгө ашырат.

(2) "Үчөө бирде" модели. ага ылайык патенттерди, өнөр жай үлгүлөрүн, товардык белгилерди бир орган башкарат, ал эми автордук укукту башка орган башкарат. Бул модель ИМБУнун мүчө-мамлекеттеринин болжол менен жарымында кабыл алынган, анын ичинен Францияда, Германияда, Японияда жана АКШда. Мисалы: АКШда патенттердин, өнөр жай үлгүлөрүнүн жана товардык белгилердин маселелери боюнча Патенттер жана товардык белгилер боюнча ведомство иштейт (ПТБВ), ал эми автордук укук АКШнын Конгресс китепканасына караштуу Автордук укук боюнча ведомствосунун компетенциясына тишелүү.

(3) Өзүнчө башкаруу модели, ага ылайык патенттер, товардык белгилер жана автордук укук менен ар башка органдар иштейт. Бул ыкма менен аз эле эмес өлкөлөр иштейт, мисалы: Египет, Греция, Пакистан жана Сауд Аравиясы.

Кытайда 2018-жылга чейин патенттердин, товардык белгилердин жана автордук укуктун маселелери боюнча Мамлекеттик интеллектуалдык менчик ведомствосу, Мамлекеттик өнөр жай жана соода башкармалыгынын Товардык белгилер боюнча ведомствосу жана Мамлекеттик басма, жарыялоолор, радио, кино жана телекөрсөтүү боюнча башкармалыгы (Автордук укук боюнча улуттук башкармалыгы) иштеген. 2018-жылдын мартында КЭРдин Мамлекеттик интеллектуалдык менчик ведомствосу кайра өзгөртүп түзүлгөн жана анын компетенциясына патенттер жана товардык белгилер киргизилген; автордук укук боюнча мурдагыдай эле Автордук укук боюнча улуттук башкармалык иштейт.

12. ИМдин укуктарын жалпысынан кандай эл аралык келишимдер коргойт?

1883-ж. Париж конвенциясы кеңири маанисинде өнөр жай менчигине колдонулат. Ал патенттерге, пайдалуу моделдерге, өнөр жай үлгүлөрүнө, товардык белгилерге, тейлөө белгилерине, фирмалык аталыштарга, географиялык көрсөткүчтөргө, товар келип чыккан жердин аталыштарына жана ак ниет эмес атаандаштыкка каршы жайылтылат. Париж конвенциясы автордук укукту, өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун жана интегралдык микросхемалардын топологияларынын өзгөчө укуктарын коргобойт.

1944-ж. ТРИПС боюнча макулдашуу ИМ укуктарынын кеңири спектрин коргойт, анын ичинен автордук укук жана чектеш укуктар, товардык белгилер, географиялык көрсөткүчтөр, өнөр жай үлгүлөрү, патенттер, интегралдык микросхемалардын топологиялары жана ачыкталбаган маалымат.

13. Патенттик укуктарды кандай эл аралык конвенциялар коргойт?

Патенттик кооперация жөнүндө келишимге (РСТ) 1970-жылы формалдуу талаптарды жана эл аралык патенттик өтүнмөлөрдү иштеп чыгуу жол-жоболорун ылайыкташтыруу, анын ичинен көптөгөн өлкөлөрдө патенттик коргоо алуу үчүн жол-жоболорду жеңилдетүү үчүн кол коюлган.

1925-жылы түзүлгөн Өнөр жай үлгүлөрүн эл аралык каттоо жөнүндө Гаага макулдашуусу (Гаага макулдашуусу) бир нече өлкөлөрдө өнөр жай үлгүлөрүн коргоого өтүнмөлөрдү берүүнү жеңилдетүүгө багытталган.

Эл аралык патенттик жиктештирүү жөнүндө Страсбург макулдашуусуна (Страсбург макулдашуусу) патенттерди бирдиктүү жиктештирүүнү түзүү максатында 1971-жылы кол коюлган.

Патенттик жол-жобонун максаттары үчүн Микроорганизмдерди депонирлөөнү эл аралык таануу жөнүндө Будапешт келишими (Будапешт келишими) 1977-жылы түзүлгөн жана аларга патенттик өтүнмөлөр байланыштуу болгон микробиологиялык үлгүлөрдү жөнгө салат.

14. Автордук укукту жана чектеш укуктарды кайсы эл аралык конвенциялар коргойт?

1886-жылы түзүлгөн Берн конвенциясы адабий, көркөм жана илимий чыгармалардын авторлорунун укуктарын коргойт. Өткөн жылдары ал бир нече жолу кайрадан каралып чыккан жана ИМБУнун мүчө-мамлекеттеринин көпчүлүгү азыркы убакта 1971-жылдагы Актынын катышуучулары болуп саналат.

Аткаруучулардын, фонограмма жаздыруучулардын жана уктуруу уюмдарынын укуктарын коргоо жөнүндө Рим конвенциясы (Рим конвенциясы) 1961-жылы аткаруучулардын, фонограмма чыгаруучулардын (б.а. үн жаздыруу) жана уктуруу уюмдарынын укуктарын коргоо максатында кабыл алынган.

Фонограмма чыгаруучулардын кызыкчылыктарын алардын фонограммаларын мыйзамсыз кайра чыгаруудан коргоо жөнүндө конвенция 1971-жылы кабыл алынган жана фонограмма чыгаруучулардын укуктарын коргойт.

1996-жылы кабыл алынган ИМБДУнун Автордук укук боюнча келишими (АУК) санариптик доордо адабий, көркөм жана илимий чыгармалардын авторлорунун укуктарын коргоого өзгөртүүлөрдү киргизет, өзгөчө Интернет аркылуу жалпыга маалымат берүү үчүн билдирүү укугуна.

1996-жылы кабыл алынган ИМБДУнун Аткаруулар жана фонограммалар боюнча келишими (АФК) аткаруучулардын жана фонограмма чыгаруучулардын укуктарын коргоого өзгөртүүлөрдү киргизет, өзгөчө Интернет аркылуу жалпыга маалымат берүү үчүн билдирүү укугуна.

2012-жылы Кытайдын Пекин шаарында кабыл алынган Аудиовизуалдык аткаруулар боюнча Пекин келишими (Пекин келишими) (күчүнө кире элек) кайра карап чыгууга жана санариптик доордо аудиовизуалдык чыгармалардын аткаруучуларынын укуктарын коргоону кеңейтүүгө жөнөтүлгөн.

Азиздердин жана көрүүсү начарлаган же басма маалыматты кабыл алууга жөндөмдүүлүгү башкача чектелген адамдардын жарыяланган чыгармаларды пайдалануусун жеңилдетүү жөнүндө Марракеш келишими (Марракеш келишими же АМК) чектөөлөрдү жана өзгөчөлүктөрдү кабыл алууга жана шайкештөөгө багытталган, алар азиздерге жана көрүүсү начарлаган же басма маалыматты кабыл алууга жөндөмдүүлүгү башкача чектелген адамдарга жеткиликтүү форматта чыгармаларды жаратууга жана трансчек аралык берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.

15. Товардык белгилерге укуктарды кайсы эл аралык конвенциялар коргойт?

Париж конвенциясы товардык белгилерге укуктарды коргоо жөнүндө бир катар маанилүү жоболорду камтыйт.

Белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусу (Мадрид макулдашуусу) 1891-жылы түзүлгөн жана товардык белгилерди эл аралык каттоо маселелерин жөнгө салат.

Белгилерди каттоо үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү эл аралык жиктештирүү жөнүндө Ницца макулдашуусу (Ницца макулдашуусу) 1957-жылы кабыл алынган жана товардык белгилерди каттоо үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жиктештирүүнү шайкештөөгө багытталган.

Белгилердин сүрөт элементтерин эл аралык жиктештирүүнү түзүү жөнүндө Вена макулдашуусу (Вена макулдашуусу) 1973-жылы кабыл алынган жана товардык белгилердин сүрөт элементтеринин бирдиктүү эл аралык жиктештирүүсүн киргизген.

1994-жылы кол коюлган Товардык белгилер боюнча мыйзамдар жөнүндө келишим товардык белгилерди каттоонун улуттук системасын жөнөкөйлөтүүгө жана макулдашууга багытталган.

2006-жылы кол коюлган Товардык белгилер боюнча мыйзамдар жөнүндө Сингапур келишими Товардык белгилер боюнча мыйзамдар жөнүндө келишимдин, каттоого тиешелүү товардык белгилердин типтеринин тизмесин жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жаатында жаңы жетишкендиктерди эске алып, каттоо жол-жоболорун колдонуу чөйрөсүн кеңейтет.

16. ИМдин башка укуктарын кайсы эл аралык конвенциялар коргойт?

Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо боюнча эл аралык конвенция 1961-жылы түзүлгөн жана өсүмдүктөрдүн жаңы сортторуна укуктарды коргойт.

Интегралдык микросхемаларга карата Интеллектуалдык менчик жөнүндө келишим 1989-жылы кабыл алынган жана интегралдык микросхемалардын топологияларына өзгөчө укуктарды коргойт.

17. ИМди эл аралык коргоонун негизги принциптери кандай?

ИМди коргоонун эл аралык системасы 1880-жылдан тартып акырындык менен калыптанган. ИМди эл аралык коргоо негизинен улуттук шарттамдын принциптеринен, кыйла көбүрөөк жагымдуулук шарттарынан, көз карандысыз коргоодон, коргоонун минималдуу стандарттарынан жана артыкчылыктан, ачык-айкындуулуктан жана коомдук кызыкчылыктардан түзүлөт.

18. "Улуттук шарттам" принцибинин мааниси кандай?

ИМди эл аралык коргоонун негизги принциби, улуттук шарттам өлкө анын өзүнүн жарандары пайдалануучу коргоо деңгээлин башка өлкөлөрдүн жарандарына дагы камсыз кылуусун талап кылат. Бул жерде "башка өлкө" деп башка кандай болбосун өлкө эмес, ИМ жөнүндө эл аралык келишимдин, мисалы Париж конвенциясынын катышуучу - өлкөлөрүн түшүнүү керек экендигин белгилей кетүү зарыл. Мындан тышкары, Париж конвенциясына жана ИМ жөнүндө башка эл аралык келишимдерге ылайык улуттук шарттам чет өлкөлүк адамга дагы колдонулушу мүмкүн, эгер ал Париж конвенциясынын мүчө-мамлекетинин жараны болуп саналбаса, бирок мүчө-мамлекетке кандайдыр бир байланышы болсо же мүчө-мамлекеттин аймагында анык иштеп жаткан ишканасы болсо.

Улуттук шарттам принциби материалдык укуктун айрым маанилүү маселелерине байланыштуу өзүнүн жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга бирдей мамилени камсыздайт, бирок бардыгы мамиледе эмес. Мисалы: патенттик иш кагаздарын жүргүзүүнүн алкагында өтүнмө берген өлкөдө туруктуу жашаган орду же ишканасы болбогон чет өлкөлүк жаран өтүнмөнү патенттик агенттик аркылуу бериши керек, ал эми жарандар түздөн-түз бере алышат. Документтерди берүүгө жана чет өлкөлүк жарандар өтүнмө берүүчү өлкөнүн мыйзамдарын билбегендигине байланыштуу, жол-жободогу мындай айырмачылыктарды жоюу сунушталган.

19. "Кыйла жагымдуу шарттам" (КЖШ) принциби кандай түшүндүрүлөт?

КЖШ шарттамы – бул ТРИПС макулдашуусунда бекитилген өзгөчө принцип болуп саналат жана ТСБМге биринчи жолу киргизилген салттуу принципти билдирет жана ИМ жаатындагы башка эч бир конвенцияда жолукпайт. Бул принцип кеңири колдонулууда, анткени БСУга кирүүнү каалаган өлкөлөр ТРИПС макулдашуусуна кол коюшу керек. КЖШ шарттамы ИМди коргоого байланыштуу кайсы болбосун башка өлкөнүн жарандарына берилүүчү кандай артыкчылыктар, жеңилдиктер же иммунитеттер болбосун, бардык башка мүчө-мамлекеттердин жарандарына кечиктирилбестен берилиши керек.

КЖШ шарттамынын концепциясы улуттук шарттам менен оңой эле чаташтырылып кетиши мүмкүн. Улуттук шарттамдын принциби чет өлкөлүк жарандарга жана өлкөнүн жарандарына байланыштуу айырмачылыктарды четтетүү менен, башка өлкөлөрдүн жарандарына дагы, өз жарандарына дагы колдонулуучу шарттам

берилишин талап кылат. Мисалы: өлкөдө атайын Америка жарандарына берилүүчү укуктар, кайсы болбосун башка мүчө-мамлекеттердин жарандарынын укуктарын чектебестен, ушул өлкөдө чарбалык ишин жүргүзүүчү Германиянын жана Япониянын жарандарына дагы берилиши керек. ЮКШнын принциби чет өлкөлүк жарандарга колдонулуучу шарттамдын айырмачылыктарын четтетүүгө багытталган.

20. "Көз карандысыз коргоо" принциби кандай түшүндүрүлөт?

Бул принцип өлкөдө ИМ укуктарын алуу жана аларды коргоо ушул өлкөнүн мыйзамдары менен гана аныкталарын жана башка мүчө-өлкөлөрдүн таасирине кабылбай тургандыгын билдирет. Патент берүүдө же товардык белгилерди каттоодо мисалы: патент АКШда берилсе, Кытайда патент берилерине кепилдик бербейт жана тескерисинче.

Көз карандысыз коргоонун принциби улуттук эгемендикти ишке ашыруу болуп саналат. Мүчө-мамлекет өзүнүн ички шарттарынын жана улуттук кызыкчылыктарынын негизинде ИМге укук берүүнү жана аны коргоонун көлөмүн өз алдынча аныктай алат.

21. "Коргоонун минималдуу стандарттары" принциби кандай түшүндүрүлөт?

Бул принцип мүчө-мамлекеттер эл аралык келишим менен каралган ИМди коргоонун стандарттарынын төмөнкү деңгээли катары каралышы керек экендигин билдирет жана өз демилгелери менен коргоонун эң жогорку деңгээлдерин же анын көлөмүн кеңейтүүнү караштыра алат. Эгер мүчө-мамлекет өзүнө эң олуттуу милдеттенмелерди кабыл алууну сунуш кылса, анда бул өзүнүн ыктыярдуулугун билдирет, ошондуктан мындай милдеттенмелер өлкөнүн өзүнүн каалоосу боюнча кабыл алынышы керек жана ага мажбурлап жүктөлбөйт дегенди билдирет.

Өлкөдө ИМди коргоонун деңгээли анын экономикалык өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу. Жетишсиз өнүккөн өлкө ИМди коргоонун стандарттарын өнүккөн өлкөлөрдүн стандарттарынын деңгээлинде белгилешин талап кылуу реалдуу эмес. ИМ жаатындагы кошумча ийкемдүү мүмкүнчүлүктөрдүн зарыл болушу мүмкүн.

Эгер сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө бардык тараптар жеткиликтүү минималдуу стандарттарга байланыштуу макулдашууга келсе, эл аралык келишим түзүлүшү мүмкүн.

22. "Артыкчылык" принциби кандай түшүндүрүлөт?

Артыкчылык принциби өтүнмөлөрдү берүүнүн, патенттерди берүүнүн жана товардык белгилерди каттоонун маанилүү системасынын негизинен турат. Көпчүлүк өлкөлөрдө биринчи өтүнмө эзсинин принциби пайдаланылат. Башка өлкөлөрдө дагы ИМге өз убагында укук алгысы келген өтүнмө эзси ушул өлкөлөрдүн тиешелүү органдарына тезирээк өтүнмө бериши керек. Бирок өтүнмөнүн материалдарын даярдоо жана которуу, ошондой эле аны берүү үчүн алым төлөгөнгө каражат чогултуу үчүн убакыт талап кылынат. Ушул себептер боюнча бардык өлкөлөргө бир эле убакта өтүнмө берүү кыйынчылык келтирет. Эгер өтүнмө эзси бир эле убакта өтүнмө бере албаса, башка жак андан эрте ушул эле өтүнмөнү бере алат. Ушул көйгөйдү жоюу үчүн Париж конвенциясы менен артыкчылык системасы белгиленген, ага ылайык бир катышуучу өлкөдө ойлоп табууларды, пайдалуу моделдерди, өнөр жай үлгүлөрүн же товардык белгилерди каттоого өтүнмөлөрдү берген өтүнмө эзлери белгиленген мезгилдин ичинде башка катышуучу өлкөлөрдө ошол эле объектини каттоого өтүнмө берүү артыкчылыгын пайдаланышат. Ушуга байланыштуу бир катышуучу өлкөдө биринчи өтүнмө берген датасы болуп башка катышуучу өлкөлөрдө кайсы болбосун кийинки өтүнмөлөр үчүн артыкчылык берилген датасы эсептелет жана башка жактын жогоруда көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде ушундай өтүнмө бергендигине карабастан, техниканын белгилүү деңгээли жана укук берүү боюнча издөө жүргүзүү үчүн аныктоо катары пайдаланылат. Мисалы: өтүнмө эзси 2018-жылдын 5-январында бир өлкөдө патенттик өтүнмө берет, андан кийин ушул эле жылдын 7-майында башка катышуучу өлкөдө ушундай өтүнмө берет, кийинки өтүнмө үчүн артыкчылык датасы 2018-жылдын 5-январы болуп саналат.

23. "Айкындуулук" принциби кандай түшүндүрүлөт?


ТРИПС боюнча макулдашуунун негизги принциптеринин бири катары айкындуулук принциби соода чөйрөсүндө туруктуулукту жана күн мурун айтууну камсыздоого багытталган. Айкындуулук эрежесине ылайык бардык мүчө-мамлекеттер тышкы сооданы башкарууда айкындуулукту жогорулатууга милдеттүү. Универсалдуу колдонулуучу мыйзамдар жана

ченемдер, соода макулдашуулары, сот буйруктары жана административдик чечимдер, эгер алардын ачыкталышы укук коргоо ишине, мамлекеттик кызыкчылыктарга же кызыкдар тараптардын мыйзамдуу ишкер кызыкчылыктарына зыян алып келбесе, жалпыга ачыкталышы керек.

24. "Коомдук кызыкчылыктын" принциби кандай түшүндүрүлөт?

Коомдук кызыкчылыктардын принциби ИМ укуктарын коргоо жана аларды пайдалануу коомдук кызыкчылыктарды бузбашы керек дегенди билдирет, ушуга байланыштуу укук ээлеринин кызыкчылыктары менен коомдук кызыкчылыктардын ортосундагы теңдем сакталып турушу керек. ИМ боюнча конвенцияларда коомдук кызыкчылыктарды коргоо ИМ укуктарын колдонууда ийкемдүүлүктү камсыздоочу системаны киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылат, мисалы: патенттер менен корголуучу ойлоп табууларды пайдаланууга мажбурлоочу лицензиялар жана автордук укуктан чектөөлөр жана өзгөчөлүктөр.

ТРИПС боюнча макулдашуунун преамбуласында "өнүгүү максаты жана техникалык илгерилөөсү менен кошо, интеллектуалдык менчикти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясатты шарттоочу улуттук системалардын негиздөөчү максаттары таанылат" жана "ошондой эле аларга бекем жана өнүгүүгө жөндөмдүү технологиялык базаны түзүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн өлкөнүн ичинде мыйзамдарды жана эрежелерди колдонууда максималдуу ийкемдүүлүккө байланыштуу начарыраак өнүккөн мүчө-өлкөлөрдүн өзгөчө керектөөлөрү таанылат" деп айтылган. 7-беренеде: "интеллектуалдык менчик укуктарын коргоо жана сактоо техникалык инновацияларды илгерилетүүгө, ошондой эле өндүрүүчүлөргө жана техникалык билимдин пайдалануучуларына дагы пайда алуу үчүн технологияларды өткөрүп берүүгө жана жайылтууга салымын кошуусу керек, бул социалдык жана экономикалык өнүгүүгө жана укуктардын жана милдеттердин бирдейлигине көмөктөшөт" дегенди билдирет.



Патенттик укуктардын негиздери




25. Ойлоп табуу деген эмне?

Германия, Франция жана Япония сыяктуу көпчүлүк экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдө ойлоп табуулар гана патенттик мыйзамдар менен корголот. Париж конвенциясында патенттерге, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө бир гана шарттам колдонулат; ушуга байланыштуу "патенттер" деген термин ойлоп табууларга карата патенттерге гана тиешелүү экендигин билдирет.

Ойлоп табууга патент ушул ойлоп табуу менен сунушталган техникалык чечимди коргоого арналат. Техникалык чечим – бул конкреттүү техникалык маселени чечүү үчүн идея, адамдар ага табигый мыйзамдарды колдонуу менен өз ишинде жана жашоосунда кезигет. Эгер кыскача түшүндүрсөк, табигый мыйзамдарды жана күчтөрдү колдонуу менен, атайын натыйжаларга алып келүүчү чечим. Мисалы: сууга жайгаштырылган тело суу менен кармалып турат, ушуга байланыштуу анын түшүнүксүз кыймылы объект менен кысып чыгарылган суунун салмагына барабар. Бул кубулуш патенттөөгө тиешелүү болбогон табигый мыйзамды билдирет. Башка жагынан ушул табигый мыйзамды колдонуу аркылуу түзүлгөн кеменин конструкциясы техникалык чечим болуп саналат, аны патент менен коргоого болот.

Ойлоп табуу адатта ушул техникалык белгилердин ортосундагы байланыштар менен кошо бир нече техникалык белгилерден турат. Мисалы: кылыч даярдоо үчүн бир нече иш-аракеттерди жасоо керек. Биринчиден, темир кенин шлактарга майдалайсыңар, шлактарды болот куймага түздөйсүңөр жана куйманы калыпка саласыңар. Андан кийин даярдоону болот куймага иштетип, андан кийин кылыч даярдап чыгарылат. Толугу менен даяр боло элек кылыч кырын чыгаруу үчүн дагы курчутулат. Натыйжада даяр кылыч алуу үчүн мизине оюу-чийүү түшүрүлөт, жылмаланат жана сап орнотулат. Бул иш-аракеттер каалоо боюнча өзгөртүлбөй турган, иш-аракеттердин тартиби сыяктуу эле, техникалык мүнөздөмөлөр болуп саналат.



26. Патенттик укуктар деген эмне?

Жалпысынан айтканда, патенттер ойлоп табууларды коргоо үчүн берилет. Дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө улуттук шарттарга ылайык патент менен корголуучу объектилердин тизмеси жана аларга байланыштуу укуктук ченемдер бири бирине ылайык келбейт. Мисалы: КЭРдин "Патенттер жөнүндө" Мыйзамына ылайык илимий ачылыштарга, интеллектуалдык менчиктин эрежелерине жана ыкмаларына, ооруларды диагностикалоого жана дарылоого, жаныбарлардын тукумдарына, өсүмдүктөрдүн сортторуна жана ядролук кубулуштардын ыкмасы менен алынган заттарга патенттик коргоо берилбейт. Ал эми Японияда жаныбарлардын жаңы тукумдарына, өсүмдүктөрдүн жаңы сортторуна жана ядролук кубулуштардын ыкмасы менен алынган заттарга патенттик коргоо берилиши мүмкүн. АКШда болсо ядролук кубулуштардын ыкмасы менен алынган заттар патенттик коргоого тиешелүү болуп саналбайт, ал эми өсүмдүктөрдүн жаңы сортторуна патенттик коргоо берилет.

Кытайдын патент системасында ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө патенттер кирет. Ойлоп табууларга жана пайдалуу моделдерге патенттер техникалык чечимдерди коргойт, ошол эле убакта өнөр жай үлгүлөрү өнөр жай буюмдарынын формаларын, оюу-чийүүлөрүн жана башка айырмаланган белгилерин коргойт.

27. Ойлоп табуулардын бардыгы эле патентке жөндөмдүүбү?

Патент системасы ойлоп табууларды коргоо үчүн багытталган, бирок бардык эле ойлоп табуулар патенттик коргоого тиешелүү болбойт. Өлкөлөр ишке ашырылышын, коомдук тартибин же өнөр жай саясатын эске алып, патенттик коргоо чөйрөсүнөн алып салынуучу, объектилердин жана (же) тематикалык багыттардын тизмесин түзүшү мүмкүн.

Өлкөлөрдүн коомдук кызыкчылыктарга жооп берерине байланыштуу позициялары дайыма эле туура келбейт жана убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү мүмкүн. Мисалы: кумар оюндарында пайдаланылуучу түзүлүштөр Кытайда же Японияда эмес, Францияда патент менен корголушу мүмкүн.

Патент берүү дайыма эле патенттелген продукт рынокто эркин жайылтыла тургандыгын

билдирбейт. Тез жүрүүчү кемелердин, танктардын жана артиллериялардын жаңы түрлөрү патент менен корголот, бирок аларды рынокко чыгарууга уруксат берилбейт. Дары эгер патент менен корголсо дагы, ооруларды дарылоого уруксат берилердин алдында, сатуу үчүн жактыруудан өтүүгө муктаж.

28. Пайдалуу модель деген эмне?

Пайдалуу моделдер патенттер сыяктуу кеңири жайылтылбаса дагы, ТРИПС боюнча макулдашууда пайдалуу моделдер жөнүндө жоболор камтылбайт, бирок аларга Париж конвенциясынын күчү колдонулат. Статистика толук болбосо дагы, Кытай, Франция, Германия, Япония жана Түштүк Корея менен кошо 57ге жакын өлкө пайдалуу моделдердин системасын колдой тургандыгын көрсөтүп турат. Ушуга байланыштуу Германия, Япония жана Түштүк Корея пайдалуу моделдерди адистештирилген мыйзамдардын алкагында коргошот, ал эми Кытай өзүнүн "Патенттер жөнүндө" Мыйзамында пайдалуу моделдер патенттердин бир түрү болуп саналарын белгилеген.

Пайдалуу моделдер анча чоң болбогон иштелмелерди коргоо үчүн жаратылган, алар атайын утилитардык максаттарга кызмат кылат, бирок ойлоп табуу катары коргоо алуу үчүн жетишерлик ойлоп табуучулук деңгээлге ээ эмес. Ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге дагы патенттер техникалык чечимдерди коргойт, бирок ойлоп табууларга патенттер буюмдарды, ошондой эле буюмдарды даярдоонун ыкмаларын дагы коргойт, ал эми пайдалуу моделдерге патенттер буюмдарды гана коргойт, анда дагы айрым өлкөлөрдө гана.

Бардык суюктук ичүүчү идиштерди кармагычы жок жасап чыгарышат деп божомолдойлу, ошондуктан аларды пайдалануу ыңгайсыздыктарды жаратат. Кимдир бирөө кармагычы (сабы) менен идишти ойлоп чыгарат жана бул идиштин жаңы түрү жаңычылдык чечим болуп саналат. Бирок жаңычылдык деңгээли аны ойлоп табууга киргизүү үчүн жетишсиз болуп эсептелет. Мындай учурда ал пайдалуу модель катары корголушу мүмкүн.

29. Өнөр жай үлгүсү деген эмне?

Көпчүлүк учурда жөн гана дизайн деп аталуучу өнөр жай үлгүлөрү бүткүл дүйнөдө ар түрдүү укуктук каражаттардын жардамы менен корголот. Өнөр жай үлгүлөрү – бул буюмдун тышкы көрүнүшүн коргоочу ИМдин укуктары; башкача айтканда анын функционалдуулугун эмес, формасын коргойт, башкасы патенттер же пайдалуу моделдер менен корголот. Өнөр жай үлгүсү буюмдун формасынан, оюу-чийүүсүнөн жана (же) түстүк айкалышынан турушу мүмкүн жана өзүнө бир же эки же бир эле убакта үч элементти камтыйт. Айрым өлкөлөрдө, мисалы: Японияда өнөр жай үлгүлөрүн коргоо жөнүндө атайын мыйзамдар бар; башка өлкөлөрдө мисалы: Кытайда өнөр жай үлгүлөрү патентке жөндөмдүү чечимдерге кирет; үчүнчү өлкөлөрдө өнөр жай үлгүлөрү атайын белгиленген чен белгилерге ылайык келген учурда, автордук укук менен корголот. Өнөр жай үлгүлөрү патенттер менен корголгон өлкөлөрдө дагы ар түрдүү варианттар жана практикалар кабыл алынган. Мисалы: Кытайда ойлоп табууларды, пайдалуу моделдерди жана өнөр жай үлгүлөрүн коргоо "Патенттер жөнүндө" жалпы Мыйзам менен жөнгө салынат, ал эми Италияда жана Уругвайда пайдалуу моделдерди жана өнөр жай үлгүлөрүн коргоо бир ченемдик акт менен жөнгө салынат, ал эми ойлоп табуулар өзүнчө каралат.

Буюмдун тышкы көрүнүшү жөнүндө сөз кылсак, өнөр жай үлгүсү буюмга карата колдонулушу керек. Искусствонун айрым чыгармалары, каллиграфиялык жана фотографиялык чыгармалары өнөр жай үлгүлөрү катары корголбойт, бирок айрым учурларда алар ушунун ордуна автордук укук менен корголот.

30. Патенттер ойлоп табууларды коргоонун жалгыз каражаты болуп саналабы?

Техникалык иштелмеге укук ээси коммерциялык сыр (ачыкталбаган маалымат) системасынын алкагында же патент системасынын алкагында коргоо алышы мүмкүн. Патенттик мыйзамдарга ылайык укук ээлери иштелмелерине коргоо алуу үчүн өз иштелмелерин ачыкка чыгарууга милдеттүү, ушуну менен бирге ойлоп табуу патенттин күчүнүн мөөнөтү бүткөнгө чейин коомдук дөөлөт болуп калат. Башка жагынан алсак, коммерциялык сырдын ээлери өздөрүнүн техникалык чечимдерин сыр бойдон сакташат, ошондуктан патент ээлерине караганда, азыраак көлөмдөгү коргоого ээ болушат.

31. Патенттик коргоонун күчүнүн мөөнөтү кандай?

ТРИПС боюнча макулдашууга ылайык коргоо мөөнөтү патенттер үчүн 20 жылдан кем эмес жана өнөр жай үлгүлөрү үчүн 10 жылдан кем

эмес болушу керек. ТРИПС боюнча макулдашууда "патенттер" деген термин ойлоп табууларга берилген патенттерди билдирет. Коргоо мөөнөтү патент берген датадан тартып эмес, өтүнмө берген датадан тартып эсептелет.

Патенттик иш кагаздарын жүргүзүү процесси (өтүнмөгө экспертиза жүргүзүү жана патент берүү) көптөгөн убакытты алат, айрым учурларда бир нече жыл кетет. Өтүнмө берген датадан тартып, укук ээси коргоо мөөнөтүн алганга чейин эсептегенде, патенттик иш кагаздарын жүргүзүү узак убакытка созулса, бир кыйла кыскартылат. Мисалы: эгер ойлоп табууга патент өтүнмө бергенден кийин, сегиз жылдан кийин гана берилсе, коргоонун анык мөөнөтү бардыгы 12 жылды түзөт.

Практикада көпчүлүк патенттер алардын күчүнүн расмий мөөнөтү бүткөнгө чейин эле жараксыз деп таанылышы мүмкүн. Бул патентти күчүн сактоо үчүн жыл сайын алым төлөп турууга байланыштуу жана көпчүлүк учурда бул сумма жыл сайын көбөйөт. Мисалы: Кытайда ойлоп табууга патент үчүн жыл сайын төлөнүүчү алым биринчи жылдан үчүнчү жылга чейин 900 юанды; төртүнчү жылдан алтынчы жылга чейин 1200 юанды; жетинчи жылдан тогузунчу жылга чейин 2000 юанды; 10-жылдан 12-жылга чейин 4000 юанды; 13-жылдан 15-жылга чейин 6000 юанды; жана 16-жылдан 20-жылга чейин 8000 юанды түзөт. Жыл сайын төлөнүүчү алым чындыгында финансылык түрткү болуп саналат, ал патент ээлерине алар үчүн маанилүү деле болбогон патенттерден баш тартууга мажбурлайт.

Албетте, жыл сайын төлөнүүчү алымды төлөбөй коюу патенттен баш тартуунун жалгыз ыкмасы болуп саналбайт, патент ээлери ошондой эле ачык түрдө эле баш тартууну тариздей алышат. Мындай учурда патент күчүнүн мөөнөтү бүткөнгө чейин эле күчүн жоготот.

32. Патент кимге тиешелүү?

Патенттик система ойлоп табууларды коргоо үчүн түзүлгөндүктөн, ойлоп табуунун ээлеринин бардыгы өтүнмө берүүгө (жана патент ээлери болууга) укуктуу. Эгер ойлоп табуу эки адамдын биргелешкен ишинин натыйжасы болуп саналса, экөө тең патент алууга өтүнмө бериши жана патент ээлери болушу караштырылат. Албетте булар ойлоп табууга олуттуу салым кошкон адамдар болушу керек. Эгер кимдир бирөө чиймелерди көчүрмөлөсө, тамак-ашты үйгө тапшырык менен жеткирген же ойлоп табуучуга кофе берген болсо, ал патент ээси болуп саналбайт.


Патент системасы тиешелүү тараптардын ортосундагы макулдашууларды сакташы керек. Бул жарандык укук мамилелерин жөнгө салуучу негиздөөчү прицип болуп саналат. Эгер ойлоп табууну жаратууда жамааттын айрым мүчөлөрү кандайдыр бир себептер боюнча патент ээлери болууну каалабаса, анда калган ойлоп табуучулар өз ыктыярлары менен патент алууга өтүнмө бере алышат. Эгер кайсы ойлоп табуучу болбосун патент ээси болуудан баш тартса жана өтүнмөнү берүүгө дагы каршы болсо жана дагы ойлоп табууну коммерциялык сыр бойдон калтыргысы келсе, калгандары патент алууга өтүнмө бере алышпайт (укуксуз). Анткени өтүнмө берүүнүн милдеттүү шарты болуп ойлоп табуучунун кызыкчылыгын козгоочу, ойлоп табууну ачыктоо саналат.

33. Тапшырык боюнча жаратылган ойлоп табуу кимге тиешелүү?

Эгер тараптардын бири башка тарап жараткан ойлоп табууну каржыласа, ойлоп табууга менчик укугу эгер эки тараптын ортосунда макулдашуу бар болсо, биринчи кезекте макулдашуунунун негизинде аныкталат. Адатта демөөрчү күчтүү позицияны ээлегендиктен, макулдашууда ойлоп табуу демөөрчүгө тиешелүү деп көрсөтүлүшү мүмкүн. Эгер макулдашуу чыгармага менчик укугун караштырбаса, эл аралык практикага ылайык ойлоп табуу демөөрчүгө тиешелүү болуп эсептелет. Бирок айрым өлкөлөрдө, мисалы: КЭРде макулдашуу болбосо, ойлоп табуу ойлоп табуучуга тиешелүү болот. Бирок башка өлкөлөр сыяктуу эле, Кытай дагы тараптардын каалоосуна урмат-сыйды көрсөтүп, эки тараптын ортосундагы макулдашууга артыкчылык берет.

34. Кызматтык ойлоп табуу кимге тиешелүү?

Томас Эдисондун убагында көпчүлүк ойлоп табуулар ойлоп табуучулар тарабынан өз каражаттарын, технологияларын жана жабдууларын пайдалануу менен жаратылган. Азыркы убакта илимдин жана техниканын өнүгүшүн жана тез экономикалык жана социалдык өнүгүүнү эске алып, ойлоп табуулар жеке жана техникалык ресурстардын бир кыйла чыгымдарын, көптөгөн адамдардын кызматташуусун талап кылат. Инновациялык схемалардын көпчүлүк бөлүгүнө компаниялар, изилдөө мекемелери, университеттер жана өкмөттөр демөөрчүлүк кылат, ал эми алардын кызматкерлери жумушту аткарышат. Бул



учурда иштелип чыккан ойлоп табуулар кимге тиешелүү, аныктоо зарыл.

Айрым өлкөлөрдө патенттик мыйзамдар жумуш берүүчүгө жумушчулар жараткан ойлоп табууга түздөн-түз укукту берет. Айрым башка өлкөлөрдө патенттик мыйзамдарга ылайык патенттик укуктар жумушчуга тиешелүү, бирок алардын ушундай укуктарды өткөрүү, б.а. макулдашуунун же келишимдин негизинде башка жакка өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү караштырылган. Ар башка өлкөлөрдүн мыйзамдарындагы айырмачылыктарга карабастан, маңызы боюнча натыйжа бирдей эле: техникалык инновациялардын натыйжаларына укуктар негизинен жумушчуга тиешелүү болот. Эки тараптын ортосундагы кызыкчылыкты эске алуу үчүн жумуш берүүчү патенттик укукту алгандан кийин, ойлоп табуучуга сыйакы же компенсация төлөп бериши керек, ал эми ойлоп табууну жараткан жак ойлоп табууга укуктар башка жакка берилсе дагы, патенттик документтерде ойлоп табуучу катары катталууга укуктуу.

35. Патенттелүүчү ойлоп табуунун жаңылыгынын чен белгиси деген эмне?

Патент системасы инновацияларды коргоого багытталгандыктан, патент алуу үчүн мурда дүйнөдө кезиге элек буюмду (затты) жаратууңуз керек. Эгер техникалык чечим китепте же макалада жарыяланган болсо же техникалык чечимдин жардамы менен алынган продукт рынокто сатуу үчүн сунушталган болсо же ал башкача түрдө коомчулукка белгилүү болсо, ал жаңылыктын талаптарына жооп бербейт. Мындан тышкары, патент белгиленген жаатта гана жаракту экендигин эске алып, “мурда болбогон нерсени” эки ыкма менен чечмелөөгө болот. Кайсы бир маанисинде бул белгиленген өлкөдө жок болгон бир нерсеге кирет, башкача айтканда ал башкаларга караганда жаңылыктуулукка ээ. Башкача маанисинде бул бүткүл дүйнөдө жаңы экендигин билдирет. Азыркы убакта өлкөлөрдүн көпчүлүгү жаңылыктуулуктун абсолюттук стандарттарын кабыл алышат.

сатууга же импорттоого сунуштоого дагы тыюу салат. Башка жагынан өнөр жай үлгүсү (же өнөр жай үлгүсүнө патент) патент ээлерин тиешелүү дизайн камтылган продукттарды уруксатсыз чыгаруудан, сатуудан же импорттоодон коргойт.

Эгер тактап айтканда кайсы укуктар корголот, өнөр жай үлгүсүнө караганда, продуктка же процесске патенттин коргоо көлөмү кеңирээк берилгенби, айта турган болсок. Патент менен корголгон продуктту же процессти уруксатсыз пайдалануу же сатуу патентти бузууну билдирет, ал эми корголгон дизайны бар товарларды пайдалануу өнөр жай үлгүсүнө укуктарды бузуу болуп саналбайт. Бул патенттердин эки түрү ар түрдүү объектилерди коргойт дегенди билдирет. Өнөр жай үлгүсү анын функцияларын жана негизги техникалык идеяларын эмес, продуктунун формасын, оюу-чийүүсүн жана түсүн коргойт, ошондуктан өнөр жай үлгүсүнө патент ушундай продуктуларды пайдалануу дагы караштырат.

42. Ойлоп табуунун формуласынын көз карандысыз жана көз каранды пункттары деген эмне?

Патентте ойлоп табуунун формуласынын пункттары көз карандысыз жана көз каранды болуп бөлүнөт. Ойлоп табуунун формуласынын көз карандысыз пункту зң кеңири болуп саналат. Ойлоп табуунун формуласынын көз каранды пункту көз карандысыз пунктунан кийин турат жана техникалык белгилерин кошуп, аны кошумча чектеп турат.

Эгер "чыны" деген сөздү ойлоп табуунун формуласынын көз карандысыз пункту катары карасак, анда "айнек", "бийик буттуу" жана "оюу-чийүүлөрү менен" деген сыяктуу техникалык белгилерин кошуу менен, суралган коргоонун көлөмүн азайтып, сиз формуланын "айнек чыны", "бийик буттуу чыны" "оюу-чийүү түшүрүлгөн чыны", "бийик буттуу айнек чыны" же "оюу-чийүү түшүрүлгөн бийик буттуу айнек чыны" деген көз каранды пункттарын аласыз, алар формуланын көз карандысыз пунктуна караганда, коргоонун азыраак көлөмүн караштырат. Техникалык белгилердин саны көбөйгөн сайын коргоо көлөмү азаят.

Жогоруда мисал көрсөтүп тургандай, кошумча техникалык белгилердин көптөгөн комбинациялары бар. Тажрыйбалуу патенттик ишенимдүү өкүл формуланын көз карандысыз пункттарынын жардамы менен ойлоп табууну коргоонун максималдуу көлөмүн алууну камсыздоого жана соттук коргоо үчүн көптөгөн аргументтерди түзүү үчүн көз каранды пункттарды ойдогудай пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жумшайт. Эгер формуланын көз карандысыз пункту жаңылыгынын же ойлоп табуучулук деңгээлинин жетишсиздигине байланыштуу жараксыз ден таанылган болсо, формуланын көз каранды пункттарынын негизинде жаңы аргументтерди келтирүүгө болот. Мисалы: орус куурчактары, сырткы чоң куурчагы сынып калса дагы, ичинде сынбаган куурчактары бар.

43. Патенттик өтүнмө деген эмне?

Патент негизинен өтүнмө ээси менен коомдун ортосундагы келишим катары каралат, ага ылайык өтүнмө ээси укуктук коргоо алуу үчүн өзүнүн ойлоп табуусун ачыкка чыгарат. Мындай алмашуу бирдей болушу үчүн өтүнмө ээсине берилүүчү коргоонун көлөмү ачыктоо көлөмүнө ылайык келиши керек.

Өтүнмө ээси документте ойлоп табууну "патенттик өтүнмө" деген аталышы менен ачыктайт жана ойлоп табуунун формуласынын пункттарын түшүндүрөт жана негиздейт. Өтүнмө ээси өтүнмөдө ачыктоодон баш тарткан, бирок коргоо алууга ниеттенгенди адилеттүү болмок эмес. Эгер өтүнмө ээси өз ойлоп табуусунун бир аз бөлүгүн гана ачыктаса, коргоонун чоң көлөмүн берүү максатка ылайыксыз болуп саналат. Мисалы: өтүнмө ээси бүтүндөй автомобилге патенттик коргоо талап кыла албайт, анткени анын салымы фаралары менен гана чектелген.

Ачыктоо маселелери боюнча ар башка өлкөлөрдө ар кандай эрежелер колдонулат. Мисалы: АКШда өтүнмө ээси ойлоп табууну ишке ашыруунун ойдогудай ыкмасын ачыктоого милдеттүү, ошол эле убакта башка айрым өлкөлөр өтүнмө ээлерине айрым ноу-хауну сыр кылып сактоого мүмкүндүк беришет. Эгер ушул жумушчу ыкма болуп саналса, ойлоп табууну ишке ашыруунун алгылыктуу деле болбогон ыкмасын көрсөтүүгө уруксат берилет.

44. Патенттик өтүнмөнүн рефераты деген эмне?

Реферат өтүнмөдө ачыкталган маалыматтын кыскача баяндалышын билдирет. Ал ойлоп табуунун же пайдалуу моделдин аталышын, анын техникалык чөйрөсүн, чечүүгө зарыл болгон техникалык маселелерин жана негизги техникалык белгилерин жана пайдалануу максатын камтыйт. Техникалык маалыматты

жалпыга маалымдоо каражаты катары реферат ойлоп табуунун сыпаттамасын же формуласынын пункттарын өзгөртүү үчүн негиз катары келтирилбейт же коргоо көлөмүн түшүндүрүү үчүн дагы пайдаланылбайт. Рефераттын укуктук статусу анын мүнөздөмөлөрү менен түшүндүрүлөт. Реферат ачыкталган маалыматтын кыскача баяндалышын билдирет, бул айрым дайындарды жоготууга жана укуктардын чектерине бүдөмүк түшүрүүгө алып келет. Укуктук контекстте укуктардын такталбаган чектери оңой эле талаш-тартышка алып келиши мүмкүн. Техникалык жактан жетишсиз маалымат берилген рефератты маалымдама катары гана пайдаланууга болот.

45. Патенттик ишенимдүү өкүл деген ким?

Өтүнмө берүүдө жана патентке байланыштуу башка маселелерди чечүүдө көпчүлүк учурда патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү тартуунун зарылдыгы келип чыгат. Патенттер атайын билимди талап кылган техникалык, ошондой эле укуктук жана экономикалык маселелерге байланыштуу. Техника жаатындагы адистер адатта өз чөйрөсүндөгү маселелерди чече алышат, бирок патенттик укук менен тааныштыгы жок. Өтүнмө берүүдө төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл: сиздин ойлоп табуу патентке жөндөмдүүлүк чен белгисине ылайык келеби? Ага патенттик өтүнмө берүүгө болобу? Муну ишке ашыруу керекби? Өтүнмө эзсинин кызыкчылыгына мыктыраак коргоонун көлөмүн кантип аныктаса болот? Патентке өтүнмөнү башка өлкөлөрдө берсе болобу? Ушул суроолорго так жооп берүү үчүн технологиялар, экономика жана патенттик укук жаатында тажрыйбанын болушу зарыл.

Патенттик ишенимдүү өкүлдөр ушул жаатгагы кесиптик даярдоодон өтүшөт. Алар өтүнмө эзлерине кеңеш гана бербестен, аларга патенттик маселелерди түшүнүүгө дагы жардам беришет. Мындан тышкары, патенттик ишенимдүү өкүл патенттик мыйзамдардын талаптарына ылайык өтүнмөнү коштой алат, бул патенттик ведомствонун түйшүгүн жеңилдетет жана экспертизанын мөөнөтүн кыскартат. Бул өтүнмө эзсине, ошондой эле патенттик ведомствого дагы пайда алып келет.

46. Артыкчылыкты аныктоонун билдирилген жана ойлоп табуучулук системалары деген эмне?

Патент адатта мамлекеттик органга кирген патенттик ведомство тарабынан берилет. Бир эле ойлоп табууга патент алууга эки же бир нече өтүнмө эзлери өтүнмө берсе, кимге патент берүү керек экендигин чечүү керек, анткени бир ойлоп табуу бир гана патент менен корголот. Мыйзамдардын дүйнөлүк тарыхын талдоодо эки чечим болгон: патент ойлоп табууну жараткан, биринчисине (ойлоп табуу системасы) берилет же ким биринчи өтүнмө берсе, ошол патент алат (өтүнмө берүүчү система). Мурда айрым өлкөлөр, тактап айтканда Канада, Филиппин жана АКШ биринчи ойлоп табуу системасын колдонушкан. Эми алар өтүнмө берүүчү системасына өтүшкөн.

Патент системасынын ишинин негизги принциби патентти биринчи ойлоп табуучуга берүүнү максатка ылайыктуу деп караштырат. Бирок биринчи ойлоп табуу системасынын төмөнкүдөй кемчиликтери бар: (1) ойлоп табуучулар ойлоп табууну чыгарууга жумшалган убакытынын бардык далилдерин сакташы жана күбөлөрдү алып келиши керек, бул көп убакытты жана акчаны талап кылат; (2) ойлоп табуучулар узак убакыттын ичинде өзүнүн ойлоп табууларын сыр кылып сакташат, анткени өтүнмөнү кечиктирип берүүдө, көп деле маани беришпейт; (3) патент эзлери мурда чыгарылган ойлоп табууга укуктардын бузулуу коркунучу болгонуна байланыштуу, ойлоп табууларды иштеп чыгуудан баш тарта алышат.

47. Патенттерди каттоо системалары менен маңызы боюнча экспертизанын системаларынын ортосунда кандай айырмачылык бар?

Ар бир өлкөдө патенттик экспертизанын өзүнүн жеке системасы иштейт. Бүткүл дүйнөдө эки система бар: патенттик каттоо жана маңызы боюнча экспертиза.

Патенттик каттоо системасы өтүнмөнүн материалдарын тариздөө талаптарына ылайык келдиби жана толугу менен толтурулдубу, ушуларды текшерүүнү караштырат. Айрым патенттик ведомстволор өтүнмө эзсинен эрежелерге ылайык тарызделген өтүнмө алгандан кийин, кечиктирбестен патент берет, бул мурда Бириккен Королдук жана АКШ системаларында колдонулган. Көпчүлүк өлкөлөрдө каттоо системасы пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө байланыштуу дагы деле колдонулат. Патент системасынын өнүгүшүнүн баштапкы этабында

биринчи күндөрү, ойлоп табуулар аз болгон, ал эми патенттик ведомстволордо ойлоп табуунун негизги белгилери боюнча экспертиза жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү системалык классификациялоо үчүн маалыматтар жетишсиз болгон учурда, көпчүлүк өлкөлөрдө каттоо системасы кабыл алынган. Каттоо системасынын эң чоң артыкчылыгы болуп жөнөкөй жол-жоболор саналат. Патенттик ведомствого эксперттердин көптөгөн санын кармоонун зарылдыгы жок, анткени экспертиза тез аткарылат. Кемчилиги болуп төмөн коюлган талаптар патенттердин төмөн сапатына алып келет, анткени илимий жана техникалык баалуулуктарга ээ болбогон өтүнмөлөр берилиши мүмкүн.

Маңызы боюнча патенттерди экспертизадан өткөрүү системасы ошондой эле толук экспертиза системасы катары дагы белгилүү болгон бул система АКШда 1836-жылы пайда болгон. Патенттик өтүнмөлөрдү формалдуу талаптарга ылайык келишин текшерүүдөн тышкары, өтүнмөдө сыпатталган ойлоп табуунун жаңылыгын, ойлоп табуу деңгээлин жана пайдалуулугун баалоого багытталган маңызы боюнча экспертиза өткөрүлөт. Мындай система патенттин жогорку сапатын камсыздай алат, патенттик укуктарды туруктуу кылат жана соттук териштирүүлөрдүн санын азайта алат. Кемчилигин айтсак, экспертиза көбүрөөк убакытты талап кылат жана бюрократиялык жол-жоболор көбүрөөк кезигет. Мисалы: 2017-жылы Кытайда ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө 3,7 млн. жакын өтүнмө берилген, аларга байланыштуу 11 000ден ашуун патенттик эксперттер иштеген.

48. Патент ээсине патент берүүдө кандай укуктар берилет?

Патент алгандан кийин патент ээси башкаларга анын патенттелген технологиясын чыгаруу аркылуу пайдаланууга тыюу салууга укуктуу. Тыюу салуу патенттелген продуктуларды пайдаланууга, сатууга же импорттоого жайылтылат. Бирок бул патент ээси өзүнүн патенттелген технологиясын пайдаланууга талашсыз укугу бар дегенди билдирбейт. Эгер Ганс Питердин патенттелген ойлоп табуусун жакшыртса жана өзүнүн жакшыртылган техникалык чечимин патенттесе, Питердин өзүнүн патентин пайдалануусу Ганстын укугун бузган болот.

Эгер Питердин патенти анын коргоо көлөмүнө карата пирог болсо, анда Ганстын патенти пирогдун ортосуна салынган азык болуп саналат. Азык ошол замат Питер менен Ганстын патенттеринин коргоо көлөмүнө өтөт дагы, эгер анын ойлоп табуусун пайдаланса, Ганс Питердин патентин бузат жана тескерисинче. Ушул дилемманы алып салууну жакшы ыкма чечет, мында патенттерди пайдалануу үчүн бири-бирине лицензия берилет. Лицензияга төлөм алынабы, алардын сүйлөшүүсүнө жараша болот.

Эгер сиз аны пайдалана аласыз деген кепилдик берилбесе, патентти алууга өтүнмө берүүнүн кереги эмне деген суроо келип чыгышы мүмкүн. Мисалы: компаниялар үчүн патенттик пул зарыл; ал жок болсо, анда сиз башкалар менен сүйлөшүүдө алсыз позицияда болосуз. Патент көпүрөнүн тосмолоруна окшош, качан бардыгы жакшы болгондо, аларга маани деле беришпейт. Бирок аны алып салары менен, сиз көпүрөдөн өтө албай каласыз. Эгер бизнес жүргүзүүнү бул күрөшүү менен салыштырсак, патенттердин пулу – бул арсенал, аны сиз атаандашыңызга каршы күрөшүү үчүн пайдалана аласыз.

Белгиленген көйгөйлөрдү чече турган техникалык чечимдер өтө эле аз, бул жаратылыш мыйзамы менен чектелишин түшүндүрөт. Эгер компанияда атайын тармакта суурулуп чыгуу үчүн бир нече ири патенттер болсо, ал ушул аймакта жакшы бекемделгенин билдире алат. Мисалы: коммуникациялар рыногунда бардык оюнчулардын патенттери бири-бири менен тыгыз байланышкан. Бирдей патенттик күчкө ээ болгон компаниялар бири-бири менен жеңил эле атаандаша алышпайт, бирок жетишерлик патенттик резервдер алардын ишин улантууга кепилдиктерди камсыздайт.

49. Патентти мажбурлоо лицензиясы деген эмне?

Мажбурлоо лицензиясы болуп патенттик укуктарды олуттуу чектөө саналат. Бул лицензиянын түрлөрүнүн бири, ал боюнча лицензиат атайын сыйакыларды төлөшү керек. Кимге мажбурлоо лицензиясы керек болсо, патент ээсинин атаандаштары боло алышат жана алардын патентти пайдалануусу көпчүлүк учурда анын финансылык кызыкчылыктарына зыян келтирет. Патент ээсинин атаандаштарына мажбурлоо лицензиясын берүүнүн зарылдыгы мамлекеттик бул саясий пикирлер менен түшүндүрүлөт.

Эгер Томас Эдисон электр лампасын ойлоп чыгарбаса, аны башка адам деле ойлоп тапмак. Көпчүлүк учурда изилдөөлөр жана

иштелмелер жарышууга окшош, мында марага биринчи жеткендер бардыгын жеңишет, ошол эле убакта башкалар эч нерсеге ээ болбойт. Эгер патент ээси өз патентин колдонбой турганын чечсе жана лицензияны ойдогудай баада бербесе, бул илим жана техниканын илгерилешине жана коомдук кызыкчылыктарды талап кылууга тоскоолдук келтирет. Бул учурда мажбурлап лицензиялоо бардык кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын жөнгө салуунун жалгыз ыкмасы болуп саналат. Ал негизинен патент ээсин технологияга лицензия берүүгө мажбурлоодон турат жана ал үчүн сыйакы алат. Мисалы: эгер өлкөдө өзгөчө абал же атайын патенттелген дары препаратын массалык түрдө чыгаруу талап кылынган кайсы-бир оорунун эпидемиясы болсо, мажбурлоочу лицензиялар тиешелүү квалификацияга ээ болгон башка компаниялар тарабынан аны чыгаруу мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.

Патент ээсинин кызыкчылыгына зыян келтирбес үчүн мажбурлоочу лицензиялар жеке тартипте макулдашылышы керек жана лицензияларды берүүнү караштырбайт. Мисалы: Кытайда бир дагы мажбурлоочу лицензия берилген эмес.

50. Эмне үчүн өнөр жай үлгүлөрүнө мажбурлоо лицензиясы колдонулбайт?

Мажбурлоо лицензиясы ойлоп табууларга жана пайдалуу моделдерге гана колдонулат, тышкы көрүнүшүнө тиешелүү өнөр жай үлгүлөрүнө колдонулбайт. Анткени техникалык чечимди натыйжалуу ишке ашыруунун ыкмаларынын чектелген саны бар. Ойлоп табуулар жаратылыш мыйзамына баш ийет; электр лампасын Томас Эдисонбу же башка адам болобу, ким ойлоп таап, чыгарса дагы, акырында окшош натыйжа келип чыкмак же болбосо аны пайдалануу мүмкүн эмес болмок. Эгер башка адамдарга патенттик лицензия берүүдөн баш тартылса, балким аларда көйгөйдү чечүүнүн башка жолу жок.

Өнөр жай үлгүсү тууралуу башкача түшүндүрө алабыз, анткени ал продукттун формасына, оюу-чийүүсүнө же түсүнө байланыштуу болот. Биз кооз буюмсуз деле жашай алабыз, бирок биздин жашоо кызыксыз болуп калчудай. Мажбурлоо лицензиясы башка адамдардын укуктарын чектейт жана качан абдан зарыл болгондо гана колдонулат. Биз искусствосуз деле жашай алабыз, ошондуктан өнөр жай үлгүсүнө укуктарды чектөөгө эч кандай негиздер жок. Азыркы убакта негизги эреже болуп башка жактардын укуктарын сыйлоо саналат, ошондуктан эгер ал өтө эле зарыл болбосо, мажбурлоо лицензиясы колдонулбашы керек.

51. Берилген патент кандай себептер боюнча жараксыз деп жарыяланышы мүмкүн?

Патент берүү ал анын күчүнүн мөөнөтү бүткөнгө чейин жарактуу болоруна кепилдик бербейт: ал жараксыз деп жарыяланышы мүмкүн же берилген коргоо көлөмү кайра сурап алуу же жараксыз деп таануу жол-жоболорунун алкагында азайтылышы мүмкүн.

Патенттик экспертиза процессинде өтүнмөлөрдүн көптөгөн санына байланыштуу эксперт ар бир өтүнмөгө убакыттын чектелген санын жана аракетин бөлө алат. Мисалы: Кытайда 2017-жылы патенттердин үч түрүнө өтүнмөлөрдүн жалпы саны 3 миллиондон ашкан. Эксперттерге абдан күч келет жана ар бир эксперт бир ойлоп табууга экспертиза өткөрүүгө орточо эки күнгө жакын убакытын жумшайт. Ушул себепке байланыштуу эксперттин жумушу алдын ала текшерүүдөн жана коргоо көлөмүн көрсөтүүдөн турат. Эгер белгилөөдө кандайдыр бир ката кетирилсе, анда атаандаш патенттин аныктыгын талаша алат.

Дүйнөдө жыл сайын патенттердин көптөгөн саны берилет, бирок көп болбогон бөлүгү гана жогорку экономикалык баалуулукка ээ. Ар бир өтүнмөнү иштеп чыгууга жана коргоо көлөмүн так аныктоого көп убакыт кетирүү максатка ылайыксыз. Иш жүзүндө экспертиза процессинде алдын ала тандоо жүргүзүү жана жараксыз деп таануу жол-жоболорунун алкагында айрым баалуу патенттердин коргоо көлөмүн кайрадан карап чыгуу мүмкүнчүлүгүн берүү өтө натыйжалуу болот.

52. Эл аралык патенттик жиктеме деген эмне?

Дүйнөдө патенттик документтердин эбегейсиз саны сакталат. Коомчулуктун өкүлдөрүнө илимий жиктеме системасы болбосо, зарыл документтерди табуу өтө кыйын болмок.

1971-жылы Страсбург макулдашуусу менен түзүлгөн Эл аралык патенттик жиктеме (ЭПЖ) алар кирүүчү, техниканын ар түрдүү жаатыбоюнча патенттерди жана пайдалуу моделдерди жиктештирүү үчүн символдордун тилине карабастан, иерархиялык системаны аныктайт. ЭПЖ аларга ойлоп табуулардын патенттери кирген, техникалык бардык

жааттарын бөлүмдөргө, класстарга, классчаларга, топторго жана топчолорго бөлүштүрөт.

A: Адамдын турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу

Б: Ар түрдүү технологиялык процесстер; ташуу

C: Химия; металлургия

D: Текстиль; кагаз

E: Курулуш жана тоо иши

F: Машина куруу; жарык берүү; жылытуу; кыймылдаткычтар жана соргучтар; куралдар жана ок-дарылар; жардыруучу иштери

G: Физика

H: Электр кубаты

53. Өнөр жай үлгүлөрүнүн эл аралык жиктемеси деген эмне?

1968-жылы Париж конвенциясынын мүчө-мамлекеттери Өнөр жай үлгүлөрүнүн эл аралык жиктемесин түзүү жөнүндө Локарно макулдашуусуна (Локарно жиктемеси) кол коюшкан, ал өнөр жай үлгүлөрүнүн жиктемесинин стандарттарын белгилейт. Локарно жиктемесинде араб сандары менен номерленген, класстардан жана классчалардан турган, эки деңгээлдүү түзүм пайдаланылат.

Өнөр жай үлгүлөрүнүн эл аралык жиктемеси 32 класстан турат:

1-класс Тамак-аш продуктулары

2-класс Кийимдер жана галантерея

3-класс Жол буюмдары, футлярлар (кутулар), кол чатырлар жана башка класстарга киргизилбеген жеке колдонулуучу буюмдар

4-класс Щетка буюмдары

5-класс Текстиль, даана жана кесилген буюмдар, жасалма жана табигый тунуке материалдар

6-класс Эмеректер менен жабдуулар

7-класс Башка класстарга киргизилбеген үй буюмдары

8-класс Аспаптар жана металл буюмдар

9-класс Товарларды ташуу, манипуляциялоо же сактоо үчүн пайдаланылуучу идиштер, таңгактар жана контейнерлер

10-класс Өлчөө, контролдоо жана ишараттоо үчүн сааттар, башка алеттер жана аспаптар

11-класс Жасалгалоо буюмдары

12-класс Транспорт каражаттары же көтөргүч түзүлүштөр

13-класс Электр энергиясын өндүрүү, бөлүштүрүү же кайра өзгөртүп түзүү үчүн жабдуулар

14-класс Маалыматтарды жаздыруу, берүү, издөө жана иштеп чыгуу үчүн жабдуулар

15-класс Башка класстарга киргизилбеген машиналар жана станоктор


16-класс Фото жана киноаппаратура, оптикалык алеттер

17-класс Музыкалык аспаптар

18-класс Типографиялык жана кеңсе жабдуулары

19-класс Канцелярриялык жана кеңсе буюмдары, көркөм чыгармачылык жана окутуу үчүн ыңгайлаштыргычтар, материалдар жана тиешелүү буюмдар

20-класс Соода жана жарнама жабдуулары, көрсөткүч белгилер



Автордук
укуктун негиздери



В Р Т Д У К У К У К

54. Автордук укук деген эмне?

Негизинен айтканда, автордук укук автордун көпчүлүк учурда "чыгармалар" деп аталуучу, адабий же көркөм иштерин коргойт. Автордук укук – бул авторлордун жана чектеш укуктар ээлеринин алардын чыгармаларына болгон укугу жана чектеш объектилер, мисалы: жазуучулардын китептерине болгон автордук укугу, сүрөтчүлөрдүн сүрөттөрүнө автордук укугу, фотосүрөтчүлөрдүн фотосүрөттөрүнө автордук укугу. Автордук укук чакан маанисинде авторлордун өздөрүнүн чыгармаларына карата автордук укугун билдирет. Кеңири маанисинде болсо, автордук укук системасына ошондой эле аткаруучулардын, аудиовизуалдык продукцияны чыгаруучулардын, берүү уюмдарынын, басып чыгаруучулардын ж.у.с. укуктары кирет, аны көпчүлүк өлкөлөрдө "чектеш укуктар" деп аташат (55-суроону карагыла).

Берн конвенциясына ылайык корголуучу адабий жана көркөм чыгармаларга китептер, китепчелер жана башка жазуу чыгармалар менен кошо, анын жазылуу ыкмасына жана түрүнө карабастан, адабият, илимий жана искусство жаатындагы кандай болбосун продукция; лекциялар, чыгып сүйлөгөн сөздөр, насыяттар жана башка ушу сыяктуу чыгармалар; драмалык жана музыкалык-драмалык чыгармалар; хореографиялык чыгармалар жана пантомималар; тексти бар жана тексти жок музыкалык чыгармалар; кинематографиялык чыгармалар, аларга кинематографияга окшош ыкма менен көрсөтүлгөн чыгармалар теңештирилет; сүрөттөр, живопись, архитектура, скульптура чыгармалары, оюп түшүрүү жана литография; фото чыгармалар жана фото-сүрөткө окшош ыкмалар менен алынган чыгармалар; колдонмо искусство чыгармалары; географияга, топографияга, архитектурага же башка илимдерге таандык кылынган иллюстрациялар, карталар, пландар, эскиздер жана пластикалык чыгармалар кирет. Автордук укук жөнүндө заманбап келишимдер бул тизмени кеңейтип, ага чыгармалардын жаңы түрлөрүн кошкон, мисалы: маалыматтар базалары жана программалык камсыздоо. Көпчүлүк категориялардын чыгармалары автордук укук жөнүндө эл аралык келишимдерге ылайык корголот, бирок колдонмо искусство чыгармалары сыяктуу чыгармалардын айрым категорияларын коргоо мүчө-мамлекеттердин кароосуна калтырылат.

Автордук укук мүлктүк, ошондой эле жеке мүлктүк эмес укуктарды коргойт. Бул укуктун эки түрүн көпчүлүк учурда экономикалык жана моралдык укуктар деп аташат. Илгерки кытай макал-лакабында: "чыгармада автордун мүнөзү чагылдырылат" деп айтылган. Чынында эле ар түрдүү авторлор бир эле тема боюнча жазышса деле, натыйжада алар айырмаланып турушат, ошондуктан чыгарма көпчүлүк учурда автордун жек өзүнүн уландысы катары каралат. Дүйнөлүк тарыхта автордук укук жаатындагы мыйзамдардын эки түрдүү системалары колдонулуп келген. Бириккен Королдук менен АКШ сунуштаган бир системанын алкагында автордук укук адабий жана көркөм чыгармаларды жаратууга шыктандыруучу мамлекеттик саясаттын продукту катары каралат, ушуга байланыштуу автордун мүлктүк укуктарына өзгөчө көңүл бурулат. Ал эми башкалар, мисалы: Франция жана Германия сунуштаган система чыгарманы автордун жеке өзүнүн уландысы жана анын мүнөзүн чагылдыруу катары карашып, автордун жеке укуктарын коргоого өзгөчө көңүл бурушат. Ушул эки системанын негизги өлкөлөрү Берн конвенциясынын мүчөлөрү болуп саналгандыктан жана бири-биринен үйрөнүп жатышкандыктан, эки системанын ортосундагы айырмачылыктар акырындык менен жоюлуп бара жатат.

55. Чектеш укуктар деген эмне?

Чектеш же байланыштуу укуктар - бул чыгармалардын авторлору же жаратуучулары болуп саналбаган, бирок чыгармаларга тыгыз байланыштуу жактарга берилүүчү укуктар, мисалы: алар автордук укук менен корголгон адабий же көркөм чыгармаларды жайылтышат же чыгармаларды көрсөтүү үчүн өздөрүнүн техникалык же уюштуруу ыкмаларын пайдаланышат. Эл аралык келишимдерге ылайык чектеш укуктар аткаруучуларга, фонограмма чыгаруучуларга (үн жаздыруу) жана уктуруу уюмдарына берилет. Аткаруучулар ырлар жана драмалык чыгармалар сыяктуу, автордук укук менен корголуучу тиешелүү чыгармаларга өзгөчө интерпретацияларды жаратышат; фонограмма чыгаруучулар өндүрүшкө чыгармачылык, финансылык жана уюштуруу ресурстарын жумшайт, андан кийин бир же бир нече аткаруучулардын жаздырган ырларын (музыкалык чыгармаларды) жайылтууга салымын кошот; ал эми уктуруу уюмдары программаларды түзүү жана уктуруу ишаратын жайылтуу үчүн өздөрүнүн финансылык жана уюштуруу ресурстарын пайдаланышат. Айрым өлкөлөрдө дагы чыгармаларды даярдоого жана жайылтууга байланыштуу башка жактардын топторуна дагы чектеш укуктарды беришет, мисалы: басып чыгаруучуларга. Чектеш укуктар ээлеринин маанилүү ролду аткаргандыгын эске алып, автордук укук менен корголуучу чыгармаларды аткарууну же көрсөтүүнү камсыздоочуларга дагы укуктар берилет жана алардын салымын тануу жана коргоо максатында аларды жайылтууга көмөктөшөт.

Айрым өлкөлөрдө чектеш укуктар ИМ жөнүндө мыйзам же автордук укук жөнүндө мыйзамдардын алкагында же өзүнчө ченемдик актылар менен корголот. Бирок көпчүлүк өлкөлөрдө бул укуктар эмгек, келишимдик мыйзамдар же атаандаштыкты коргоо жөнүндө мыйзамдар менен корголот. Чектеш укуктар көпчүлүк учурда чектөөлөрдүн жана өзгөчөлүктөрдүн предмети болуп саналат.

56. Автордук укуктун контекстинде өзгөчөлүк деген эмне?

Чыгармалар автордук укук менен корголушу үчүн алар өзгөчө болушу же башкача айтканда өзгөчөлүккө ээ болушу керек. Өзгөчөлүк деп чыгарманы өз алдынча жаратуу түшүндүрүлөт, башкача айтканда башка чыгарманы көчүрүп алууга жол берилбейт. Бул чыгарма өзгөчө жаңылыкка же өзгөчөлүккө ээ болушу керек дегенди билдирбейт. Негизинде бир эле идея же концепция берилген эки абдан окшош чыгармалар, эгер бири экинчисинен көчүрүп алынбаса, бир эле убакта автордук-укуктук коргоо менен пайдаланышы мүмкүн. Авторлор ошондой эле башка авторлордун чыгармаларынын негизинде чыгармаларды жарата алышат, мисалы: китепти англис тилинен кытай тилине которуу же китеп боюнча фильм тартуу. Эгер автордук укук менен корголгон өзгөчө чыгарманы коргоонун күчүнүн мөөнөтү өтө элек болсо, которуунун же ыңгайлаштыруунун алдында укук ээсинен уруксат алуу зарыл.

Чыгарма корголушу жана өзгөчө деп эсептелиши үчүн ал атайын чыгармачылык деңгээлге ээ болушу керек. Автордук укук жөнүндө улуттук мыйзамдарда бирдей талаптар жок: айрым өлкөлөр жогору, ал эми башкалары төмөн талаптарды белгилешүүдө. Жалпысынан талап кылынган чыгармачылык деңгээл жогору деле эмес.

Өзгөчөлүк деңгээли болжолдонгон көчүрүү жөнүндө талаш-тартыштарды чечүүгө таасирин тийгизбейт, бирок иш жүзүндө өзгөчөлүгү төмөн деңгээлдеги көптөгөн чыгармалар аларга кимдир-бирөө укук бузгусу келсе дагы, жетишерлик баалуулукка ээ эмес. Өзгөчөлүгү жогору деңгээлдеги чыгармаларга байланыштуу соттук териштирүү учурунда эгер башка чыгарма ага окшош болсо, плагиатты жеңил эле далилдөөгө болот. Өтө деле өзгөчөлөнбөгөн чыгарманын авторуна окшоштук жөн гана ылайык келгендиги менен эмес экендигин тастыктоо үчүн көбүрөөк далилдер талап кылынат. Мында өзгөчөлүктүн босоголук деңгээли болушунча төмөн, негизинен ал автордук укук системасынын натыйжалуу иштешин камсыздайт.

57. Кандай укуктар өзүнө автордук укукту камтыйт?

Автордук укукка кандай укуктар кирет деген суроо бардык өлкөлөрдүн автордук укук жөнүндө мыйзамдарынын маанилүү өнүгтөрүнүн бири болуп саналат. Ар түрдүү өлкөлөрдө бирдей болбогон экономикалык шарттарга, маданий салттарга жана баалуулуктарды ар түрдүү кабыл алууга байланыштуу автордук укук жөнүндө ченемдер бири биринен айырмаланат жана ар түрдүү ыкмалар менен билдирилет. Көпчүлүк өлкөлөрдө автордук укук жөнүндө мыйзамдарда моралдык (жеке мүлктүк эмес)

жана экономикалык (мүлктүк) укуктардын ортосунда айырмачылыктар бар.

Жеке мүлктүк эмес укуктарга адатта төмөнкүлөр кирет: (1) чыгарманын автору катары белгилүү болуу укугу, аны көпчүлүк учурда "атрибуцияга укук" же "авторлукка укук" деп аташат; жана (2) чыгарманын кол тийбестигине укук, б.а. чыгарманын негизги маанисин (анын бүтүндүүлүгүн) бузуучу жана автордун кадыр-баркына шек келтирүүчү, чыгарманы бурмалоонун алдын алуу укугу. Аларга ошондой эле чыгарманы жарыялоого же элге маалымдоого, ошондой эле жарыяланган чыгармага өзгөртүүлөрдү киргизүү укугу дагы кирет.

Мүлктүк укуктарга төмөнкүлөр кирет: (1) адабий чыгармаларды көчүрмөлөө сыяктуу, ушул эле формада даяр чыгармаларды даярдоо максатында кайра чыгарууга укук - бул мүлктүк укуктар категориясындагы негизги укук; (2) кирелөөгө укук, б.а. төлөм алуу аркылуу аудиовизуалдык чыгармалардын же компьютердик программалык камсыздоонун түп нускаларын же көчүрмөлөрүн убактылуу пайдалануга башка жактарга лицензияларды берүү; (3) чыгарманы эфирден аткаруу, берүү, Интернеттен көрсөтүү жана жайылтуу аркылуу жалпыга билдирүүгө укук берүү; жана (4) түпкү чыгарманын, анын ичинен котормолордун, адаптациялардын жана компиляциялардын негизинде туунду чыгармаларды чыгарууга контролдоо укугу, аны көпчүлүк учурда котормого жана кайра иштеп чыгууга укук деп аташат.

58. Аткаруучуларга кандай укуктар берилет?

Аткаруучулардын укуктары аткаруу ишинин алкагында алардын өзгөчө интеллектуалдык эмгегин таануу максатында автордук укук жөнүндө эл аралык конвенциялар жана улуттук мыйзамдар менен белгиленет. Аткаруучулардын укуктары ошондой эле мүлктүк же жеке мүлктүк эмес укуктарга бөлүнөт. Рим конвенциясында жана ТРИПС боюнча макулдашууда аткаруучулардын жеке мүлктүк эмес укуктары караштырылган эмес, бирок Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМБДУнун келишими (ДИФ) төмөнкүлөрдү түздөн-түз караштырат: аткаруучу алардын аткарууларын аткаруучу катары таанууну талап кылууга жана анын кадыр-баркына зыян келтирүүчү кандай болбосун бурмалоого каршы болууга укугу бар, мында аларды коргоо мөөнөтү эң аз болгондо мүлктүк укуктардын коргоо мөөнөтүнө барабар. Рим конвенциясында жана ДИФде белгиленгендей, аткаруучулар өз аткарууларына мүлктүк укуктарга, анын ичинен өзүнүн жаздырылбаган аткарууларын эфирден берүүнү коргоо, өзүнүн аткарууларын жаздыруу, жазмаларын кайра чыгаруу, ошондой эле өзүнүн аткарууларын Интернет аркылуу жайылтуу укугуна ээ болушат. Аткаруучулар өз аткарууларына байланыштуу, сыйакы үчүн лицензияларды бере алышат. Коргоо мөөнөтү 50 жылды түзөт, ал аткарган учурдан тартып 50-жылдын аягында мөөнөтү бүтөт. Албетте, аткаруучулар автордун уруксатын алышы жана анын чыгармаларын аткаргандыгы үчүн сыйакы төлөшү керек.

59. Үн жана видео жаздыруучуларга кандай укуктар берилет?

Үн жаздыруучулардын укуктары (форматына карабастан расмий тексттерде "фонограммалар", ал эми тармакта – "үн жазуу" деп аталуучу) эл аралык конвенцияларда жана улуттук мыйзамдарда каралган. Рим конвенциясына, ТРИПС боюнча макулдашууга жана ДИФке ылайык фонограмма чыгаруучулар чектеш укуктар ээлери болуп саналат жана фонограммаларды кайра чыгаруу, киреге берүү жана анын ичинен Интернет аркылуу жайылтуу сыяктуу мүлктүк укуктарга ээ болушат.

Мисалы: жазуудан кийин (ал винил дискте, кассетада, компакт-дискте, MP3 форматынын файлында же санариптик файлда жазылышы мүмкүн) үн жаздыруучулардын ишин аткаруучу катары көпчүлүк учурда үн жаздыруу компаниялары чыгат, демек ушул компаниянын уруксатысыз башка эч кандай жак жазууну көчүрүүгө, сатууга, киреге берүүгө же Интернет аркылуу жайылтууга укуксуз. Айрым өлкөлөрдө радиостанциялар, телеканалдар, соода борборлору жана барлар чыгаруучуга жазууну угузгандыгы үчүн сыйакы төлөөгө укуктуу. Ошондой эле үн же видео жаздырууну каалаган фонограмма чыгаруучулар жана видео жаздыруучулар автордук укук менен корголгон, тиешелүү чыгарманы, мисалы: музыкалык чыгарманы, пайдалануга автордун уруксатын алууга жана сыйакы төлөөгө милдеттүү.

Үн жаздыруучулардын чектеш укуктарынан айырмаланып, видео жаздыруучулардын укуктары жалпысынан айрым өлкөлөрдө гана караштырылган, анда континенталдык системалар иштейт (жалпы эмес), ушуну менен бирге төмөн деңгээлдеги өзгөчөлүгүнө байланыштуу аудиовизуалдык чыгармаларга

кирбеген, видео жаздыруучулардын укуктары түшүндүрүлөт.

60. Көрсөтүү-берүү уюмдарына кандай укуктар берилет?

Берүү уюмдарына радиостанциялар жана телекөрсөтүү каналдары кирет. Рим конвенциясына жана ТРИПС боюнча макулдашууга ылайык берүү уюмдары чектеш укуктар ээлери болуп саналат жана эфирден чыгармаларды берүүгө, белгилөөгө жана кайталап көрсөтүүгө укуктуу. Башкача айтканда, берүү уюмдары башка берүү уюмдарына уруксатсыз эфирден чыгармаларды берүүгө, жаздырууга же кайталап көрсөтүүгө тыюу салууга укуктуу.

Мисалы: А телеканалы атайын спорттук иш-чараны көрсөтүүгө укуктуу. Ал эми В телеканалы А каналынын уруксатысыз А каналынын иш-чарасын эфирден кайталап көрсөтүүгө укуксуз жана эч бир башка жак А каналынын иш-чарасын жаздырууга жана кайрадан көрсөтүүгө укуксуз. (Айрым өлкөлөрдө керектөөчү жеке коммерциялык эмес пайдалануу үчүн бир нускада жаздырып алууга укуктуу). ТРИПС боюнча макулдашуу ушул укуктардын 20 жыл коргоо мөөнөтүн караштырат, бирок айрым өлкөлөр, анын ичинен КЭР дагы коргоо мөөнөтүн 50 жылга чейин узартышты.

61. Чыгарманы коргоонун күчүнүн мөөнөтү кандай?

Автордун мүлктүк укуктары чектелген мөөнөттүн ичинде колдонулат, ушуга байланыштуу ар түрдүү өлкөлөрдүн улуттук ченемдери коргоонун ар түрдүү мөөнөтүн караштырат. Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө келишимдер чыгармалардын көптөгөн түрлөрү үчүн коргоонун минималдуу мөөнөтүн караштырат, бирок өлкөлөр узагыраак мөөнөтөрдү белгилей алышат. Берн конвенциясына жана ТРИПС боюнча макулдашууга ылайык автордук укук автордун бүткүл өмүрүнүн аралыгында жана ал өлгөндөн кийин дагы 50 жыл бою корголот. Европада жана АКШда коргоо мөөнөтү анын бүткүл өмүрүнүн аралыгында жана автор өлгөндөн кийин дагы 70 жыл корголот. Берн конвенциясы менен караштырылган фотографиялык чыгармаларды жана колдонмо искусство чыгармаларын коргоонун минималдуу мөөнөтү ал чыгарылган датадан тартып 25 жылды түзөт.

Берн конвенциясына ылайык авторго берилүүчү жеке мүлктүк укуктардын коргоо мөөнөтү эч болбогондо, мүлктүк укуктарды коргоо мөөнөтү менен бирдей болушу керек. ТРИПС боюнча макулдашуу автордун жеке мүлктүк эмес укуктарын милдеттүү түрдө коргоону талап кылбайт. Айрым өлкөлөрдө жеке мүлктүк эмес укуктар түбөлүк колдонулат жана коргоо мөөнөтү жөнүндө ченемдер жок, анткени ал чектелген эмес.

62. Компьютердик программалык камсыздоо автордук укук менен корголобу?

Компьютердик программалык камсыздоо көптөгөн өлкөлөрдө автордук укук менен корголот. ТРИПС боюнча макулдашууга ылайык адепки же объекттик код түрүндөгү компьютердик программалар адабий чыгармалары катары корголушу керек.

Чыгарма ал жаралган учурдан тартып эле автордук укук менен автоматтык түрдө корголгондуктан, автордук-укуктук коргоо алуу үчүн компьютердик программалык камсыздоону каттоонун зарылдыгы жок. Бирок программалык камсыздоонун өтө баалуулугун эске алып, укук ээлери көпчүлүк учурда автордук укуктарды тастыктоо жана чыгарманы жаратууга жумшалган убакытты коргоо үчүн өз чыгармасын каттоодон өткөрүшөт. Программалык камсыздоону коргоонун артыкчылыгы автоматтык түрдө күчүнө кирүүсүнөн, ыктыярдуу каттоону жөнөкөй тариздөөдөн жана адабий чыгармаларды коргоо мөөнөтү менен бирдей узак коргоо мөөнөтүнөн турат, б.а. автордун бүткүл өмүрүнүн аралыгында же эгер юридикалык жак автор болуп саналса, чыгарма жазылып бүткөндөн кийин 50 жыл корголот. Автордук укук чыгарманы, б.а. идеянын өзүн эмес, идеяны билдирүүнү коргойт. Программалык камсыздоо көпчүлүк учурда техникалык функцияларга ээ, алар автордук-укуктук коргоонун параметрлерине туура келбеген "идеяларга" кирет; укук ээлери башкаларга ошол эле концепциянын негизинде окшош программалык камсыздоону иштеп чыгууга тыюу сала алышпайт. Анткени программалык камсыздоонун техникалык функциялары патент менен корголушу мүмкүн, көпчүлүк учурда патентке өтүнмө берүү аркылуу программалык камсыздоону коргоо сунушталат. Программалык камсыздоону ИМ укуктары менен коргоонун эн мыкты ыкмасын ар бир

өлкөнүн мыйзамдарын эске алуу менен тандоо керек.

63. Кандай объектилер автордук укук менен корголбойт?

Автордук укук менен маданият жана искусство жаатындагы өзгөчө чыгармалар корголот, ушуга байланыштуу өзгөчөлүк ар түрдүү адамдар жараткан чыгармалар бири-бирине абдан окшош болушу мүмкүн, бирок эч качан бири бирин кайталабайт дегенди билдирет, эгер бир чыгарма экинчисинен көчүрүлүп алынбаса. Эгер чыгарма ушунчалык жөнөкөй болсо, аны ким жаратканына карабастан, болжол менен бирдей эле көрүнсө, өзгөчөлүгү жетишсиз болгондуктан, ал автордук-укуктук коргоого алынбайт. Мисалы: макаланын же китептин аталышы автордук укук менен корголгон эмес, анткени ал абдан эле кыска. Айрым өлкөлөрдө автордук укук жөнүндө улуттук мыйзамда чыгарманын аталышы автордук укук менен коргоого тиешелүү эмес деп түздөн-түз айтылбаса дагы, иш жүзүндө эреже катары корголбойт.

Өзгөчөлүктүн талап кылынган деңгээли өлкөлөрдүн арасында абдан айырмаланышы мүмкүн. Мисалы: акыркы жаңылыктар жөнүндө билдирүүлөрдү карап чыгалы, айрым өлкөлөрдө алар автордук укук менен корголбойт, ал эми башкаларында корголот эгер (аларга автордук укуктун өзгөчөлүгү жайылтылса дагы).

Бирок бул учурда конкреттүү автордун чыгармадагы фактылары, идеялары же принциптери корголбостон, ушул фактыларды, идеяларды же принциптерди өзгөчө баяндоо корголот. Ошентип эгер жаңылык макалалары автордук укук менен корголсо дагы, ар түрдүү авторлор бир эле фактынын негизинде ар түрдүү макалаларды жаза алышат. Чыгарманын автордук-укуктук коргоосу же анын болбогондугу аны жарыялоого же жайылтууга мыйзамдуу тыюу салууга байланыштуу эмес экендигин белгилей кетели. Айрым өлкөлөрдө иш жүзүндө автордук-укуктук коргоо берилиши мүмкүн болгон порнографиялык чыгармаларга тыюу салынат. Бирок чыгарма мыйзамсыз жарыяланган же тыюу салынган өлкөлөрдө автордук укукту сактоону камсыздоодо кыйынчылыктар келип чыгышы мүмкүн, өзгөчө эгер аны коргоо кылмыш ишин тааануу менен бирдей болсо.

64. Продукт боюнча колдонмо автордук укук менен корголобу?

Продукт боюнча колдонмо эреже катары, астыңкы мукабасынан, тексттик түшүндүрмөлөрү менен продуктунун чиймесинен, анын функцияларынын сыпаттамасынан, техникалык параметрлеринен, пайдалануу максатынан же ыкмасынан жана арткы мукабасынан турат. Көпчүлүк учурда бул маалыматты эч кандай өзгөчөлүксүз, түшүндүрүү тартибинде жөнөкөй тил менен баяндашат. Ошондуктан автордук укукта өзгөчөлүктүн босоголук деңгээли төмөн болгондуктан, көпчүлүк учурда продукт боюнча колдонмо автордук укук менен корголот. Автордук укук баяндалуучу жана сүрөттөлүүчү фактыларга жана функцияларга эмес, тексттеги жана чиймелердеги алардын айрым чагылдырууларына гана жайылтылат.

Атаандаштардын арасында плагиат жана окшоштуруп даярдоо кеңири жайылтылган. Бирок жабырлануучу көпчүлүк учурда диллемага кезигет: эгер божомолдонгон укук бузуучу плагиат менен алектенсе же жабырлануучунун товардык белгисин пайдаланбастан, анын чыгармасына окшоштурса, жабырлануучу эгер тиешелүү патенти болбосо, товардык белгиге укук бузуу жөнүндө арыздана албайт; ошондой эле жабырлануучу плагиаттан же окшоштуруудан патентти бузгандыгы жөнүндө арыздана албайт. Эгер сиздин продукт боюнча колдонмо плагиаттын объекти болсо, вариант катары, сиз укук бузуучуну автордук укукту бузгандыгы жөнүндө айыптай аласыз. Бирок бул учурда дагы продукт боюнча колдонмонун өзгөчөлүк деңгээли төмөн болгондуктан, плагиатчылар колдонмого олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү менен, автордук укукту бузган айыптоодон жеңил эле кутула алышат. Ушуга карабастан, товардык белгилер жана патенттер жөнүндө мыйзамдарда укуктук коргоонун ылайыктуу каражаттары болбосо, автордук укук жөнүндө мыйзамдардын алкагында коргоону пайдаланууга болот.

65. Элдик искусство автордук укук менен корголобу?

Элдик искусство – бул улуттук же этникалык топтор жараткан адабий, көркөм жана илимий чыгармалар, алар муундан муунга өткөрүп берилип келген жана ушундай улуттук же этникалык топтун салттуу мурасынын негизги

бөлүгүн түзөт, мисалы: фольклор, поэзия, табышмактар, этникалык ырлар, этникалык бийлер, этникалык музыкалык аспаптар, аземдер, картиналар, скульптуралар, карапа буюмдары, саймалар, килемдер, кийимдер, архитектуралык чыгармалар ж.у.с. Ушул чыгармаларды белгилөө үчүн ошондой эле "маданияттын салттуу көрүнүштөрү" (МСК) деген термин пайдаланылат.

Элдик искусствонун көпчүлүк көрүнүштөрү теория боюнча автордук укук менен корголот, анткени алар автордук укуктар чөйрөсүнө тиешелүү. Мисалы: өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн автордук укук жөнүндө Тунис типтүү мыйзамына (Тунис типтүү мыйзамы) ылайык элдик искусство автордук укуктарды коргоо чөйрөсүнө кирет, типтүү мыйзам ЮНЕСКО жана ИМБДУнун жардамы менен Тунисте кабыл алынган. Азыркы убакта ондогон өлкөлөрдө элдик искусствону коргоону тигил же бул ыкма менен караштырган мыйзамдар колдонулат, ушуга байланыштуу ушундай мыйзамдардын айрымдары Тунис типтүү мыйзамына негизделген. ИМБДУнун мүчө-мамлекеттери маданияттын салттуу көрүнүштөрүн коргоо маселесин Салттуу билимдер, генетикалык ресурстар жана фольклор боюнча өкмөттөр аралык комитеттин (ГРМК) ишинин жүрүшүндө карашат. Бирок элдик искусство көптөгөн параметрлери боюнча автордук укуктун системасына кирбейт. Мисалы: автордук укукту коргоонун мөөнөтү чектелет, ал эми элдик искусство маданий мураска киргендиктен, дайыма коргоону талап кылат; автордук укук менен эреже катары, кандайдыр бир сактагычта жазылган чыгармалар корголот, ал эми элдик искусство үзгүлтүксүз өркүндөөнүн үстүндө болот жана дайыма эле жазылып калбайт. Мисалы: XIII кылымга тиешелүү болгон Ак жылан менен Доктор Сюй Сяндын тарыхы убакыттын өтүшү менен оозеки айтылышында бир адамдан экинчисине өтүүдө жаңы толуктоолор менен байытылып келген. Мындан тышкары, автордук укук бир же бир нече укук ээсине, ал эми элдик искусство "атайын белгиленген улутка, этникалык топко же коомго" тиешелүү, буга так аныктама берүү кыйынчылык келтиргендиктен, өз алдынча абстракттуу түшүнүктөрдү билдирет. Коомчулук чыгарманы анын өзүнчө бөлүктөрүн эмес, негизинен коомдун менчиги катары гана кабыл алат. Элдик искусствонун мүнөздөмөлөрүн жана анын автордук укук системасынын принциптерине карама-каршылыгын эске алып, бир катар өлкөлөр элдик искусствону өзүнчө мыйзамдардын алкагында коргойт.

66. Автордук укукту жана товардык белгилерди коргоонун шарттамдары эмнеси менен айырмаланат?

Товардык белги сүрөттөн турат, ал эми сүрөттөр автордук укук менен корголот деген ИМ укуктарына бөгөт коюуга алып келмек. Сүрөт товардык белгисинин укук ээсине автордук укукту бузгандыгы жөнүндө, товардык белгиге укуктарды бузгандыгы жөнүндө же ушул эки айыптоонун экөөнү тең коюуга болобу? Ушул суроого жооп берүү үчүн атайын бир өлкөнүн мыйзамдарын билүү зарыл. Жооптун варианттарынын ар бири кызыктуу жана маанилүү жыйынтыкка алып келет.

Автордук укукту бузуу болгонбу, аныктоо үчүн бир сүрөт башкасынын көчүрмөсү болуп саналабы, аныктоо зарыл. Эгер укук бузуучу автордук укук менен корголгон сүрөттү көчүрүп алгандыгы аныкталса, укук бузуучу бул сүрөттү кайсы товарларга жайгаштырбасын, бул автордук укукту бузуу болуп саналат. Автордук укукту бузуу фактысын аныктоо максатында сүрөт ал жайгаштырылган кандай болбосун колдонулуп жаткан товарлардан бөлүп алынат. Эгер укук ээсинин товардык белгиси, мисалы: футболкалар үчүн катталган болсо, укук бузуучу кайсы товарда ал бул белгини жайгаштырбасын (китептерде, суусундуктарда, эмеректерде ж.у.с.), ага карабастан укук ээсинин автордук укугун бузган болуп саналат.

Айрым учурларда автордук укукту бузгандыгы жөнүндө арыздануу үчүн негиздер болбошу дагы мүмкүн, бирок ошого карабастан товардык белгиге укук бузулгандыгы жөнүндө доо арызын берүүгө болот. Эгер укук бузуучу сүрөткө олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизсе, ал автордук укукту бузуучу көчүрмө болуп эсептелбейт. Бирок эгер сүрөт товардык белгинин түсүн жана формасын кайталаса, анда ал товардык белгилер жөнүндө мыйзамдардын көз карашы менен товардык белгиге окшош болуп саналат. Эгер сүрөт түп нуска сыяктуу эле, ошол эле товарда пайдаланылса, бул ошондой эле товардык белгиге укук бузуу болуп эсептелет.

Бул кырдаалда эки учурду карап чыгуу керек: сүрөттү жана товарды. Автордук укук жөнүндө мыйзамдар товарлардын көптөгөн санына жайылтылат, бирок сүрөттүн өзүнө байланыштуу азыраак ийкемдүүлүгү менен айырмаланат. Товардык белгилер жөнүндө мыйзамдар тескерисинче, сүрөттөрдүн окшоштугуна бир аз жеңилирээк стандарттарды караштырышы мүмкүн, бирок сүрөт

жайгаштырылган товарлардын класстарын эске алууну талап кылат. Автордук укукту бузуу болобу, товардык белгиге укук бузуу болобу же башка болобу (эгер бул конкреттүү өлкөдө болсо), доонун негизин ар бир конкреттүү учур үчүн өзүнчө аныктоо зарыл.

67. Автордук укукту коргоонун жана патенттик коргоонун шарттамдары эмнеси менен айырмаланат?

Эки системаны салыштырууда, патенттик система технологиялар жаатындагы ойлоп табууларды коргоону камсыздаганын көрсөтүп турат, ал эми автордук укук системасында негизги көңүл адабий жана көркөм чыгармаларды коргоого бурулат. Автордук укук менен корголуучу чыгармаларга патенттик мыйзамдар менен корголуучу илимий иштелмелер жөнүндө чыгармалар дагы кириши мүмкүн, мында укуктарды бузууга бөгөт коюлушу зарыл. Автордук-укуктук жана патенттик коргоонун системаларында, мисалы: автомобилдин кыймылдаткычынын жаңы түрү, ар түрдүү жагынан каралат.

Эгер сиз автомобилдин кыймылдаткычынын конструкциясы жөнүндө макала жазсаңыз, аны жарыялашат, сиз башкаларга ушул макаланы көчүрүүгө тыюу салуу укугуна ээ болосуз. Бирок эгер кимдир бирөө сиздин макаланын негизинде кыймылдаткыч жасап чыгарса жана аны рынокто сатса, бул сиздин автордук укукту бузуу болуп саналбайт.


Жана тескерисинче, эгер сиз өтүнмө берип, жаңы кыймылдаткычка патент алсаңыз, патент мыйзамдарына ылайык сизге кыймылдаткычты чыгарууга жана сатууга тыюу салуу укугу берилет. Бирок эгер башка адам жаңы кыймылдаткычтын конструкциясы жана мүнөздөмөлөрү жөнүндө макала жазса, бул сиздин патентке карата укук бузуу болуп саналбайт.

68. Автордук укукту кантип алууга болот?

Автордук укук жана патенттер же товардык белгилердин ортосундагы чоң айырмачылыктардын бири ушул укуктарды алуу ыкмасынан турат. Автордук укук автоматтык түрдө берилет. Мыйзам боюнча авторлор чыгарма жаратылган учурдан тартып автордук укуктарды алышат; Берн конвенциясына ылайык каттоонун кандайдыр бир жол-жоболорун аткаруу же кандайдыр алдын ала жактырууну алуу талап кылынбайт. Бул социалдык чыгымдарды төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет жана ошол эле убакта укук ээлеринин укуктарын коргоого кыйынчылык келтирет.

Чыгарманы каттоо аны бүтүргөн датасынын көз карандысыз далили боло алат жана укук ээсин тастыктайт. Эгер каттоо жүргүзүлбөсө, чыгарманын мүнөзүнө байланыштуу, өз укуктарын коргоону каалаган укук ээлеринде ушул фактылардын көз карандысыз далилдерин берүүдө кыйынчылыктар келип чыгышы мүмкүн. Бул көйгөйдү чечүү үчүн көпчүлүк өлкөлөрдө ыктыярдуу каттоо системалары түзүлгөн. Эгер укук ээлери чыгарманы маанилүү жана баалуу деп эсептешсе, алар аны каттоодон өткөрүүгө умтулушат. Эгер алардын өлкөсүндө ыктыярдуу реестр жок болсо, алар чыгарманы Берн конвенциясынын катышуучусу болуп саналган башка өлкөдө каттоодон өткөрө алышат. Каттоо автордук-укуктук коргоонун милдеттүү шарты болуп саналбаса дагы, көпчүлүк укуктук системаларда ал автордук укук ээсин алдын ала тастыктоочу далили боло алат.





69. Автордук укук кимге тиешелүү?

Негизги принцип болуп адамдын жаратмандыгын коргоо кызыкчылыгында чыгарманын авторуна автордук укук берүү саналат. Автордук укуктун көпчүлүк улуттук системалары адамдар гана жаңычылдар боло аларын караштырган, бирок айрым системаларда юридикалык жактар авторлор жана жаратмандар болуп эсептелишет, мисалы: компаниялар, автордук укукту юридикалык жактар ала турган системалар дагы андан көп. Автордук укук менен чектеш укуктар айырмалана турган автордук укуктун көпчүлүк системаларында юридикалык жактар, мисалы: уктуруу уюмдары чектеш укуктар ээлери болушу мүмкүн. Автордук укукту жаныбарларга же роботторго берүү жөнүндө маселе талкууланууда, бирок улуттук укуктук системалар негизинен ушундай мүмкүнчүлүктөргө жол бербейт.

Автордук укук чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер жана улуттук мыйзамдар өзгөчө жагдайларда жаратылган чыгармаларга автордук укук берүүнүн тартибин белгилейт. Мисалы: эки адам биргелешип авторлоштукта чыгарма жаратса, экөө тең автордук укук ээлери болуп саналат. Авторлоштукта жаратылган айрым чыгармаларды өзүнчө элементтерге бөлсө болот, мисалы: ырдын сөзү жана обону өзүнчө чыгарылып жана пайдаланылса болот. Мындай учурда композитор жана тексттин автору, ар бири ырдын өзүнө тиешелүү бөлүктөрүндө автордук укукка ээ болот. Мындан тышкары, айрым өлкөлөрдө тапшырык боюнча, кызматтык, аудиовизуалдык, кинематографиялык жана туунду чыгармаларга автордук укуктар жөнүндө өзгөчө жоболор караштырылган – чыгармалардын бардык ушул категориялары төмөндө баяндалат.

70. Тапшырык боюнча жаратылган чыгарма кимге тиешелүү?

Эгер адам башка жакка автордук укук менен корголгон чыгарманы жаратууга тапшырык берсе же ушундай чыгармага каражатын инвестициялайт, биринчи кезекте "эркин сүйлөшүү" принцибине ылайык ушул жактардын ортосунда макулдашууга келишет (эгер ушундай болсо). Адатта инвестор күчтүү позицияга ээ болот жана макулдашууда чыгарманын укугу ага тиешелүү болушун сунуштайт. Эл аралык практикага ылайык инвестор юридикалык милдеттендирүүчү макулдашуу түзбөсө дагы, чыгарма ага тиешелүү болот. Бирок айрым өлкөлөрдө, мисалы: Кытайда, макулдашуу болбосо, чыгарма авторго таандык болот. Эгер мүлктүк укуктар чыгармага тапшырык берген адамга тишелүү болсо, ал ошондой эле жеке мүлктүк эмес укуктарды ала алабы, аныктоо үчүн улуттук мыйзамдарды билүүсү зарыл. Айрым өлкөлөрдө жеке мүлктүк эмес укуктар артыкчылыктуу күчкө ээ болушат жана макулдашуу менен жокко чыгарылбайт жана токтотулбайт.

Кытай жана көптөгөн башка өлкөлөр өз ара макулдашууга артыкчылык бергендиктен, азыркы убакта автордук укук жөнүндө маалыматтар абдан жайылтылууда, тараптардын ортосунда чанда гана макулдашуулар түзүлбөй калат. Ошондуктан практикада мындай көйгөй чанда гана учурайт.

71. Кызматтык чыгарма кимге тиешелүү?

Эгер чыгарманын автору компаниянын кызматкери болуп саналса, автордук укук кимге тиешелүү экенин аныктоонун эки ыкмасы бар. Бириккен Королдук жана АКШ сыяктуу жалпы укуктун салттуу өлкөлөрүндө авторлордун мүлктүк укуктарына негизги көңүл бурулуп келген, ошондуктан чыгармага каражатын кошкон жана аны түзгөн компания автордук укуктун баштапкы ээси же автору дагы болушу мүмкүн. Жалпысынан кызматтык чыгармага макулдашуу түзүлбөсө, автордук укук компанияга тиешелүү болот. Франция жана Германия сыяктуу, салттуу континенталдык укуктун өлкөлөрүндө чыгарма автордун инсандыгын кеңири жайылтуу, анын мүнөзүн чагылдырып көрсөтүү катары каралат, ошондуктан жеке жактар гана автор боло алышат. Ошентип автордук укук кызматтык чыгарманын авторуна тиешелүү, ал эми компания мыйзамга ылайык же макулдашуунун шарттары боюнча автордук укукту пайдаланат же өткөрүп берүү аркылуу ала алат.

72. Чыгармада көрсөтүлгөн жак дайыма эле анын автору болуп саналабы?

Автордук укук чыгарманы жараткандан кийин келип чыгат, ал эми аны каттоо милдеттүү эмес болуп саналгандыктан, патенттер менен товардык белгилерге караганда, автордук укуктун эзсин аныктоо кыйынчылык келтирет.

Адатта авторлор чыгармаларда өз атын көрсөтүшөт, ошондуктан автордук укуктун баштапкы ээсин авторлуктун негизинде аныктоого болот. Бирок чыгарма жараткан адамдын өз аты көрсөтүлбөстөн, анын ордуна аны жаратууга эч кандай катышпаган адамдын аты көрсөтүлгөн учурлар дагы кезигет. Мындай учурда автордук укуктун ээсин аныктоо кыйынчылык келтирет. Иш жүзүндө чыгармада көрсөтүлгөн адамдын авторлугун төгүндөө үчүн так далилдер керек, мисалы: кол жазмалар, чыгарманын түп нускасы, жарыялоолор, автордук укукту каттоо жөнүндө күбөлүк, тастыктоочу уюм тарабынан берилген күбөлүк же авторун көрсөтүү менен келишим.

Автордук укукту өткөрүп же ыйгарып берүү дагы мүмкүн, ошондуктан чыгармада баштапкы автору көрсөтүлгөнбү, ага карабастан автордук укуктун учурдагы ээси чыгарманын баштапкы авторунан айырмаланат. Автордук укукту өткөрүп же ыйгарып берүүгө байланыштуу, ушул маселе боюнча улуттук мыйзамдарды билүү зарыл, анткени колдонулуп жаткан ченемдер айырмаланышы мүмкүн.

73. Туунду чыгармага автордук укук кимге тиешелүү?

Туунду чыгарма – бул өзгөчөлүк чен белгисине жооп берүүчү, толукталган белгилери менен, өзгөчө чыгарманын негизинде жаратылган чыгарма, мисалы: кытай тилинен англис тилине которулган китептин котормосу, китептин негизи боюнча пьесанын сценарийи же фотосүрөттүн негизинде май боёк менен тартылган сүрөт (картина). Котормочу, драматург жана сүрөтчү өзүнүн интеллектуалдык эмгеги үчүн тиешелүү чыгармаларына автордук укуктарды алышат. Туунду чыгарма түпкү чыгармага негизделгендиктен, ал өзгөчө чыгарманын автору, ошондой эле туунду чыгарманын автору катары ИМди камтыйт. Негизинен туунду чыгарманын автору түпкү чыгармадан ажырагыс болгон, өзү салым кошкон бөлүгүнө гана автордук укукка ээ болот. Ошондуктан туунду чыгармага автордук укук түпкү чыгармага укуктар менен чектелиши керек. Туунду чыгарманын автору өз чыгармасын коммерциялык максатта пайдалануга ниеттенсе, ал түпкү чыгарманын авторунан уруксат алууга милдеттүү, уруксат албаган учурда, жаңы чыгарма түпкү чыгарманын авторунун автордук укугун бузган болуп саналат. Автордук укук жөнүндө мыйзамдарга ылайык эгер туунду чыгарманын автору өзгөчө чыгарманы пайдалануга уруксат албаса, ал чыгарманын айрым элементтерине автордук укукка ээ болушу мүмкүн, бул учурда автордун же өзгөчө чыгарманын укук ээсинин укуктары бузулат. Эгер туунду чыгарма бир нече мурдагы чыгармалардын негизинде жаратылса, мисалы: китептин негизинде жазылган сценарий боюнча тартылган фильм, фильмдин продюсери китептин авторунан, ошондой эле сценарийдин авторунан уруксат алышы керек. Башкача айтканда, туунду чыгарма кошумча наркты түзүү чынжыры боюнча канчалык жогору болсо, ошончолук лицензияларды көбүрөөк алуу зарыл.

74. Кинематографиялык чыгармага автордук укук кимге тиешелүү?

Фильмди тартуу – бул татаал жана системалык интеллектуалдык процесс жана продюсерлердин, сценаристтердин, режиссерлордун, операторлордун, актерлордун, трюк көрсөтүүчүлөрдүн, кинематографисттердин, сүрөтчү-оюн коюучулардын, жарык берүүчү режиссерлордун, кооздоп жасалгалоо боюнча сүрөтчүлөрдүн жана ушул сыяктуулардын катышуусун талап кылат. Кино өндүрүшү эбегейсиз каражаттарды жана ар бир катышуучунун чыгармачылык ишин талап кылат. Фильмди жайылтуу жана көрсөтүү чоң пайда алып келиши мүмкүн, бирок ошол эле убакта тобокелдиктерге дагы учурашы мүмкүн. Эгер фильм биргелешкен авторлуктун чыгармасы катары каралса, анда аны жайылтуу боюнча көптөгөн талаш-тартыштар келип чыгат, анткени автордук укуктар көптөгөн укук ээлеринин санына бөлүштүрүлөт, бул инвестордун кызыкчылыгына зыян келтирет.

Автордук укуктар кандай пайда болорун айта кетсек, башталышында эле фильм сценарист, режиссер, оператор, тексттердин автору, композитор ж.у.с. менен биргелешип түзүлөт. Продюсердин көптөгөн каражаттарын салгандыгын жана коммерциялык операцияларда катышканыдыгын эске алып, фильмге автордук укукту продюсерге берүү акыйкаттуу болуп саналат. Австрия, Германия, Франция жана Италия сыяктуу, континенталдык укуктун өлкөлөрүндө авторлоштор фильмге мүлктүк укуктарын продюсерине берүүсү же аларды лицензия боюнча өткөрүп берүүсү караштырылган. Австралия, Канада, Индия, Бириккен Королдук жана АКШ сыяктуу жалпы укуктуу өлкөлөрдө эгер сценарийдин автору, режиссер, оператор, тексттин автору жана композитор аны менен башкача макулдашууга

кол койбосо, анда автордук укук продюсерге тиешелүү болот. Укуктарды ушундай өткөрүп берүү кандай жүзөгө ашырылат жана авторлоштордо кандай укуктар сакталып калат, буларды аныктоо үчүн конкреттүү өлкөнүн улуттук мыйзамдарын билүү зарыл.

Фильмге болгон жалпы автордук укукту жана ар бир автордун жеке автордук укуктарын айта турган болсок, автордук укук жөнүндө улуттук мыйзамдар сценарийлерди, ырдын тексттерин жана музыкалык чыгармаларды ар бирин өзүнчө пайдаланууга уруксат берет. Бул эгер кимдир бирөө фильмдин сценарийин же музыкасын пайдалангысы келсе, ага сценаристтен же композитордон гана уруксат алуу керек экендигин билдирет. Мындан тышкары, сценарист, режиссер, оператор, тексттердин автору жана композитор авторлукка жана сыйакы алууга укуктары бар. Сценаристтин, режиссерлордун ж.у.с. аттары фильмди жаратууда катышкан жактардын тизмесинде көрсөтүлөт, бул авторлукту көрсөтүүнүн формасынын бири болуп саналат. Айрым өлкөлөрдө режиссер, сценарист, композитор жана башка авторлор фильмди толугу менен (бүтүн) пайдаланган учурда дагы, сыйакы алууга укугун сактап калышат.

Аудиовизуалдык аткаруулар боюнча Пекин келишими (ААПК) фильмдерге жана башка аудиовизуалдык чыгармаларга байланыштуу аткаруучулардын чектеш укуктарын белгилейт. Ал аткаруучулардын фильмдердин продюсерлерине укуктарды өткөрүп берүүсүн жөнгө салуучу ар түрдүү улуттук системалардын иштешине жол берет. Аткаруучулар ошондой эле сыйакы алуу укугун сактап калышат.

75. Чыгарманын түп нускасын сатып алууда автордук укуктун өтүшү мүмкүнбү?

Сиз картинанын же фотосүрөттүн түп нускасын сатып алууда, ушул чыгармага автордук укукту дагы алдым деген ой пайда болушу мүмкүн, анткени ал кымбат турат жана сиздин карамагыңызга өтүп жатат. Тактап айтканда, автордук укук жөнүндө мыйзамдарга ылайык бул чыгармага менчик укугун алуу менен, ушул чыгармага автордук укук дагы берилерин билдирбейт.

Картинаны сатып алгандан кийин, сиз анын ээси катары мейман бөлмөгө илип коюуга, сүрөт галереясына көрсөтүү үчүн коюуга укугуңуз бар же башка адамга бере аласыз. Бирок сиз картинага өзүңүздү автор катары билдирип, кол коюп койсоңуз, анда сүрөтчүнүн автордук укугун бузасыз. Эгер сиз басма аркылуу картинанын көчүрмөлөрүн басып чыгарсаңыз, бул автордун кайра жаратууга жана жайылтууга укугун бузат.

Кызыктуусу, сиз картинаны дагы өзгөртө албайсыз, анткени сүрөтчүнүн анын кол тийбестигине коргоо укугун бузасыз. Бирок эгер сиз картинаны мешке салып, өрттөп жиберсеңиз, сүрөтчүнүн автордук укугун бузбайсыз, анткени өзүңүздүн менчигиңизди өзүнүз билгендей башкара аласыз. Мындан тышкары, картина бир эле убакта сүрөтчүнүн автордук укук объектиси жана сиздин менчик укугуна ээ болуп саналат. Эгер сүрөтчү картинаны өзгөрткүсү келсе, ага сиздин уруксатыңыз керек, болбосо сиздин менчик укугуңуз бузулат.

76. Бир эле темага бир нече автордун чыгарма жаратуусу автордук укукту бузууга алып келеби?

Автордук укук жөнүндө мыйзамдарда "идея менен анын билдирүүлөрүнүн" ортосунда айырмачылык болот: темалар идеяларга кирет жана ошондуктан автордук укук менен корголбойт. Бир эле теманы ар түрдүү адамдар ар түрдүү ачып билдиришет. Мисалы: сүйүү – адабияттагы түбөлүк тема. Эгер кимдир бирөө биринчи сүйүү чыгармасын жазса, анда кийин жазылган сүйүү чыгармалары укук бузууну билдирет деген акылсыздык болот. Шекспирдин "Ромео жана Джульеттасы» жана "Сүйүүгө кабылган көпөлөктөр" (кытай эл жомокторунун белгилүү төрт жомогунун бири, ошондой эле Лян Шаньбо жана Чжу Иньтай деген аталышы менен дагы белгилүү) деген трагедиялык сүйүүнүн тарыхы, бирок алар ар түрдүү авторлордун өз алдынча көз карандысыз чыгармалары болгон.

Эгер чыгарма темасы боюнча эмес, мааниси боюнча башкага окшош болсо, мисалы: абзацтары башка автордун китебинен көчүрүп алынса, бул автордук укукту бузуу болушу мүмкүн. Автордук укук автоматтык түрдө келип чыккандыктан, укук ээси болжонгон укук бузуучунун чыгармасынан мурда, анын чыгармасы бүткөндүгүн далилдеши керек, андан кийин укук бузуучу "мүмкүндүк алуу + маанилүү окшоштук" чен белгисин аткаруу үчүн чыгармага жетүү мүмкүнчүлүгүн алышы керек, бул көпчүлүк өлкөлөрдө колдонулат. Ошондо гана укук ээсинин чыгармасы менен укук бузуучунун чыгармасынын окшоштугунун

себеби плагиатка байланыштуу деген жыйынтык чыгарууга болот.

77. Жамааттык башкаруу уюму деген эмне?

Жамааттык башкаруу – бул автордук укукту башкаруу системасындагы укуктарды башкаруу варианттарынын бири, ушуга байланыштуу укук ээлери өз укуктарын жамааттык башкаруу уюму (ЖБУ) аркылуу башкара алышат же милдеттүү.

Автордук укук жана чектеш укуктар башкармалыгы иш жүзүндө жеке тартипте иштей алышпайт. Авторлор, аткаруучулар же өндүрүүчүлөр, мисалы: лицензияларды сатып алуу жана алардын ырларын пайдалангандыгы үчүн сыйакы төлөө үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн ар бир радиостанция менен байланыша алышпайт. Экинчи жагынан, радиостанция ар бир автордон, аткаруучудан жана өндүрүүчүдөн ар бир ырды пайдаланууга уруксат сурай албайт. ЖБУ эки тараптын тең кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга уруксат алууну жеңилдетет жана укук ээлерине материалдык сыйакы берүүнү камсыздайт.

Азыркы убакта ЖБУ көпчүлүк өлкөлөрдө музыкалык жана адабий чыгармаларга, фильмдерге, оюндарга, көркөм сүрөт чыгармаларына, үн жаздыруу ж.б. лицензияларды берүүнү башкаруу үчүн түзүлгөн. Кайра чыгаруу технологиялардын жана коммуникациялык технологиялардын өнүгүшүнө байланыштуу чыгармалар көпчүлүк учурда ар түрдүү формада жана ар түрдүү өлкөлөрдө пайдаланылат жана укук ээлерине өз чыгармаларын пайдаланууну толугу менен түшүнүү жана контролдоо кыйынчылык келтирет. Ушундай жагдайларда ЖБУ өзгөчө маанилүү ролду ойнойт.

78. Автор чыгарманы жаратууда эмнени билүүсү зарыл?

Автордук укук ээлери өз чыгармаларына көптөгөн укуктарды пайдаланышат, бирок ушундай чыгармаларды жаратууда алар башка адамдардын автордук укуктарын бузбашы керек. Авторлор башка чыгармалар менен таанышпастан же аларга ишеним артпай эле чыгармаларды жарата алышат, мисалы: китеп жазуу, музыка жаратуу же компьютердик программаларды иштеп чыгуу; же алар башка адамдын чыгармасынын негизинде иш алып барышат, китепти сценарийге ыңгайлаштырат жана андан кийин фильм тартат же чыгарманы башка тилдерге которот. Биринчи кезекте, авторго башка адамдардын чыгармаларындагы айрым сөздөрдү сөзмө-сөз болбосо дагы, билиндирбестен көчүрүүгө тыюу салынат. Ошондуктан акыркы болуп жаратылган чыгармага мурдагы автордук укуктар жайылтылат. Эгер сиз Гарри Поттер жөнүндө китеп боюнча фильм тарткыңыз келсе, сиз Дж. К. Роулингден уруксат алышыңыз керек. Эгер кыйла кийинки чыгарма өзүнө кыйла мурдагы автордук укукту камтыса, аны пайдалануу кыйла мурдагы укуктардын бардык ээлеринен уруксат алууну талап кылат.

Патенттер жана автордук укук менен корголуучу чыгармалар акыл-эс ишмердигинин натыйжасы болуп саналат, алар өркүндөтүлүшү мүмкүн, анын натыйжасында жаңы чыгармалар чыгарылат жана аларга кыйла мурдагы укуктар колдонулат. Бирок керектөөчүнү жаңылышууга алып келбөө үчүн жаңы белги алуу үчүн катталган товардык белгини өзгөртүүгө тыюу салынат. Товардык белгилерге маңызы боюнча экспертиза жүргүзүүчү өлкөлөрдө товардык белгиге укук алуу, ага окшош кыйла мурдагы белгилер жок экендигин билдирет. Бул албетте, товардык белгилердин ээлерин кыйла мурдагы автордук укук, атына жана фирмалык аталыштарга укуктар сыяктуу ИМдин башка түрлөрүнө байланыштуу тобокелдиктерден сактабайт.

79. Сүрөтчүлөрдүн (фотографтардын) алар сүрөткө тарткан адамдардын сүрөттөрүн эл алдында көрсөтүүгө укугу барбы?

Эгер сүрөтчү (фотограф) башка адамды сүрөткө тартса, автордук укук фотограф менен моделдин ортосундагы макулдашуунун негизинде аныкталат. Макулдашуу түзүлбөсө, автордук укук, анын ичинен көрсөтүүгө укук сүрөтчүгө тиешелүү болот. Бирок бул сүрөтчү фотосүрөттөрдү эл алдында көрсөтүүгө укуктуу дегенди билдирбейт.

Эгер макулдашууда көрсөтүүнүн жана пайдалануунун шарттары караштырылбаса, бул фотосүрөттөрдү моделдин уруксатын албастан, өзгөчө коомерциялык ишмердүүлүккө байланыштуу көрсөткөн учурда, сүрөтчү моделдин жеке турмушун элге ачыктап, кол тийбестик укугун бузган болот.

Адамдардын фотосүрөттөрүнө байланыштуу бир эле убакта сүрөтчүнүн автордук укугу жана моделдин жеке укугу, анын ичинен өзгөчө

коммерциялык максаттарда анын образын пайдалануну контролдоо укугу дагы колдонулат. Ар түрдүү өлкөлөрдүн укуктук системаларында бул укуктар ар түрдүү билдирилет. Алар эл алдында көрсөтүүгө укук, жеке турмушуна кол тийбестикке укук же "жаңылышууга алып келүү" укук бузуу катары дагы квалификацияланышы мүмкүн. Бул укуктар эреже катары, менчик укуктарына окшош болуп эсептелинет. Айрым өлкөлөрдө бул укуктар сот практикасына негизделген прецеденттик укуктун алкагында гана түзүлгөн, башкаларда, континенталдык укук колдонулуучу, өзгөчө юрисдикцияда тигил же бул түрдө кодификацияланышы мүмкүн.

Көптөгөн өлкөлөрдө, ошондой эле сүрөтчүнүн коомдук жайларда тартылган адамдардын коммерциялык фотосүрөттөрүн көрсөтүүгө же пайдалануга укуктары чектелет. Көпчүлүк учурда бул үчүн макулдугу талап кылынат. Өзгөчөлүктөр дагы караштырылышы мүмкүн, мисалы: кеңири коомчулуктун көңүлүн бурган элдик инсандарга же окуяларга байланыштуу.

80. Соода борборунда укук ээсинин уруксатысыз фондук музыканы уктуруу автордук укукту бузуу болуп саналабы?

Соода борборлорунда көпчүлүк учурда жагымдуу атмосфера түзүү үчүн фондук музыка коюшат. Бирок эгер соода борборунун ээлери муну уруксатсыз же роялти төлөбөстөн ишке ашырса, анда алар автордук укукту бузушат.

Автордук укук чектелген мөөнөткө корголот. Эгер соода борборлорунда заманбап популярдуу музыка эмес, Бах, Моцарт же Бетховендин чыгармалары угузулса, композиторлорго роялти төлөө талап кылынбайт, анткени алардын автордук укуктарынын күчүнүн мөөнөтү эчак өтүп кеткен. Бирок алардын чыгармаларын белгилүү заманбап музыканттар дайыма аткарып келишет. Айрым өлкөлөрдө музыканттарга алардын аткаруруларына чектеш укуктар берилет жана ушундай укуктардын көпчүлүгү 50 жыл коргоого алынган. Ошентип соода борборлору эгерде аларда музыканттын уруксаты болбосо жана ага роялти төлөбөсө, аткаруучулардын укуктарын бузган болуп саналат. Эгер соода борборлору үн жаздырууларды уктурса, ошондой эле фонограмма чыгаруучулардын укуктарын бузушу мүмкүн.

81. Укук ээлеринен алардын чыгармаларын Интернет аркылуу жайылтуу үчүн уруксат алуу талап кылынабы?

Уруксат алуу керек, эгер конкреттүү кырдаал кандайдыр бир чектөөгө же өзгөчөлүккө кабылбаса. ИМБДУнун мүчө-мамлекеттери кабыл алган ДАП жана ААПКга ылайык онлайн аркылуу башка адамдардын чыгармаларын, аткарууларын жана үн жаздырууларын жайылтуу укук ээсинин макулдугун жана тиешелүү алымды төлөөнү талап кылат. Интернеттин тез өрчүшү менен ал пайдалануучулардын чыгармаларга, музыкаларга, фильмдерге, оюндарга жетүү мүмкүнчүлүгүнүн маанилүү каналы болуп калды. ИМБДУнун мүчө-мамлекеттердин ортосундагы көптөгөн жылдар бою талкуулоолордон кийин 1996-жылы Интернет жаатында (ДАП жана ААПК) эки келишим кабыл алынган. Бул келишимдер санариптик доордун аныктыгын эске алуу менен автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө Берн жана Рим конвенциясынын жоболоруна өзгөртүүлөрдү киргизген. Ошондон бери бүткүл дүйнөдө ДАП жана ААПКнын моделдеринин негизинде Интернет аркылуу чыгармаларды жайылтууга байланыштуу автордук укукту жана чектеш укуктарды киргизүү максатында улуттук мыйзамдарды кайра карап чыгуу жүргүзүлүп келет. Көптөгөн Интернет пайдалануучулар чыгармаларга тез жетүү мүмкүнчүлүгүн алышат жана жайылтышат, ошондуктан улуттук мыйзамдарга ылайык мындай иш-аракеттерге укук ээлеринен уруксат алуу талап кылынгандыгына карабастан, Интернетте чыгармаларды мыйзамсыз жайылтуу жана



пайдалануу улантылууда. Интернетте автордук укукту коргоо эл аралык коомчулуктун жалпы көйгөйү болуп калды. Көптөгөн өлкөлөр аны саясий, мыйзамдык, укук коргоочу жана техникалык деңгээлде чечүү үчүн күч-аракеттерди жумшап келишет.

82. Автордук укук боюнча чектөөлөр жана өзгөчөлүктөр деген эмне?

Чыгармачылык ой-пикирди билдирүү, анын ичинен адабият, көркөм сүрөт искусство, музыка жана фильмдер биздин жашообуздун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Адамдардын керектөөлөрүн, анын ичинен чыгармаларга жетүүнү жана аларды пайдалануу канааттандыруу, ошондой эле коомдук кызыкчылыктарды коргоо үчүн автордук укукка атайын караштырылган өзгөчөлүктөрдү киргизүү зарыл.

Интернет жаатындагы (ДАП, ДИФ жана ААПК) Берн конвенциясы, ТРИПС боюнча макулдашуу жана ИМБДУнун келишимдери мүчө-мамлекеттерине төмөнкүдөй шартта автордук укук жана чектеш укуктарга чектөөлөрдү жана өзгөчөлүктөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берет, алар: (1) белгилүү өзгөчө учурларда гана жайылтылат, (2) чыгарманы адаттагыдай пайдалануу каршы болбойт жана (3) автордун же укук ээсинин мыйзамдуу кызыкчылыгын негизсиз кемсинтпейт. Бул чен белгилерди көпчүлүк учурда "үч баскычтуу текшерүү" деп аташат. Автордук укук же чектеш укуктар менен деле корголуучу материалды пайдалануу чен белгилерин аткаруу учурунда, укук ээсинен уруксат алууну же төлөм төлөөнү талап кылбайт.

Чектөөлөр жана өзгөчөлүктөр адатта эки кеңири категориялардын бирине кирет: (1) жалпы чектөөлөр жана өзгөчөлүктөр, мисалы: алардын келип чыгышы боюнча колдонулуучу ак ниет пайдалануу же ак ниет ишкер практика жана (2) пайдалануучулардын белгиленген категорияларына жайылтылуучу атайын чектөөлөр жана өзгөчөлүктөр, жаңылыктарды билдирүү сыяктуу тигини же башканы пайдалануу максаттары, билим берүү (мисалы: билим берүү мекемелери пайдаланган учурда), жеке коммерциялык эмес максаттар же китепканалардын материалдарды сактоону камсыздоо же алардын окурмандарын тейлөө максатында пайдалануунун уруксат берилген ыкмалары. Автордук укуктун көпчүлүк системаларында атайын чектөөлөр жана өзгөчөлүктөр колдонулат. Ушундай системалардын көпчүлүгү ошондой эле ак ниет пайдалануу же ак ниет ишкер практика үчүн өзгөчөлүктөрдү караштырат. Бул жалпы өзгөчөлүктөр салттуу түрдө жалпы укук системалары үчүн салттуу түрдө мүнөздүү болгон, бирок азыркы убакта алар айрым өлкөлөрдө дагы кабыл алынган, алардын мыйзамдары континенталдык укук системаларына негизделген.

Текшерүү абстракттуу болуп саналат жана конкреттүү өлкөлөрдүн жагдайларына автордук укук жана чектеш укуктар системаларына ыңгайлаштыруу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн иштелип чыккан, автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө ИМБДУнун келишимдеринин ар түрдүү мүчө-мамлекеттери аны ар түрдүү колдонушат. Жалпысынан жеке текшерүү, изилдөө же карап көрүү максатында кайталап чыгаруу чектөөлөрдүн жана өзгөчөлүктөрдүн негизинде уруксат берилет. Бирок эгер сиз китептин бардык көлөмүн көчүрсөңүз же Интернеттен пираттык фильмдерди көчүрсөңүз, көптөгөн өлкөлөрдүн автордук укук жөнүндө мыйзамдарына ылайык бул автордук укукту бузуу болуп саналат.

83. Аткаруулардын кандай түрлөрү чектөөлөргө жана өзгөчөлүктөргө туура келет?

Жалпысынан лицензиянын тигил же бул түрү чыгармалардын ар түрдүү көптөгөн түрлөрүн эл алдында аткаруу үчүн талап кылынат, бирок айрым пайдалануу максаттары үчүн лицензиялык жыйым нөлгө барабар болушу мүмкүн. Эл алдында аткаруу үчүн лицензия алуунун зарылдыгы улуттук мыйзамдар менен белгиленген факторлорго байланыштуу болот, алар ар бир өлкөдө айырмаланат. Айрым өлкөлөрдө аткаруучулар элден акы талап кылбаган жана албаган учурлар үчүн өзгөчөлүктөр каралат. Башка системаларда болсо үйдө жакын туугандардын же жакын тааныштардын чакан тобунун кандай болбосун чогулуп, жолугуусу коомдук чогулуш болуп эсептелинет жана автордук укук же чектеш укуктар менен корголгон чыгармаларды аткаруу үчүн лицензия талап кылынат. Ушуга байланыштуу коомдук чогулушта аткаруу башка себептер менен өзгөчөлүккө туура келип калышы мүмкүн, мисалы: диний кызматтын же патриоттук параддын убагында музыканы аткаруу. Эл алдында аткаруулардын көптөгөн категорияларына лицензиялар адатта ЖБУ аркылуу тарызделет.

Элге акысыз аткаруулардын учуру өзгөчөлүккө дагы ылайык келиши мүмкүн, чектөөлөрдүн жана өзгөчөлүктөрдүн күчү аткарууларга төмөнкү учурларда дагы колдонулат, эгер аткаруучулар акча, анын ичинен жол чыгымдарынын төлөмүн же катышкандыгы үчүн сыйакы же акчалай эмес сыйлык алса. Айрым учурларда эл түздөн-түз акы төлөбөйт, бирок аткаруу үчүн кыйыр төлөм дагы бар. Мисалы: музыканттар музыка ойногон айрым ресторандарда аткаргандыгы үчүн төлөм тамак-аштын жана сервистик топтомдун наркына киргизилген.

84. Автордук укук менен корголуучу чыгармаларды мамлекеттик/милдеттүү жана келишимдик/ыктыярдуу жамааттык лицензиялоонун ортосунда кандай айырмачылык бар?

Дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө укуктарды жамааттык башкаруунун, анын ичинен мамлекеттик/милдеттүү жамааттык башкаруунун жана келишимдик/ыктыярдуу жамааттык башкаруунун ар түрдүү ыкмалары колдонулат.

Негизги айырмачылык укуктардын негизи менен түшүндүрүлөт. Укук ээлеринде өзгөчө укуктар болгон учурда, лицензиялоо бардык же көпчүлүк укук ээлери берген ыктыярдуу ыйгарым укуктардын негизинде жүзөгө ашырылат. Корголуучу чыгармаларды пайдаланууга тыюу салууга болот. Лицензиялоо укуктарды жамааттык башкаруунун маанилүү элементи болуп саналат. Эгер укук ээлерине ак ниет эмес лицензиялоонун маанисин түзгөн, сыйакы алганга укук берилсе, чыгарма укук ээлеринин уруксатысыз пайдаланылат, бирок алар ак ниет сыйакы алууга укуктуу. Жамааттык башкаруу сыйакы алуу жана аны укук ээлерине бөлүштүрүү үчүн зарыл.


Конкреттүү өлкөнүн укуктук, саясий, экономикалык жана социалдык аныктыгына, ошондой эле эл аралык милдеттенмелерине байланыштуу жамааттык башкаруунун эң эле ар түрдүү системалары ийгиликтүү колдонулушу мүмкүн экендигин тажрыйба көрсөтүп турат. ЖБУнун тиешелүү системаларынын табияты ошондой эле тарифтерге таасирин тийгизет (айрым учурда "лицензиялоо схемалары" деп аталуучу). ЖБУнун тарифтерин макулдашууда негизги принцип так, объективдүү жана ойдогудай чен белгилерди колдонуудан турат. Берилүүчү лицензиянын баасы акыйкаттуу жана объективдүү болушу керек. ЖБУ мисалы: тиешелүү рыноктордо тиешелүү укуктардын экономикалык наркынын көз карандысыз изилдөөсүнүн натыйжасын берүүдө өзүнүн тарифтик сунуштарын негиздөө катары сунуштайт. ЖБУ берүүчү лицензиянын акыйкат наркын баалоодо укуктардын наркы жана артыкчылыктары менен кошо, бүтүмдүн бардык аспектилери эске алынышы зарыл, аларды жамааттык лицензиялоо пайдалануучуларга берип, зарыл болгон лицензиялык келишимдердин санын азайтат.

85. Автордук укук жөнүндө кабарландыруу деген эмне?

Автордук укук жөнүндө кабарландыруу башка жактарга тиешелүү чыгармага «©» символу коюлуп, автордук укук менен корголгондугу тууралуу маалымат берүү үчүн колдонулат, мында «с» латын тамгасы "copyright" билдирет. Автордук укук жөнүндө кабарландыруу биринчи жолу АКШнын "Автордук укук жөнүндө" Мыйзамы менен киргизилген, ошондой эле Автордук укук жөнүндө бүткүл дүйнөлүк конвенцияда каралган. Берн конвенциясына ылайык автордук укуктарды пайдалануу жана аларды жүзөгө ашыруу кандай болбосун формалдуулуктарды аткарууну талап кылбайт; ушундай пайдалануу жана аларды жүзөгө ашыруу чыгарма жаратылган өлкөдө коргоонун болушуна байланыштуу эмес. Башкача айтканда, автордук укукту коргоо автордук укуктар жөнүндө кабарландыруу сыяктуу формалдуулуктарды аткарууга байланыштуу эмес жана алар аткарылбаган учурда чектелбейт. Автордук статус жана укук ээлери жөнүндө маалымат берүүнүн практикалык артыкчылыктарын эске алып, учурдагы эл аралык практикада чыгарманы автордук укук жөнүндө кабарландыруу менен коштоо үчүн чыгарма автордук укук менен корголору так көрсөтүлөт жана укук ээсинин маалыматтары билдирилет. Чыгармалар санариптик түрүндө болгон учурда, бул маалымат аларга байланыштуу метамаалыматтардын жардамы менен берилет.

Товардык белгилердин негиздери

ТОВАРДЫК БЕЛГИЛЕР



86. Товардык белги деген эмне?

Товардык белги же бренд – бул товардын же кызмат көрсөтүүнүн келип чыгышын көрсөтүү үчүн пайдаланылуучу белги. “Товардык белги” жана “бренд” терминдери бир эле буюмду ар түрдүү көз караш менен сыпатташат. Биз “товардык белги” терминин укуктук мүнөздөмөлөр жөнүндө сөз болгондо, ал эми “бренд” терминин маркетинг жөнүндө сөз болгондо пайдаланабыз. Катталган товардык белги укуктук коргоо менен пайдаланат. Товардык белги бренд боло алат жана жаңы айкын ассоциацияны пайда кылгандан кийин, ушул сапатында керектөөчүлөргө таасирин тийгизет, кеңири жарнамаланат жана керектөөчүлөр аны кабыл алат.

Күчтүү брендди түзүү үчүн анын укуктук коргоосун камсыздоо зарыл. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө катталган товардык белгилерди коргоо системасы кабыл алынган; катталбаган товардык белгилер азыраак көлөмдө коргоо менен камсыздалат. Катталбаган белги белгилүүлүккө ээ болсо, ал ага кол салуунун объекти болуп калышы мүмкүн. Бул этапта ага укук бузуучулар менен күрөшүү кыйынчылык келтирет.

87. Товардык белги менен фирмалык аталыштын айырмачылыгы кандай?

Фирмалык аталыш бир коммерциялык ишкананы экинчисинен айырмалоо үчүн колдонулат. Товардык белги бир коммерциялык ишкананын товарларын же кызмат көрсөтүүлөрүн башка коммерциялык ишкананын товарларынан же кызмат көрсөтүүлөрүнөн айырмалоо үчүн колдонулат. Фирмалык аталыштар дагы жана товардык белгилер дагы коммерциялык ишканаларды белгилөө үчүн пайдаланылат, бирок ушуну менен бирге алар сунуштаган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү дайыма эле далдаштырбайт. Кызмат көрсөтүү менен иштеген компаниялар жөнүндө сөз болгондо, чектөөлөр алынып салынат, анткени көпчүлүк учурда фирмалык аталыш бир эле убакта кызмат көрсөтүүнүн аталышы болуп саналат, ал эми товарлардын учурунда, конкреттүү товарды белгилөө үчүн пайдаланылуучу ишкананын аталышы жана товардык белги эреже катары, дал келбейт. Корпоративдик брендингдин жана компаниянын беделинин көз карашы менен ушул түшүнүктөрдүн ортосундагы айырмачылык олуттуу деле эмес, анткени товардык белгилер дагы, фирмалык аталыштар дагы компаниянын кадыр-баркын билдирет.

Практикада айрым компаниялар товардык белги жана фирмалык аталыш катары бир эле сөздү пайдаланышат. Мисалы: HAIER тобу өздөрү чыгарган муздаткычтарын белгилөө үчүн «HAIER» соода аталышын пайдаланууга укуктук коргоону камсыздоочу товардык белгилерге ээ. Бул практика кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө абдан жайылтылган. Мисалы: Quanjude сөзү бир эле убакта куурулган өрдөк даярдоо менен белгилүү болгон кытай ресторанынын аталышы, China Quanjude Group деген комнаниялар тобунун фирмалык аталышы жана алардын банкеттик тейлөө кызмат көрсөтүүсүнүн товардык белгиси болуп саналат.

88. Товардык белги катары пайдалануу деген эмне?

Товардык белги - бул товардын келип чыккан жерин көрсөтүү үчүн пайдаланылуучу белги. Товардык белги катары пайдалануу деп ал товардын келип чыгышын көрсөтө алган жерлерде белгини жайгаштыруу түшүндүрүлөт, мисалы: товардын өзүндө, таңгакта же идиште, жарнамада ж.у.с. Мисалы: Улуу кытай дубалы, мурдагы замандагы коргоо чеби азыркы Кытайдын символу болуп саналат. Көптөгөн компаниялар (майлоочу материалдарды чыгаруучулар) товардык белгилерин "Great Wall" (Улуу дубал) деген сөздөр менен каттоодон өткөрүшөт. Эгер "Улуу дубал" деген аталыш көрсөтүлгөн товарларда жайгаштырылса же жарнамада көрсөтүлсө, ал ушул товарларды саткан ар түрдүү компанияларга көрсөтөт жана натыйжада товардык белги катары пайдаланылат. Тексте болсо, мисалы: "ким Улуу кытай дубалына бир дагы жолу барбаса, чыныгы жигит болуп саналбайт" деген фразада "Улуу кытай дубалы" деген кайсы бир компаниянын товардык белгисин эмес, так ошол белгилүү кытай коргоо дубалын билдирет. Ушуга байланыштуу тексте "Улуу кытай дубалы" деген фразаны пайдалануу товардык белги катары пайдалануу болуп саналбайт жана натыйжада товардык белгиге өзгөчө укуктарды бузбайт.

89. Катталган товардык белгилер кандай түрлөргө бөлүнөт?

Аны маркалоо үчүн белги пайдаланылуучу объектиге байланыштуу, катталган товардык белгилер товарды белгилөө үчүн товардык белгилерге жана кызмат көрсөтүүлөрдү белгилөө үчүн тейлөө белгилерине бөлүүгө болот. Мисалы: джинсыларды маркалоо үчүн Levis белгиси товардык белги болуп саналат, ал эми Air China белгиси авиаташуулардын кызмат көрсөтүүлөрүн белгилөө үчүн тейлөө белгиси болуп саналат. Товардык белгилер тейлөө белгилерине караганда эрте келип чыккан. Мурунку убакта ишканалар өз конторалары аркылуу кызмат көрсөтүп келишкен, аларды фирмалык аталыштары боюнча таанууга мүмкүн болчу. Бүткүл дүйнө боюнча сатылган товарларды товардык белгилер менен белгилөө зарыл болгон. Ушул себеп боюнча 1883-жылы кабыл алынган Париж конвенциясы менен караштырылган жалпыга белгилүү товардык белгилерди коргоо биринчи тейлөө белгилерине эмес, товардык белгилерге гана жайылтылган.

Катталган товардык белгилердин эки өзгөчө тиби бар: жамааттык белгилер жана тастыктама белгилери. Жамааттык белгилер Париж конвенциясына ылайык корголот, ал эми тастыктама белгилери анда айтылган эмес. Жамааттык белгилер топтун мүчөлөрү тарабынан пайдалануу үчүн ушул топтун, ассоциациянын же башка уюмдун атына катталат. Тастыктама белгиси уюм тарабынан

контролдонот, ал конкреттүү товардын же кызмат көрсөтүүнүн атайын касиеттеринин болушун тастыктай алат. Эгер жактын товары же кызмат көрсөтүүсү тастыктоо уюму (же тастыктоо белгисинин ээси) белгилеген стандарттарга жооп берсе, мындай жакка анын товарынын же кызмат көрсөтүүсүнүн сапатын "тастыктоо" үчүн тастыктама белгисин пайдаланууга уруксат берилет.

90. Жалпыга белгилүү товардык белги деген эмне?

Жалпыга белгилүү товардык белги деген түшүнүк биринчи жолу Париж конвенциясында пайда болгон, бирок анда анын так аныктамасы келтирилген эмес. ТРИПС боюнча макулдашуу ага товардык белгилерден тышкары тейлөө белгилерин киргизүү менен, жалпыга белгилүү товардык белгилердин түшүнүгүн кеңейтет, бирок ошондой эле жалпыга белгилүү товардык белгинин аныктамасын камтыбайт. "Жалпыга белгилүү товардык белги" деген термин жалпысынан рынокто мыкты кадыр-баркка ээ болгон жана керектөөчүлөргө тиешелүү чөйрөсүнө абдан белгилүү болгон белгини билдирет.

Товардык белгилер жөнүндө мыйзамдарга ылайык жалпыга белгилүү товардык белгилер товардык белгилерге караганда күчтүүрөк корголот. Көптөгөн өлкөлөр коргоону товардык белгини каттаган шартта гана беришет. Катталбаган товардык белгилер эгер алар пайдаланууунун натыйжасында гана атайын таасирге ээ болбосо, иш жүзүндө мыйзам менен корголбойт. Бирок жалпыга белгилүү товардык белгини коргоо каттоодон көз каранды эмес.

Мындан тышкары, жалпыга белгилүү товардык белгинин коргоо көлөмү кадимки товардык белгинин коргоо көлөмүнө караганда кеңири. Мисалы: А компаниясы алкоголсуз суусундуктар үчүн Red Bull товардык белгисин каттаган, ал эми Б компаниясы бул товардык белгини уу химикаттар үчүн пайдаланат. Алкоголсуз суусундук уу химикаттарынан бир кыйла айырмалангандыктан, Б компаниясынын иш-аракети А компаниясынын товардык белгисине укуктарды бузбайт. Эгер А компаниясынын товардык белгиси жалпыга белгилүү болуп саналса, аны уу химикаттар үчүн пайдалануу адамдарды ойлондурат, мында А компаниясынын суусундугунда уу химикаттарынын даамы бар дегендей сезим калтырып, А компаниясынын кызыкчылыгына зыян келтирет. Бул учурда Б компаниясынын иш-аракети А компаниясынын товардык белгисинин кадыр-баркын төмөндөтөт, ушуга байланыштуу А компаниясынын товардык белгисине укуктар бузулат.

Товардык белгинин белгилүүлүк деңгээлин баалоодо бардык керектөөчүлөр эмес, максаттуу сегмент гана эске алынат. Көптөгөн продуктулар өзгөчө керектөөчүлөргө ээ. Мисалы: адистештирилген спорттук жабдуулардын айрым бренддери тиешелүү спортко кызыккан же машыккан керектөөчүлөргө белгилүү жана ага кызыкдар болбогон адамдарга белгисиз бойдон калат. Бул адамдардын бренддерди билбегендиги, товардык белгилер жалпыга белгилүү болуп саналбайт дегенди билдирбейт. Ушуга байланыштуу товардык белгинин белгилүүлүгүн аныктоодо, максаттуу топторго тиешелүү керектөөчүлөрдү гана сурамжылоо зарыл.

91. Товарларды катталган товардык белги менен милдеттүү түрдө коргоо керекби?

Товардык белгини каттоо аны пайдаланууунун милдеттүү шарты болуп саналбайт.

Ошого карабастан, катталбаган товардык белгилерди пайдалануу бир кыйла укуктук тобокелдиктерге алып келет. Көптөгөн өлкөлөрдө товардык белгилерге укуктар өтүнмөнү биринчи берген ээсинин принциби боюнча берилет. Башкача айтканда, ким биринчилерден болуп өтүнмө берсе, ал пайдаланылганбы, анысына карабастан, товардык белгиге өзгөчө укук берилет.

Эгер компания катталбаган товардык белгини пайдаланса, аны кимдир бирөө каттоодон өткөрөт деген тобокелдик болушу мүмкүн. Бул учурда компания өзүнүн товардык белгисин биринчи башталган көлөмүнүн чегинде гана пайдалана алат жана пайдалануу чөйрөсүн кеңейте албайт. Мындан тышкары эгер окшош белгилерге кылдат издөө жүргүзүлбөсө, катталбаган товардык белги башка жакка тиешелүү катталган товардык белгиге окшош же бирдей болушу мүмкүн, бул үчүнчү жактын товардык белгисине укуктарды бузуу тобокелдигине алып келет. Катталбаган товардык белгинин негизинде жалпыга белгилүү брендди түзүү бир кыйла күч-аракеттерди жана каражаттарды талап кылат. Каттоодо каттоочу өзүнүн товардык белгисин пайдаланууга өзгөчө укук алат жана товардык белгиге өз укуктарынын туруктуулугуна ишенимдүү болот, анткени эч кандай башка

уюм. жеке жак же жактардын тобу аны уруксатсыз пайдалана алышпайт.

92. Товардык белгинин айырмалоо жөндөмү деген эмне?

Товардык белгинин айырмалоо жөндөмү - бул товардык белги боюнча товардын же кызмат көрсөтүүнүн келип чыгышын белгилөөгө мүмкүндүк берүүчү айырмалоо белгилери. Эгер белги товардын келип чыгышын аныктоого мүмкүндүк бербесе, ал товардык белгинин функциясын аткарбайт. Товардык белгинин айырмалоо жөндөмүн алуу марафондо чуркаганга окшош. Стартта атайын артыкчылыкка ээ болуу маанилүү, андан дагы жолдон чыгып кетпей чуркоо өтө маанилүү.

Компания ойлоп чыгарган SONY, Haier жана Kodak сыяктуу неологизмдер Apple, Shell, Amazon жана ушу сыяктуу колдонулуп жаткан сөздөргө караганда өтө эле айырмаланып турат. Бирок брендди түзүү боюнча жүргүзүлгөн олуттуу иш-аракеттерди тастыктап, Apple товардык белгиси өтө эле белгилүүлүккө жетише алган.

Эгер товардык белгини түзүүдө жаңылыштык кетирилсе, мисалы: товардык белгини каттоо жөнүндө тыюу салуучу жобо бузулса, сиз жогоруда аталган марафонго катыша албайсыз. Мисалы: эгер логотип мамлекеттик гербге өтө окшош болсо, аны каттоодон баш тартылат. Эгер жаңылыштык менен катталып калса дагы, анын каттоосу жараксыз болуп жарыяланат.

Ушундай товардык белги эски автомобилге окшош, ал оңдолбойт жана кайсы учурда болбосун бузулуп калышы мүмкүн.

Товардык белгинин айырмалоо жөндөмү аларга белгилеген товарларга же кызмат көрсөтүүлөргө байланыштуу болот. Мисалы: Apple товардык белгиси компьютерлерди жана мобилдик телефондорду маркалоо үчүн пайдалануда айырмалоо жөндөмүнө ээ экендиги шексиз, бирок ширеде бул товардык белги пайдаланылган учурда ушул касиетине ээ болбойт, анткени адамдар Apple алма ширесин билдирет деп ойлошот.

93. Жалпы аталышы деген эмне?

Товардык белгилер жөнүндө мыйзамдардын контекстинде жалпы аталыш мыйзамдын же жалпы кабыл алынган пайдалануунун күчү менен жалпы болуп калган продуктунун аталышын белгилейт. Термин жалпы болуп саналабы, аны аныктоодо улуттук жана (же) тармактык стандарттар эске алынат. Эгер керектөөчүлөрдүн максаттуу сегменти аталышы товарлардын классын белгилейт деп эсептесе, аны жалпы аталышы деп эсептөө зарыл, ал жалпы кабыл алынган колдонуунун натыйжасында ушундай болуп калган. Каралуучу аталыш кесиптик маалымдамада же сөздүктө продуктунун аталышы катары көрсөтүлгөн факт, бул термин жалпы кабыл алынган колдонуунун натыйжасында жалпы мүнөзгө ээ болдубу же жокбу, ушуну аныктоодо маалымдама маалымат катары пайдаланылса болот. Жалпы аталышы – бул товардын белгиленген түрүнүн жалпы аталышы, ал товардын келип чыгышын аныктоого мүмкүндүк бербейт. Ал товардык белги катары корголбойт, анткени айырмалоо жөндөмүнө ээ эмес.

Соодада мындай товардык белгинин ээси өзүнүн товардык белгисин товардын аталышы катары пайдаланган учурда келип чыгышы мүмкүн, мында атаандаштар анын кылганын кайталашы жана өзүнүн товарларын ушул жактын товардык белгиси менен атап башташы дагы мүмкүн. Эгер товардык белгинин ээси ага өз укуктарын коргоо үчүн күч-аракеттерин жумшабаса, белги натыйжада товарлардын классынын жалпы аталышы болуп калышы мүмкүн. Ушул учурдан тартып товардык белги товардын келип чыгышын көрсөтүү боюнча негизги функциясын жоготот жана натыйжада мындан ары товардык белги катары пайдаланылбай калат.

94. Товардык белгилерде кандай элементтер пайдаланылышы мүмкүн?

Товардык белги адамдын сезүүсү аркылуу товардын келип чыгышын аныктоого жардам берет. Адамдар көздөрү, кулагы, мурду жана башка органдары аркылуу билдирүүлөрдү билишет, айрыкча көздөрү аркылуу. Практикада көрүүгө мүмкүн болгон товардык белгилер эң кеңири жайылтылган. ТРИПС боюнча макулдашууга ылайык мүчө-мамлекеттер каттоо шарты катары белгилерди визуалдуу кабыл алынгандай талап кылууну сунуштайт.

Визуалдуу кабыл алынуучу товардык белги катары пайдаланылуучу элементтерге сөздөр, тамгалар, сандар, сүрөт элементтери жана түстөр кирет. Албетте товардык белги эки же андан көп ушундай элементтерден турушу

мүмкүн. Мисалы: Microsoft корпоративдик товардык белгиси сөздөн жана сүрөттөн турат.

ТРИПС боюнча макулдашууда товардык белги катары каттоого мүмкүн болгон элементтерди сыпаттоодо көлөмдүү (үч чендүү) белгилер айтылган эмес. Бирок Европа бирлиги (ЕБ), Кытай жана АКШ сыяктуу көптөгөн өлкөлөр жана аймактар аларды товардык белги катары каттоого уруксат беришет. Көлөмдүү товардык белгилердин белгилүү мисалдары болуп "Кока-кола" айнек шишеси, Ferrero Roher шоколад конфетинин тышкы көрүнүшү жана Zippo тутандыргычтын формасы саналат. Практикада көлөмдүү товардык белгилерге экспертиза жүргүзүүдө көпчүлүк учурда абдан катуу талаптар коюлат, ведомство көлөмдүү товардык белгилер узак убакыт пайдаланылгандыгы жана айырмалоо жөндөмүнө ээ болгондугу тууралуу далилдерди талап кылышы мүмкүн.

Үн товардык белгиси сыяктуу салттуу эмес белгинин артыкчылыгы төмөнкүлөрдөн турат, мында ал керектөөчүлөргө психологиялык кыйытма жиберет. Көптөгөн беделдүү компаниялар өзгөчө үн белгилерине ээ. Мисалы: керектөөчүлөрдүн көпчүлүгүнө Metro-Goldwyn-Mayer фильмдери башталганда арстандын ырылдап үн чыгарганы жана Motorola компаниясынын Hello Moto үнү белгилүү. Кытайда, ЕБда жана анын мүчө-мамлекеттеринде, ошондой эле АКШда таанылган үн товардык белгилери бар.

Жыпар жыт товардык белгилер (жыт билүү аркылуу кабыл алынат) чанда гана пайдаланылат. Мисалдын бири - 1990-жылы АКШнын Патенттер жана товардык белгилер боюнча ведомствосунун товардык белгилерге байланыштуу Талаш-тартыштарды жана апелляцияларды карап чыгуу боюнча кеңеши тарабынан жактырылган плюмериндин жыты менен OSEWEZ компаниясынын саймалоо үчүн жиптери.

95. Эмне үчүн айрым белгилерди товардык белгилер катары каттоого болбойт?

Товардык белгилер керектөөчүлөр менен өндүрүүчүлөрдүн ортосундагы байланыштыруучу көпүрө болуп саналат, ал керектөөчүлөргө продукт менен анын келип чыгышынын ортосундагы ассоциацияны орнотууга жана алар сатып алгысы келген товарларды туура тандоого жардам берет. Бирок өлкөнүн же мамлекеттик гербдин аталышы менен окшош товардык белги товарлардын келип чыгышын көрсөтүүгө жөндөмдүү эмес, ошондой эле товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн келип чыгышына байланыштуу чаташтырууга алып келет жана өлкөнүн кадыр-баркын дагы түшүрөт. Башка адамдардын диний ишенимин кемсинтүүчү же расалык басмырлоого пропагандалаган белги дагы товардык белги катары пайдаланылбайт.

Мындан тышкары, так эмес жана жаңылышуга алып келген билдирүү камтылган белги товардык белги катары катталбайт, мисалы: тутандыргычка байланыштуу пайдаланылуучу "таза платина" деген фраза керектөөчүлөрдө тутандыргыч таза платинадан жасалганы тууралуу жалган сезимдерди калтырат.

96. Товардык белгилерге укуктарды коргоонун көлөмү кандай аныкталат?

Товардык белги эки бөлүктөн турат: белги жана ушул белги көрсөтүүчү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр. Мисалы: компьютерлерге байланыштуу пайдаланылуучу Apple товардык белгиси жана смартфондор үчүн пайдаланылуучу Apple товардык белгиси – бул эки башка товардык белги. Өтүнмө ээси товардык белгини каттоого өтүнмө берүүдө белгини жана алар менен белгиленүүчү товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү тандап алышы зарыл.

Бирок товардык белгини коргоо товардык белгини каттоо жөнүндө күбөлүктө көрсөтүлгөн белги жана товарлар менен чектелбейт; эгер ал тиешелүү түрдө окшош товарларга жайылтылбаса, мындай коргоону жеңил эле айланып өтсө болот. Мисалы: OLAY жана OKLY белгилери adidas жана odidas белгилери сыяктуу абдан окшош. Натыйжада алар керектөөчүлөрдү жаңылышууга алып келет. Башка мисалды карап көрөлү: минералдык дагы жана ашкана газдалган суусу дагы (көмүр кычкыл газы кошулган кадимки суу) суусундуктарга кирет, бирок эгер минералдык суу үчүн катталган товардык белги ашкана суусунда жайгаштырылган болсо аларды жеңил эле чаташтырууга болот. Эки товардын окшоштук деңгээлин баалоо үчүн Белгилерди каттоо үчүн товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык жиктемеси кеңири колдонулат (Ницца макулдашуусу).

97. Товардык белги колдонулуп жаткан товардык белгилерге укуктарды бузуп жаткандыгын кантип аныктоого болот?

Товардык белгиге укуктарды бузуу фактысын аныктоодо эки аспект эске алынат: (1) алар менен белгиленген эки белгинин жана товарлардын ортосундагы окшоштук жана (2) чаташуунун келип чыгуу божомолу. Эгер "Полярный медведь" деген эки бирдей товардык белги болсо жана алардын бири кир жуучу күкүм үчүн, ал эми экинчиси муздаткычтар үчүн пайдаланылса, керектөөчүлөрдү жаңылышууга алып келбеши мүмкүн, анткени булар ар башка товарлар. Бул эки товардык белги тынч эле колдонула берсе болот. Эки башка товардык белги, мисалы: окшош товарларды, тактап айтканда мобилдик телефондорду маркалоо үчүн пайдаланылуучу Huawei жана Apple ошондой эле бири биринин укуктарын бузбайт.

Эки товардык белгинин окшоштугун баалоодо "керектөөчүлөрдүн тиешелүү тобунун жалпы көңүл бурушу", "жалпы кабыл алуу" жана "обочо салыштыруу" стандарттары пайдаланылат. Ушул ыкманын алкагында мааниси боюнча керектөөчүлөрдүн сатып алуу процесси моделденет. Мисалы: керектөөчүлөр супермаркетте өздөрү каалаган бренддердин товарларын сатып алгысы келсе, алар адатта көрүү эс тутумуна ишенип, издешет. Ушундай товарды таап, керектөөчүлөр аны кошумча изилдеп көрбөстөн эле, себетке салышат. Ар түрдүү товарды керектөөчүлөр адамдардын ар түрдүү категорияларына кирет жана ар түрдүү деңгээлде көңүл бурушат. Мисалы: эреже катары, жогору квалификациялуу медициналык жабдууларды сатып алуучулар жана зер буюмдарды сатып алуучулар адаттагы биринчи кезектеги муктаж болгон сатып алуучуларга караганда, өтө кылдат көңүл бурушат.

Товарлардын ортосундагы окшоштукту аныктоодо товарлардын функциялары, пайдалануу максаттары, өнөр жай сектору, сатуу каналдары жана керектөөчүлөр сыяктуу факторлорду эске алуу керек. Кока-кола жана минералдык суу суусундуктарга кирет жана супермаркетте адатта бир текчеде турат – булар окшош товарлар. Товарлардын эки түрүн салыштыруу үчүн Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн Ницца жиктемесин пайдалануу өтө ыңгайлуу. Бирок керектөөчүлөрдүн пикири боюнча алар ар түрдүү класска кирсе дагы, эки продуктунун өз ара кандайдыр байланышы бар деген жетишерлик далилдери болсо, анда бул фактор Ницца жиктемесине караганда, мааниси салмактуу болот.

98. Ницца жиктемеси деген эмне?

Товардык белгилерди каттоо үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жиктөө максатында 1957-жылдын 15-июнунда Франциянын Ницца шаарында Ницца макулдашусуна кол коюлган, ал 1961-жылдын 8-апрелинде күчүнө кирген. Ницца макулдашусуна ылайык товарлар 34 класска, ал эми кызмат көрсөтүүлөр 11 класска бөлүнөт, бул товардык белгилерди издөөнү жана аларды башкарууну абдан жеңилдетет. Айрым өлкөлөрдө, мисалы: Кытайда жана Японияда класстар топторго бөлүнөт. Топтор эреже катары, окшош мүнөздөгү товарлардан турат жана бул өтүнмө ээлерине алардын ортосундагы жалпы көрүнүштү жана ушул товарлар үчүн кандай коргоо көлөмү караштырылганын сезип, билүүгө жардам берет.

Мисалы: Ницца жиктемесинин (2017-ж.) 11-редакциясына негизделген Окшош товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кытай таблицасы "кийим, бут кийим, баш кийим" деген 25-класстын окшош товарларынын 13 тобун караштырат. 2501 "кийим" тобуна ондогон товарлар кирет, анын ичинен "жумуш комбинезондору 250010", "жумуш кийими 250010", "свитерлер 250034", "пуловерлер 250034", "көйнөктөр 250042", "кыска жеңдүү көйнөктөр 250044" жана "кийим 250045".

Өтүнмө ээси өтүнмө берип жатып, конкреттүү товардын аталышын көрсөтүшү керек, мисалы: "кийим" тобун же "кийим, бут кийим, баш кийим" классынын аталышын эмес, "свитер" деп көрсөтүшү керек.

99. Товардык белгилерди каттоо принциби эмнеден турат?

Өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы байланыш каражаты катары товардык белгилердин маанилүү ролу каттоонун натыйжасында эмес, пайдалануу процессинде ишке ашырылат. Товардык белги товарда же анын таңгагында же товардын жарнамасында пайдаланылышы мүмкүн. Көптөгөн компаниялардын ой-пикири боюнча масштабдуу жарнамалык кампаниялар алардын товардык белгилеринин белгилүүлүгүн жогорулатуунун маанилүү ыкмасы болуп

саналат. Бирок эгер товардык белгилерди ушунчалык маанилүү болсо, эмне үчүн көптөгөн өлкөлөрдүн товардык белгилер жөнүндө мыйзамдарына ылайык товардык белгинин ээси адатта биринчи пайдаланылган принциби боюнча эмес, биринчи өтүнмө берген өтүнмө ээсинин принциби боюнча аныкталат.

Товардык белгинин ээсинин биринчи өтүнмө ээсинин принциби боюнча аныктамасы мурдагы пайдалануучулардын кызыкчылыгына туура келбейт деген түшүнүккө алып келиши мүмкүн, бирок бул ыкма товардык белгинин укук ээсин аныктоо үчүн так стандарттарды караштырат, ушуну менен бирге товардык белгилерди башкарууну жана талаш-тартыштар келип чыккан учурда, сот өндүрүшүн жеңилдетет. Биринчи пайдалануу принциби тескерисинче, мурдагы пайдалануучулардын укуктарын сактоого мүмкүндүк берет, бирок ээсин аныктоодо кыйынчылык келтирет. Талаш-тартыш келип чыккан учурда, териштирүү жана далилдерди чогултуу кыйынчылык келтириши мүмкүн. Товардык белгилерге туруктуулук жок болгондо, ишкерлер өзүнүн товардык белгилерин илгерилетүүгө каражаттарын жумшоону каалашпайт. Жалпысынан биринчи өтүнмө ээсинин принциби биринчи пайдалануу принцибине караганда артыкчылыктуу жана дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрү тарабынан кабыл алынган.

100. Товардык белгинин формалдуу талаптарга ылайык келишине жана маңызы боюнча экспертиза жүргүзүү деген эмне?

Товардык белгилер боюнча улуттук ведомстволор товардык белгилерди каттоого өтүнмөлөргө экспертиза жүргүзүүдө эки ыкма колдонушат: маңызы боюнча экспертиза жана формалдуу экспертиза. Маңызы боюнча экспертиза колдонулган өлкөлөрдө товардык белгилер боюнча ведомство өтүнмөгө формалдуу, ошондой эле маанилүү талаптарга ылайык келүү предметине экспертиза жүргүзөт. Эгер өтүнмө каттоо талаптарына ылайык келсе, ал каттоодон өткөрүлүүгө жактырылат; ылайык келбесе, өтүнмө кайтарылып берилет. Формалдуу экспертиза колдонулган өлкөлөрдө товардык белгилер боюнча ведомство өтүнмөнүн материалдарынын формалдуу аспектилерине жана жол-жоболук маселелерине негизги көңүлдү бурат. Эгер өтүнмө ээси формалдуу талаптарды аткарса, каттоо жүргүзүлөт. Маңызы боюнча экспертиза пайдаланылган юрисдикцияда дагы ал ар түрдүү көлөмдө жүргүзүлөт. Кытай, Япония жана АКШ сыяктуу өлкөлөрдө товардык белгилер боюнча органдар өтүнмө кандайдыр бир тыюу салуучу жоболорду бузбадыбы жана ал катталган товардык белгиге анын кайсы бир кыйла мурдагы укугуна карама-каршы келбедиби, ушуларды аныктоо үчүн товардык белгини каттоого өтүнмөнүн бардык аспектилерин экспертизадан өткөрүшөт. ЕБ жана анын мүчө-мамлекеттери сыяктуу дүйнөнүн башка бөлүктөрүндө ведомстволор товардык белгини каттоого өтүнмөнүн тыюу салуучу жоболорго ылайык келишин гана текшеришет.

101. Товардык белгинин каттоосуна каршы жана каттоону жараксыз деп таануга каршы пикирлердин системалары деген эмне?

Көптөгөн өлкөлөрдө товардык белгини каттоого өтүнмөгө формалдуу экспертиза өткөргөндөн кийин жана каттоонун алдында өтүнмөнү жарыялашат. Эгер кимдир бирөө өтүнмө товардык белгилер жөнүндө мыйзамдардын тыюу салуучу жоболоруна же анын жеке укуктарына жана кызыкчылыгына карама-каршы келгендигин байкаса, ушул жак товардык белгини каттоого тоскоолдук кылуу үчүн каршы пикирин билдире алат. Эгер кызыкдар жак каршы пикирин билдирүү мөөнөтүн өткөрүп жиберсе жана товардык белги ийгиликтүү катталып калса, ал каттоону жараксыз деп таануу жөнүндө өтүнмө бере алат.

Товардык белгиге укуктарды коргоону кароодо, каттоого каршы пикирин билдирүү каттоону жараксыз деп таануу жөнүндө доо арызына караганда бир кыйла майнаптуу. Каршы пикирин билдирүү жол-жобосунун алкагында каршы пикирин билдирген жак өтө пайдалуу абалда болот, анткени товардык белгини каттоого өтүнмө дагы эле канааттандырылбаган болот. Каттоону жараксыз деп таануу жөнүндө доо каттоодон кийин товардык белгиге укуктарды талашууну билдирет. Ушундай доо арызы канааттандырылганга чейин тиешелүү товардык белги жараксыз болуп эсептелинет. Мындан тышкары, каттоону жараксыз деп таануу сот көзөмөлүнүн тартибинде текшерүүгө таандык, ушунун натыйжасында процесс созулат.

102. Товардык белгинин маселелери боюнча кызыкчылыктарды билдирүү деген эмне?

Өтүнмө ээси анын атынан товардык белгини каттоого өтүнмө берүү үчүн товардык белгилер жөнүндө агенттикти (же ишенимдүү өкүлдү) тартууга укуктуу. Товардык белгини каттоого өтүнмөнү тариздөө көп убакытты алгандыктан (көпчүлүк учурда бир жылдан ашык убакыт кетет), татаал укуктук жана жол-жоболук талаптарды аткарууну талап кылат жана көптөгөн күтүлбөгөн тоскоолдуктар менен байланыштуу болушу мүмкүн, бул милдетти аткаруу үчүн мыйзамдар менен караштырылган тишелүү жол-жоболорду жана процесстерди билүү талап кылынат. Тиешелүү тажрыйбага ээ болгон, товардык белгилерге экспертиза жүргүзүүнү жана сот териштирүүлөрүн жана эрежелерди түшүнүүчү Товардык белгилер боюнча агенттик кырдаалды так баалай алат жана кардарга келип чыккан көйгөйдү чечүүгө жардам бере алат. Мындан тышкары, көптөгөн өлкөлөрдө эгер өтүнмө ээси өтүнмө берүүчү өлкөдө жашабаса же ишканасы болбосо жана анын расмий кабарландыруу алуу үчүн дареги жок болсо, ведомстводо өтүнмө ээсинин кызыкчылыгын билдирүү үчүн ишенимдүү өкүлдү тартуу милдеттүү болуп саналат.

103. Байланыштуу (бирдей) товардык белгилер деген эмне?

Товардык белгини коргоо көлөмү белги, ошондой эле алар менен белгиленген товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр менен аныкталат. Товардык белгини коргоо көлөмүн кеңейтүү жана анын кадыр-баркы менен башкалардын пайда алуусуна тоскоолдук кылуу үчүн өтүнмө ээси бир катар окшош белгилерге өтүнмө бере алат жана коргоонун суралуучу көлөмүнө көбүрөөк товарларды киргизе алат.

Байланыштуу белгилер деп товардык белгинин ээси тарабынан бирдей же окшош товарлар үчүн катталган окшош товардык белгилердин тобун же катарын аташат. Мисалы: өзүнүн ®^^ товардык белгисин коргоо үчүн China Wahaha Group тобу ошондой эле Ппй®, ЙЙ^, 1ШЙ, ^1Ш, WAHAHA жана WA HA HA товардык белгилерин каттоодон өткөргөн.

104. Коргоочу товардык белгилер деген эмне?

Коргоочу товардык белгилер – бул окшош товардык белгилер, аларды товардык белгинин ээси бир нече класстардын товарлары же кызмат көрсөтүүлөрү үчүн каттоодон өткөрөт. Жебелерден коргоочу калкан сыяктуу коргоочу товардык белгилер мүмкүн болгон бузуулардын алдын алуу максатында товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн чөйрөсүн кеңейтүү үчүн пайдаланылат. Мисалы: кытай Lenovo тобу өзүнүн LENOVO товардык белгисин товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык класстары үчүн каттоодон өткөргөн.

Товардык белгинин ээси аны пайдаланууга милдеттүү. Эгер товардык белги катары менен үч жыл пайдаланылбаса, ал жокко чыгарылат. Кытай менен кошо, көптөгөн өлкөлөрдө байланыштуу жана коргоочу товардык белгилерди жокко чыгаруу коркунучу бар. Эгер товардык белгинин ээси өзүнүн негизги товардык белгисин гана пайдаланса, байланыштуу жана коргоочу товардык белгилер пайдаланылбагандын натыйжасында жокко чыгарылышы мүмкүн. Бирок кимдир бирөө жокко чыгаруу жөнүндө доо арызын бергенге чейин ушундай доо арызы дагы канааттандырылбайт, бардык ушул товардык белгилер күчүндө кала берет. Коргоочу товардык белгилер – бул мааниси боюнча товардык белгинин эзсине кошумча акчасы үчүн коопсуз зонанын чектерин бекемдөөгө мүмкүндүк берүүчү стратегия.

105. Товардык белгилерди коргоонун күчүнүн мөөнөтү кандай?

ТРИПС боюнча макулдашууга ылайык товардык белгини коргоонун мөөнөтү жетиден кем эмес жылды түзөт; 10 жыл каттоо мөөнөтү эң эле кеңири жайылтылган. Мындан тышкары, катталган товардык белгинин күчүнүн мөөнөтү чектелбеген жолу узартылышы мүмкүн. Патенттер, товардык белгилер дагы өнөр жай менчигине кирсе дагы, товардык белгилердин күчүнүн мөөнөтү узартылат, ал эми патенттердин күчүнүн мөөнөтү узартылбайт.

Товардык белгилер мааниси боюнча коммерциялык белгилөөлөр болуп саналат. Алардын баалуулугу коммерциялык иште пайдалануунун натыйжасында келип чыккан беделине байланыштуу болот. Эгер товардык белгинин каттоо мөөнөтүн узартуу караштырылбаса, коргоонун күчү бүткөндөн кийин коргоо алып салынат жана товардык

белгинин ээси ага жумшаган каражатын жоготот. Мындан тышкары, рыноктогу түшүнбөстүктөргө алып келет, анткени керектөөчүлөр мурда билген бренддердин товарларын сатып ала алышпай калышат.

Патенттелген ойлоп табуу – бул интеллектуалдык жетишкендик, анын баалуулугу ойлоп табуучунун чыгармачылыгынын натыйжасында келип чыгат, ушуга байланыштуу техникалык маселенин чечимдеринин саны көпчүлүк учурда чектелген. Эгер патенттерди чектелбеген санда узартуу мүмкүн болсо, бул укук ээсине белгиленген технологияны чектелбеген мезгилге монополиялаштырууга мүмкүндүк бермек, бул илимий-техникалык прогрессти кечеңдетип, коомдук кызыкчылыктарга зыян келтирмек.

106. Товардык белгинин ээси эмне үчүн аны пайдаланууга милдеттүү?

Эгер патенттин, б.а. өнөр жай менчигинин, ээси өзүнүн патентин пайдаланбаса же жетишерлик деңгээлде жигердүү пайдаланбаса, мажбурлоо лицензияларынын зарылдыгы келип чыгат, бирок ойлоп табуудан укуктук коргоону алып салууга алып келбейт. Экинчи жагынан, товардык белгинин ээси аны пайдаланууга укуктуу. Эгер товардык белги катары менен үч жыл пайдаланылбаса, ал жокко чыгарылышы мүмкүн.

Товардык белгинин колдонулушу аны пайдаланууга байланыштуу болот. Эгер аны узак убакытка унутушса, ал өзүнүн товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн келип чыгышын белгилөө функциясын жоготот. Укук жагынан алсак, мындай товардык белги бар, бирок иш жүзүндө ал жок болуп саналат. Мындан тышкары, өтүнмө ээлери жакшы угулган, эсте калуучу жана таанылуучу товардык белгилерди тандоого умтулушат. Бирок мындай аталыштардын санынын чектелгендиги өкүнүчтүү, ошондуктан товардык белгилердин реестринен узак убакыт колдонулбаган товардык белгилерди чыгарып, ушуну менен бирге товардык белгилерди каттоо боюнча ресурстарды ылайыкташтыруу менен реестрди тазалоо зарыл.

107. Кайсы кыйла мурдагы укуктар товардык белгилерге болгон укуктар менен чыр-чатакка алып келиши мүмкүн?

Укуктук системада ар түрдүү укуктар бири-бири менен чыр-чатакка алып келет жана товардык белгилерге укуктарда дагы кезигет. Товардык белгилерге укуктар кыйла мурдагы автордук укуктар, фирмалык аталыштарга, өнөр жай үлгүлөрүнө, атына же тышкы көрүнүшүнө укуктар менен чыр-чатак келип чыгышы мүмкүн.

Товардык белги товардын келип чыгышын көрсөтөт, ал эми фирмалык аталыш атайын ишкананы белгилейт, ушуга байланыштуу экөө тең коммерциялык белгилөөлөр болуп саналат. Эгер кимдир бирөө товардык белги катары жалпыга белгилүү компаниянын фирмалык аталышын каттоого аракеттенсе, мисалы: P&G, ал P&G фирмалык аталышына укуктарды бузат.

Товардык белгини түзүү үчүн пайдаланылуучу сүрөт элементтери жана музыка, ошондой эле автордук-укуктук коргоонун объектилери болуп саналат. Эгер сиз автордук укук менен корголгон искусство чыгармасын же музыканы товардык белги катары каттоодон өткөрсөңүз, сиз кыйла мурдагы автордук укуктарды бузган болосуз.

Товардык белги катары көлөмдүү белги боло алат. Ал эми эстетикалык жагымдуу жана өнөр жайда пайдаланылуучу өнөр жай үлгүлөрү көпчүлүк учурда көлөмдүү болушат. Ошондуктан товардык белгилерге укуктар ошондой эле өнөр жай үлгүсүнүн кыйла мурдагы укуктарына карама-каршы келиши мүмкүн.

Атына жана тышкы көрүнүшүнө укуктар жеке укуктарга кирет. Практикада, эгер белгилүү адамдын аты уйкашы өз атын товардык белги катары каттоого өтүнмө берсе, товардык белгилер боюнча ведомство ак ниет пайдалануунун чегинен чыккан коомдук кызыкчылыкты бузуу себеби же белгилүү адамдын атына байланыштуу чыр-чатактын себеби боюнча каттоодон баш тартат.

108. Товардык белгилерди монополиялык, өзгөчө жана жалпы лицензиялоо деген эмне?

Монополиялык лицензиялоо – бул лицензияга ылайык товардык белгинин ээси өзүнүн товардык белгисин бир гана лицензиатка

ИМдин башка түрлөрүнүн негиздери



115. Интегралдык микросхемалардын топологияларын коргоо эмне үчүн зарыл?

Чип же жарым өткөргүч катары белгилүү болгон интегралдык микросхема атайын белгиленген функциялары менен электрондук схеманы түшүндүрөт. Жарым өткөргүч технологиялардын жардамы менен ага резисторлор, конденсаторлор жана транзисторлор, ошондой эле алардын ортосундагы агын өткөрүүчү жолчолор сыяктуу жөнөкөй электрондук компоненттердин белгиленген саны туташтырылат. Интегралдык микросхемалар маалыматтык технологиялардын негизги индустриясы жана анын тез өсүшүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Алардын техникалык деңгээли жана өнүгүү баскычы өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн жана жалпы мүмкүнчүлүгүнүн маанилүү көрсөткүчтөрү болуп калды.

Интегралдык микросхемалар жаатындагы инновациялар компоненттердин үч чендүү схемалары жана интегралдык чынжырлардын байланышы же интегралдык микросхемалардын топологиялары деген аталышы түрүндө аткарылат. Жаңы эң эле чоң интегралдык микросхеманы өзүнчө иштеп чыгууга эреже катары, бир нече жыл жана миллиондогон долларлар кетет. Схеманы ушундай мыйзамсыз чыгаруудан кийин, аны сатууда болгону бир нече ондогон миң доллар түшөт. Интегралдык микросхемалардын мүнөздөмөлөрүнө жараша аны колдонулуп жаткан патенттик системасынын же автордук укук системасынын каражаттары менен коргоону камсыздоо мүмкүн эмес. Интегралдык микросхемалардын топологияларын мыйзамсыз көчүрмөлөөдөн коргоо жана ушундай иш-аракеттерге бөгөт коюу үчүн атайын мыйзамдар зарыл.

116. Интегралдык микросхеманын топологиясы менен өнөр жай үлгүсүнүн ортосундагы айырмачылык кандай?

Интегралдык микросхеманын топологиясы дагы жана өнөр жай үлгүсү дагы графикалык дизайндын продукту болуп саналат. Бирок ИМдин ушул эки түрүнүн ортосунда маанилүү айырмачылыктар бар. Өнөр жай үлгүсү эстетикалык өзгөчөлүктөрү менен жана сыртынан билинип турган дизайнердик чечимди билдирет, ал эми интегралдык микросхема товардын ичине орнотулат жана биринчи кезекте электрондук компоненттердин жайгашуусуна байланыштуу болбогон техникалык функциялары бааланат. Интегралдык микросхеманы иштеп чыгуунун максаты төмөнкүлөрдөн турат: интеграциянын деңгээлин жогорулатуу, материалдарды үнөмдөө жана энергияны пайдалануну төмөндөтүү – патенттерге колдонулуучу аныктыгын эмес чен белгисин аткаруу, көрсөтүлгөн параметрлер боюнча кыйынчылык келтирет. Ушул себеби боюнча интегралдык микросхемалар патенттик коргоого тиешелүү эмес.

117. Интегралдык микросхеманын топологиясы менен автордук укуктун ортосундагы айырмачылык кандай?

Автордук укук менен корголуучу графикалык чыгармаларга анын инсандыгын улантуу катары автордун идеяларын билдирүү үчүн пайдаланылуучу сөздөр, графикалык элементтер же символдор кирет. Ар башка авторлор бир эле эпизодду таптакыр ар түрдүү жазышат. Мисалы: уся жанрындагы кытай романдарынын авторлорунун стилдери (күрөш искусствосу жана рыцарлык) өзүнчө мүнөздүү белгилерге ээ: Цзинь Юндун жазуу стили масштабдуулугу жана көркөмдүүлүгү, Лян Юйшендин стили адабияттык тереңдиги жана кылдаттуулугу, ал эми Гуи Лундун стилинин өзгөчөлүгү жана таң калтыргандыгы менен айырмаланат.

Бирок интегралдык микросхемалар электрондук компоненттер жана алардын ортосундагы байланыштар аркылуу белгиленген электрондук функцияларды аткарат. Негизинде идея берилсе дагы, ал тиешелүү функцияларга байланыштуу болот, ошентип конструктордун өз инсандыгын билдирүү үчүн көп деле мүмкүнчүлүгү болбойт. Ошондуктан интегралдык микросхемалар автордук укук менен корголбойт.

ИМ укуктарынын көз карандысыз формасы катары интегралдык микросхеманын топологиясына укук айрым мүнөздөмөлөргө ээ, алар аны автордук укук менен патенттердин ортосуна, автордук укукка жакыныраак коюшат. Ушул себеп боюнча аны айрым учурда "өнөр жай автордук укугу" деп аташат. Автордук укук системасы интегралдык микросхеманын топологиясына өзгөчө укук сыяктуу, башкаларга көз карандысыз ушундай окшош чыгармаларды жаратууга тыюу салбайт.

Коргоо деңгээлине байланыштуу айта турган болсок, интегралдык микросхеманын топологиясына укук автордук укукка караганда, алсызыраак корголот. Ал башкаларга көчүрмөлөөгө гана тыюу салып, микросхемалардын топологияларынын кайтма иштелмесин иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Башкача айтканда, колдонулуп жаткан интегралдык микросхеманын топологиясынын окшош модификациясы ага карата укук бузуу болуп эсептелбейт. Ал эми автордук укукта окшош модификация кыйла мурдагы укуктарды бузуу болуп саналышы мүмкүн.

Мындан тышкары, микросхеманын топологиясын коргоонун мөөнөтү автордук укукту коргоонун мөөнөтүнөн абдан эле кыска. Микросхеманын топологиясы каттоого өтүнмө берген датадан же дүйнөнүн кайсы өлкөсүндө болбосун, биринчи жолу коммерциялык пайдаланылган датадан тартып 10 жыл корголот. Көптөгөн өлкөлөрдө чыгармага автордук укук автордун өмүрү өткөнгө чейин жана өмүрү өткөндөн кийин 50 жыл же эгер автор юридикалык жак болуп саналса, чыгарманы жараткандан кийин 50 жыл корголот.

118. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортуна укуктар деген эмне?

Өсүмдүктөрдүн жаңы сорту жасалма же табигый жолу менен чыгарылышы мүмкүн. Жаңы, айырмалануучу, бир түрдүү жана туруктуу касиеттерине ээ болгон өсүмдүктөрдүн сорттору корголот. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторунун системасы менен патенттик системанын көптөгөн жалпылыгы бар. Ошондуктан Францияда жана Германияда өсүмдүктөрдүн жаңы сорттору

мурда патенттер менен корголгон. Патенттер техниканын көпчүлүк жаатында ойлоп табууларды коргогондуктан, өсүмдүктөрдүн жаңы сортторуна укуктар өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун гана коргойт жана көптөгөн өзгөчө касиеттерге ээ, көптөгөн өлкөлөрдө өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо атайын мыйзамдар менен жөнгө салынат.

Өсүмдүктөрдүн жаңы сортун каттагандан кийин селекциялык материалды уруксатсыз эч ким коммерциялык чыгарууга же сатууга укугу жок. Эгер автор өсүмдүктүн жаңы сортуна укук алса, башкаларга укук ээсинин макулдугун албастан ушул сорттун өсүмдүгүн өстүрүүгө же анын көчөттөрүн сатууга тыюу салынат.

119. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортунун жаңылыгы деген эмне?

Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоонун системасын түзүүдө көптөгөн өңүттөр патенттик системадан алынган, бирок анын өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Эгер ойлоп табуу макалада жарыяланса, ачык пайдаланылса жана радио же телекөрсөтүү аркылуу уктурулуп, көрсөтүлсө, бул анын жаңылыгына терс таасирин тийгизет. Өсүмдүктүн жаңы сортун айтсак, аны жаңылыгынан ажыратуунун жалгыз ыкмасы – бул аны базарда сатуу. Бул айырмачылык өсүмдүктүн жаңы сортунун өзгөчө мүнөзү менен байланыштуу. Өсүмдүктүн жаңы сорту жөнүндө жазуу түрүндөгү документти алуунун өзү эле адиске бул сортту чыгарууга мүмкүндүк бербейт.

120. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортунун айырмалуулугу деген эмне?

Өсүмдүктүн жаңы сортунун "айырмалуулугу" патенттин "ойлоп табуучулук деңгээлине" эквиваленттүү. Өсүмдүктөрдүн ар түрдүү сорттору ар түрдүү касиеттерге ээ, алар "ойлоп табуучулук деңгээлинин" чен белгиси боюнча баалоого тиешелүү эмес. Ошондуктан "айырмалуулук" түшүнүгү киргизилген. Өсүмдүктүн жаңы сорту белгилүү сорттордон ачык айырмаланып турушу керек.

121. Өсүмдүктөрдүн жаңы сортунун бир түрдүүлүгү жана туруктуулугу деген эмне?

Өсүмдүктөрдүн жаңы сортунун бир түрдүүлүгү жана туруктуулугу патенттелүүчү ойлоп табуунун колдонууга жарамдуулугуна окшош. Патент системасынын алкагында ойлоп табууну коргоо шарты болуп өнөр жайда колдонулушу, б.а. анын өнөр жайда кеңири колдонулушу саналат. Ушундай эле түрдө өсүмдүктүн жаңы сортун коргоонун шарты болуп бул сортту кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүгү саналат. Ушул шартты аткаруу үчүн өсүмдүктүн бул сортунун кийинки мууну өзүнүн белгилери боюнча бир түрдүү болушу керек. Мисалы: эгер кызыл хризантеманын уругунан өстүрүлгөн, кийинки муундун гүлдөрү ар түрдүү түскө ээ болсо, сорт бир түрдүүлүктүн талаптарына жооп бербейт.

Мындан тышкары өсүмдүктөрдүн сортторунун начарлашы катары көрүнүшү дагы кезигет. Сорт туруктуу белгилерин сактап калуу жөндөмдүүлүгүн аныктоо үчүн убакыт талап кылынат. Мисалы: эгер ушул жылы буудайдын белгиленген сорту 1 му 750 кг түшүм берсе (1 кытай му = 1/15гектар), анда кийинки жылы түшүмдүүлүк 500 кг чейин, ал эми үчүнчү жылы 400 кг чейин төмөндөйт, албетте ал туруктуулук талабына жооп бербейт.

122. Географиялык көрсөткүч деген эмне?

Адамдар жашаган ар бир жердин өзгөчө касиеттери бар жана алар ушунусу менен айырмаланып турат. Көптөгөн жерлерде өзгөчө тамак-аштарды даярдашат. Ар түрдүү жерде бышырылып, даярдалган бир эле продукттун даамы ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы: шарапты (вино) алалы. Жакшы шарапты тандалган жүзүмдөн жасашат, анткени ичимдиктин касиети эмнеден даярдалганына жана даярдоо ыкмасына байланыштуу болот. Жүзүмдүн сорттору, климат, топурак, нымдуулук жүзүмдү сугарып-каруо жана шарап жасоонун технологиясы – ушул алты фактор шараптын касиетин аныктайт. Мисалы: Францияда, Шампаниде даярдалган шампанское жогорку сапаты жана өзгөчө касиети менен белгилүү.

Башка мисал: Дунтин билочунь кытай чайынын белгилүү сорту, анын жалбыректары үлүлдү элестетип, ичке спиралдарга жеңил оролуп, туруктуу жыпар жыттуу жана абдан даамдуу. Юньнань провинциясынан ферменттелген пуэр жеңил жыпар жыттуу, суюктукка кызыл түс жана таттуу даам берет, ал эми ушул жердеги ферменттелбеген пуэр таза жыпар жыты менен айырмаланып,

суюктукка кызгылт сары түс берет жана даамы туруктуу.

ИМ укуктарына байланыштуу айтсак, анда алардын сапаттары жана мүнөздөмөлөрү толугу менен (же негизинен) географиялык региондун шарттары менен аныкталган ушул жалпыга белгилүү тамак-аш продуктулары көпчүлүк учурда географиялык аталыштардын жардамы менен далдаштырышат. Каттоодон кийин ушундай географиялык аталышты "географиялык көрсөткүч" (ГК) же келип чыккан жеринин аталышы деп аташат.

123. Географиялык көрсөткүч менен товардык белгинин ортосундагы айырмачылык кандай?

Географиялык көрсөткүчтөр дагы, товардык белгилер дагы товарлардын келип чыгышын көрсөтүүчү белгилер болуп саналат. ГК конкреттүү продукт белгиленген аймакта чыгарылгандыгын көрсөтөт жана натыйжада өзгөчө касиеттерге жана мүнөздөмөлөргө ээ, ал эми товардык белги менен конкреттүү компаниянын товарлары же кызмат көрсөтүүлөрү белгиленет. Товардык белгинин кадыр-баркы ишкананын ишинин, жарнаманын жана ал тууралуу коомчулуктун ой-пикирининен негизинде калыптанат, ал эми ГКнын кадыр-баркы жаратылыштын өзгөчөлүгүнө жана маданий мураска негизделет. Ошондуктан товардык белгини өткөрүп берүүгө мүмкүн, ал эми ГКны өткөрүп берүү мүмкүн эмес.

124. Ак ниет эмес атаандаштык актысы деген эмне?

Париж конвенциясына ылайык ак ниет эмес атаандаштык актысы деп өнөр жай жана соода иштеринде туура колдонууга каршы келген атаандаштыктын кандай болбосун актысы эсептелинет.

Негизинен төмөнкүлөргө тыюу салынган:

(1) атаандаштын ишканасына, продуктуларына же өнөр жай же соода ишине байланыштуу кандай ыкмалар менен болбосун аны четтетүүгө алып келген бардык иш-аракеттер;

(2) атаандаштын ишканасын, продуктуларын же өнөр жай же соода ишин дискредитациялоого жөндөмдүү коммерциялык ишти жүзөгө ашыруудагы жалган бекитүүлөр жана

(3) коммерциялык ишти жүзөгө ашырууда коомчулукту товарлардын мүнөзүнө, даярдоо ыкмасына, касиеттерине, колдонууга жарамдуулугуна же санына байланыштуу жаңылышуга алып келүүчү көрсөтмөлөр же бекитүүлөр.

125. Коммерциялык сыр деген эмне?

Ачыкталбаган маалымат катары белгилүү болгон коммерциялык сыр төмөнкү чен белгилерге жооп берет: (1) бул коомчулукка белгилүү болбогон сыр; (2) ал үчүнчү жактарга белгилүү болбогондуктан жана коммерциялык иш үчүн маанилүү болгондуктан коммерциялык баалуулукка ээ (эгер ал эч кандай баалуулукка ээ болбосо, ал ИМ укуктарынын бири болмок эмес) жана (3) маалыматтын мыйзамдуу ээси купуялуулукту камсыздоо боюнча жүйелүү чараларды көргөн.

Жалпысынан ИМдин коргоо объектилеринин көпчүлүгү ачыкка чыгарылышы зарыл, анын натыйжасында алар патенттик коргоонун, товардык белгилерди жана автордук укукту коргоонун объектилери болуп калат. Бирок коммерциялык сырды коргоонун милдеттүү шарты болуп алардын "купуялуулугу" саналат жана алардын мазмуну коомчулукка белгилүү болбошу керек. Ушуга байланыштуу көпчүлүк учурларда коммерциялык сырлар бир кыйла атаандаштык артыкчылыгын берет жана коомдун көңүлүн өзүнө көбүрөөк бурат.

126. Патенттик коргоонун жана коммерциялык сырды коргоонун шарттамдары эмнеси менен айырмаланат?

А компаниясы өзүнүн ойлоп табуусуна патент алды дейли. Эгер А компаниясынын патентти коргоо көлөмүнө башка жактын технологиясы кирсе, патентти бузган технология ушул жак тарабынан иштелип чыкканбы же А компаниясынын патенттелген технологиясы менен көчүрмөлөнүп алынганбы, буларга карабастан патентти бузуу болуп саналат. Коммерциялык сырды коргоо боюнча башкача. Коммерциялык сырды бузуунун маанилүү белгилеринин бири болуп ак ниет ишкер практикага каршы келген ыкма менен маалымат алуу саналат, мисалы: уурдоо аркылуу, пара үчүн ж.у.с. Эгер башка адам технологияны өзүнүн күчү менен же кайрадан

долбоорлоо аркылуу иштеп чыкса, бул коммерциялык сырды бузуу болуп саналбайт.

Бирок бул патенттик коргоо коммерциялык сырды коргоодон бардык жактан жогору болушу мүмкүн дегенди билдирбейт. Патенттик коргоонун мөөнөтү чектелген, ал эми коммерциялык сыр иш жүзүндө анын купуялуулугун камсыздоо үчүн тиешелүү чаралар кабыл алынып жаткан, белгиленбеген мөөнөткө корголот. Мисалдардын бири болуп "Кока-кола" формуласы саналат. Мында ойлоп табуу болуп продукт эмес, ыкмасы саналганда, бул ыкманы башка жак пайдаланганын далилдөө кыйынчылык келтирет. Ал эми далилдердин жоктугу, өз кезегинде соттук тартипте укуктарды коргоого өтө эле кыйынчылык келтирет. Бул учурда згер ыкманы алуу татаал болсо, аны коргоо үчүн коммерциялык сырдын шарттамын колдонуу ойдогудай болот. Албетте, бул шарттамды колдонуу үчүн технология дагы "сыр" бойдон калышы зарыл. Эгер башка адам ушундай эле технологияны жарыяласа, коммерциялык сырды коргоонун мааниси деле жок болуп калат. Мындан тышкары, эгер укук ээси өзүнүн технологиясын коммерциялаштырууну, аны акцияга алмаштырууну жана башка жактарга аны пайдалануга лицензия берүүнү кааласа, коммерциялык сырдын шарттамына караганда, патенттик коргоо ылайык келет. Технологияны адамдар канчалык көбүрөөк пайдаланса, ошончолук маалымат кеңири жайылтылат.

Негизинен патенттик коргоону же коммерциялык сырдын шарттамын тандоодо ар түрдүү факторлорду эске алуу зарыл.

127. Салттуу маданиятты эмне үчүн коргоо зарыл?

"Салттуу маданият" деп биз өлкөнүн цивилизациясынын өнүгүшүнүн жүрүшүндө калыптанган анын мүнөзүнүн бөтөнчө өнүттөрүн атайбыз. Адатта салттуу маданиятка элдик адабият жана искусство, салттуу кол өнөрчүлүк жана элдик каада-салттар кирет.

Эл аралык коомчулук салттуу маданиятты коргоого байланыштуу консенсуска келген, бирок өз убагында ушул максат үчүн кандай укуктук моделди колдонуу керек экендиги тууралуу узакка созулган талаш-тартыштар болгон. Андан дагы ИМ системасынын алкагында деги эле салттуу маданиятты коргоонун кереги барбы деген суроо көптөгөн келишпестиктерге алып келген. Практикада салттуу маданият автордук укук, өнөр жай менчигинин укуктары, атаандаштыкты коргоо жөнүндө мыйзамдар, салттуу маданият жөнүндө мыйзамдар жана (же) өзгөчө укуктарды коргоо каражаттары менен корголот. Мисалы: Кытайда салттуу маданиятты коргоо үчүн "Материалдык эмес маданий мурас жөнүндө" Мыйзам кабыл алынган.

128. Эл аралык коомчулук генетикалык ресурстарды кандай коргойт?

1992-жылы Биологиялык ар түрдүүлүк жөнүндө конвенцияны (БАК) кабыл алганга чейин генетикалык ресурстар бардык адамзаттын кенчи болуп эсептелчү жана укуктук коргоонун объекти болгон эмес. Ушул убакта өнүккөн өлкөлөр өздөрүнүн технологиялык артыкчылыгын өнүккөн өлкөлөрдүн генетикалык ресурстарын алуу үчүн пайдаланышкан, бул аларды иштеп чыгуу жана пайдалануу максатында ишке ашырылган жана натыйжада ушундан бир кыйла экономикалык пайда алышкан.

БАК генетикалык ресурстарга байланыштуу мамлекеттин эгемендик принцибин аныктайт. Мүчө-мамлекеттер "алдын ала ойлонуп макулдашуу" жана "өз ара макулдашылган шарттардын" негизинде генетикалык ресурстарды пайдалануудан пайда менен алмаша алышат. Генетикалык ресурстарга жетүүнү камсыздоо жана аларды пайдалануудан пайданы ак ниет жана бирдей негизде биргелешип пайдалануу боюнча 2002-жылы кабыл алынган Бонн колдонмо принциптери (Бонн колдонмо принциптери) генетикалык ресурстарга жетүүнү камсыздоо жана аларды пайдалануудан пайданы ак ниет жана бирдей негизде биргелешип пайдалануу жол-жоболорун уюштуруу боюнча милдеттүү күчкө ээ болбогон колдонмону түшүндүрөт. 2010-жылы кабыл алынган Нагоя протоколу организмдерди чогултуунун жана өзгөчө кызыкчылыктарды бөлүштүрүүнүн так эрежелерин аныктайт, ушуга байланыштуу артыкчылыктарды алмашуу механизмдери өркүндөтүүгө көмөктөшөт. Айрым өлкөлөр ошондой эле өзүнүн патенттик системаларына генетикалык ресурстарды коргоону киргизген. Мисалы: "Патенттер жөнүндө" КЭРдин Мыйзамынын 5-беренесине ылайык мыйзамсыз алынган же пайдаланылган генетикалык ресурстардын негизинде жасалган ойлоп табууларга патенттик укуктар берилбейт.

БИБЛИОГРАФИЯ

Cui Guobin (2016). *Patent Law: Principles and Cases*. Beijing: Peking University Press.
Dong Tao, (2006). *Patent Claims*. Beijing: Law Press.
Huang Hui (2016). *Trademark Law*. Beijing: Law Press.
Liu Chuntian (*et al.*) (2000). *Intellectual Property Law*. Beijing: Higher Education Press and Peking University Press.
Liu Yinliang (2010). *Intellectual Property Law*. Beijing: Higher Education Press.
Shen Rengan and Zhong Yingke (2003). *Introduction to Copyright Law* (Revised Edition). Beijing: Commercial Press.
Supreme People's Court of the People's Republic of China (SPC) and WIPO (2019). *WIPO Collection of Leading Judgments on Intellectual Property Rights: People's Republic of China 2011–2018*. Beijing and Geneva: SPC and WIPO.
Wang Qian (2014). *Course on Intellectual Property Law*. Beijing: Renmin University of China Press.
WIPO (2017). *Introduction to Intellectual Property: Theory and Practice*, Second Edition. Alphen aan den Rijn: Wolters Kluwer.
Wu Handong, Liu Jianwen (*et al.*) (2002). *Intellectual Property Law*. Beijing: Peking University Press.
Wu Handong (2013). *General Introduction to Intellectual Property Rights*. Beijing: Renmin University of China Press.
Yin Xintian (2011). *Detailed Explanation of Chinese Patent Law*. Beijing: Intellectual Property Publishing House.